Побродив с наслаждением с полчаса по берегу озера и собрав еще несколько интересных раковин, между прочим, два виды Planobris, PL. Marqinatus u PL. Limophilus, **мы повернули к месту выхода из гор реки Курменты и прошли по дороге через указанное нам нашими проводниками поле памятной нам битвы, в которой пал в 1854 году знаменитый между каракиргизами манап Урман. Он был поражен смертельно сыном Бурамбая Кылычем ударом копья, попавшим ему прямо в сердце. Урман умер в юрте Коджигула, двоюродного брата Бурамбая, на руках прискаквшей к нему дочери, бывший замужем за Эмирзаком, вторым сыном Бурамбая. В** битве участвовали с обеих сторон до 6000 всадников и, несмотря на гибель Урмана, сарбагыши одержали полную победу. Это было ещё в **1854** году, а с тех пор, до моего прибытия в **1857** году, бугинцы потреяли все свои владения на Иссык-Куле, простиравшиеся за середину озера, как на Терскее, так и на Кунгее, и удалились на Санташ.

Во время своих продолжительных разговоров о сражении с кара-киргизами я имел случай расспросить их о характере иссык-кульских зим. Из этих расспросов оказалось, что озеро никогда не замерзает, но зимы на нём бывают холодны, и хотя снега выпадает очень мало, по небольшие бухты озеро, до которых не достигает прибой волн, покрываются льдом.

От выхода реки Курменты из гор мы употребили час-два на переход через выступ Заилийского Алату, отделяющий выходы из гор параллельных рек Курменты и Шагы, и, достигнув последней, мы повернули к северу вверх по её долине с тем, чтобы исследовать её до самой вершины горного прохода, ведущего здесь через Кунгей-Алатау.

По долине Шаты мы поднимались вверх около часа, прежде чем дошли до первых елей, под которыми и расположились на биваке, посреди густой растительности, в 3 часа пополудни, у подножья сиенитовых скал. Казаки принялись разбивать мою палатку и собирать тезек (кизяк, то есть помёт) для разведения огня и приготовления пищи.

www.bizdin.kg

а я. ботанической капсулькой на плече и геологическим молотом в руках, немедля пошел пешком в гору для того, чтобы скорее добраться до альпийской зоны.

Растительность горного ската была роскошна. Выше стройных елей поднимались ещё горные кустарники крепкий арчай (Cotoneaster nummularia), таволга (Spiraea oblonqifolia), шиповник (Rosa qebleriana schr.) красная смородина (Ribes rubrum), отчасти перевитые горным клематисом (Atraqene alpina). Появились и некоторые горные растения, не растущие на прибрежьях Иссык-Куля, как-то: жёлтый Aconitum Lycoctonum, гиалайская Anemone falconeri, алтайский горошек (Lathyrus altaicus) и широколистый гималайский ревень (Rheum emodi).

www.bizdin.kg

# СОВРЕМЕННЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ И СТАТЬИ ОБ ОРМОН ХАНЕ

## МИР, ИСПЫТАННЫЙ ВРЕМЕНЕМ

*Доолотбек Сапаралиев*
*Кандидат исторических наук*

(ЦГА РКФ. И. 374 Оп. 1 .Л. Д. 1669.118 -119)

Сто пятьдесят лет назад двадцать второго августа 1847 года в крепости Копал (ныне казахский город Талды-Курган) был заключен договор о дружбе между султанами и биями Старшего и Среднего жузов и кыргызскими манапами и биями. Историческое значение соглашения, инициатором которого, как сообщает документы, выступало русское пограничное руководство в лице «начальника сибирских киргизов генерал-майора Н. Вишневского», трудно переоценить.

Это означало конец двухгодичного, хоть и эпизодического, но крупномасштабного братоубийства, начатого походом в 1845 году все казахского хана Кенесары Касымова, смушевшего на время восстановит вновь казахское ханство. Известно, сто усилия Кенесары имели трагические последствия. В местечке Май-Тюбе весной 1847 года (близ Токмака) хан и его сподвижники погибли, а многие воины были пленены. И, естественно, пепел взаимной мести еще не был развеян окончательно. И вот благодаря энергичным посредническим действиям России, к сожалению, не всегда последовательным и не лишенным меркантильных интересов, наступило долгожданное перемирие, по существу не нарушаемое уже полтора столетия. И, дай Бог, на вечные времена.

Примечательно, что историки до сегодняшнего дня не могли точно сказать, состоялось ли данное событие вообще, ибо содержание второй кыргызской части соглашения

www.bizdin.kg

не было известно. Недавно в фондах Центрального госархива Казахстана мы обнаружили ее копию. И поскольку появилась возможность соединить и сопоставить обе части, учитывая огромную значимость документов, приводим их содержание полностью.

а) 1847 года августа 22 дня. Мы, ниже сего приложившие собственные тамги кыргызского народа бии, присланные по доверенности народа нашего к пограничному начальнику сибириских киргизов генерал-майору Вишневскому, дали сие условие в том.

1-е. Обязуемся с народом киргиз (т.е. казах —- *Д.С.)* Большой и Средней орды как подданными Великого Российского государя жить дружно и в спокойствии и, не делать баранты (угон скота - *Д.С.),* грабеж и смертоубийства, возникаемые между нами незначительные разборы удовлетворять обоюдно по решению нашим степным законом.

2-е. Проходящим через места наших кочевьев караванам и торговцам не делать никаких притеснений, а напротив оказывать им защиту и по возможности пособие.

Условие сие обязуемся соблюдать свято и не нарушим, а в случае малейшего неисполнения мы подвергаем себя ответственности гнева Божия.

На подлинном приложили печати:

*Уметали Урманов, Джантай Атекин.*

Тамги: *Джалантуш* (видимо, описка — вернее *Джангарач — Д. С.), Исхожин и Токтор Каравчинуров.*

*Верно: секретарь* Иван Яценко».

б) 1847 г. августа 22 дня. Мы, ниже сего приложившие печати, тамги султаны и бии Большой орды в присутствии г-на пограничного начальника сибирских киргизов генерал-майора Вишневского с манапами и почетными людьми кыргызского народа заключили между мобой следующее условие:

1 -е. Обязуемся с кыргызовским народом жить дружно и в спойкойствии, не делать баранты, грабежа и смертоубий ства, возникаемые между нами разные претензии удовлетворять обоюдно по решению нашими степными законами.

2-е. Ежели мы нарушим обоюдное наше спокойствие барантою, грабежом и смертоубийством, то подвергаем себя гневу Божию и взысканию по российским законам.

Подписали и приложили тамги: *Али Адилев, Акиш Аблаев, Рустем Асфандиаров, Сюк Аблаев, Булень Шанхаев, Тувганбай Конгельдин, Ачаке Даирбеков, Супатай Алибеков, Дикамбай Кобсалов, СарыАлтаев».*

Двустороннее соглашение было составлено параллельно на русском и казахском языках и, по-видимому, кыргызская ее часть (подлинника, существование которого уже не вызывает сомнения, хотя пока и не обнаруженного) на русском и кыргызском. Как видно, документ вполне соответствал нормам международного права. Данное обстоятельство наряду с другим являются наглядным свидетельством того, что кыргызы, в середине XIX века имели независимое кочевое государство, полноценно выступавшее субъектом международных отношений в центральноазиатском регионе. Инициируя заключение акта перемирия, Российская империя практически признала это государство, что подтверждают архивные и иные источники, во главе с ханом Ормоном Ниязбек уулу.

Как видно из письма последнего начальнику сибирских киргизов Н. Вишневскому от 24 октября 1847 года, участники Копалского перемирия от киргизов Уметалы Ормон уулу, Джантай Атекин (вернее Карабек уулу). Джангарач Эшходжо уулу, Токтор Каравчинуров были уполномочены автором письма, который в его конце подписался, как «главный манап каракыргызовский», что говорит о его реальном верховенстве в своем государстве. И это дает ответ на волнующий знатоков санжиры и историков вопрос о степени значительности Ормона или Джантая на этом этапе истории кыргызов.

В свое время (1944 году), известный историк, впоследствии академик Б. Джамгерчинов дал характеристику этому периоду как «эпохе Ормон хана», за что поплатился притеснениями власть имущих (1955 г.). Тема надолго заглохла и до сих пор не получила достойного исследования. И сегодня, когда с высоких трибун, со страниц прессы, в научной литературе бытуют утверждения об отсутствии киргизского кочевого государства (речь не идет о государстве енисейских кыргызов VII - XII веков), то это вызывает глубокое сожаление по поводу шапкозакидательского нашего отношения к своей истории, к памяти великих предков.

*Ц Г А Республики Казахстан. Ф. 3. Оп. I. Д. 3. Л. 35 обор.*
*№ 441 28 декабря 1851 г. Копал.*

# ОРМОН ХАН - ӨЗ ДООРУНУН ЧЫГААН ИНСАНЫ

*Аскарбек Беделбаев*
*Тарых илимдеринин кандидаты*

Кылымдарды карыткан кыргыз элинин карт тарыхында эл-журтунун жүгүн аркалаган көптөгөн эр-азаматтары болгону талашсыз. Мезгилдин өтүшү менен алардын ысымдары уламышка айлана, элдик оозеки чыгармалардын каармандарына айланган. Буга көчмөн турмуштун жана жоокерчилик замандын айынан кыргыздардын байыркы жазуу-сызмасын жоготушу белгилүү деңгээлде шарт түзгөн. Андыктан кыргыз эли өзүлөрү аздектеп урматтаган чыгаан инсандарынын өмүр жолун, жасаган өрнөктүү иштерин муундан-муунга оозеки даңазалай, санжыргалуу санжырага киргизишкен. Бирок, кыргыз элинин өнүгүүсү үчүн көптөгөн жакшы нерселерди берген совет доорунда, партиялык тоталитардык режимдин ашкере саксынган саясатынын кесепетинен, көптөгөн элдер өзүлөрүнүн мыкты уул-кыздарына татыктуу баа бере албай келгени белгилүү. Ошентсе да андай инсандардын ысымы элдин көкүрөгүндө сактала, муундан-муунга өткөрүлүп келе жаткандыгын айкындыкка багыт алган акыркы он жыл даана көрсөттү. Ар түрдүү улуттар менен бирге кыргыз эли да өзүнүн түпкүрдөгү тарыхын жана көчмөн коомдун өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон инсандарын калыс таразалоого аракеттенүүдө. Албетте, мындай татаал маселени талдоодо ар кыл кайчы пикирлер айтылып, нукура чындыкты табуу кыйынга туруууда. Бирок, акырындык менен адилдиктин көзү ачылып, чыгаан инсандар тарых барактарынан татыктуу ордун ала, айкелдери орнотулуп, маарекелери өткөрүлүп жатышы кубанычтуу саамалыктардын бири. Бул багытта жүргүзүлүүчү албан иштер али алдыда. Анткени өмүр жолу, ишмердүүлүгү тактоону талап кылган тарыхый инсандарыбыз арбын.

Алардын бири XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз элинин башын бириктирип, өзүнчө мамлекеттүүлүгүн негиздөөгө аракеттенген коомдук-саясий ишмер, чебер дипломат жана көрүнүктүү аскер жетекчиси Ормон Ннязбек уулу болгон. Ал тууралуу орус жазма булактарында, кошуна, тектеш элдердин тарыхый даректеринде, кыргыз элинин оозеки чыгармаларында арбын маалыматтар сактал-

www.bizdin.kg

гандыгына жана советтик мезгилдеги тарых илиминде белгилүү деңгээлде изилдөөлөр жүргүзүлгөнүнө карабастан, Ормон хаидын көп кырдуу ишмердүүлүгү али таасын баасын ала элек. Бул багыттагы илимий эмгектердин орчундуусу белгилүү тарыхчы-илимпоз, маркум К. У. Усенбаевдин өмүрүнүн акыркы жылында даярдаган «Ормон хан» китеби болуп саналат. Окумуштуунун бул саамалыгы келечекте Ормон хандын дидарын терең ачууга кызмат кылаары шексиз.

Бизге жеткен ар кыл маалыматтарга караганда Ормон Ниязбек уулу 1790 -92 жылдары Чүй бооруңдагы сарыбагыш уруусунун тектүү үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Анын чоң атасы Эсенгул баатыр 1770 — 75-жылдары казак жортуулчулары Көкжал Баракка жана Абылай ханга каршы турган кыргыз урууларын жетектеп, даңазага жетишкен. Эсенгул баатырдын алгт уулунун бири Ниязбек да журт башкарып, биринчи аялынан сегиз, экинчисинен бир уулдуу болгон. Уулдарынын ысымдары — Бердибек, Бердикожо, Субан, Ормон, Ажы, Шатен, Кожобек, Ырыскулбек жана Түлкү деп аталып, баардыгы тең эр жеткенде журт бийлешкен. Андыктан эл оозунда «Ниязбектин сегиз бек, телегейи тегиз бек, теменеси болот бек» деген нускалуу лакап кеп сакталып калган. Бул — көчмөн элдердин, анын ичинде кыргыздардын, зээндүү, идиреги бар балдарын жаш кезинен эл, жер таанытып, нарктуу карылардын тарбиясына бере, эл камын көрө билүүгө даярдаганынын айкын күбөсү. Мындай нарктуу салт Борбордук Азияда кеңири таралганын өз учурунда европалык саякатчылар менен мамлекеттик кызматкерлер да баса белгилешкен.

Жогоруда аталган Ниязбектин сегиз бегинин ичинен төртүнчү уулу Ормон тарыхта өзгөчө орунду ээлейт. Ал бала күнүнөн чыйрак, беттегенинен кайра тартпаган көк жал, баамчыл болуп, коомдогу өзгөрүштөрдү кылдат талдоого алган. Ал мезгилдеги патриархалдык-феодалдык түзүлүштөгү уруулар аралык жаңжалдар, түбү бир элди ажырым кылган куру намыскөйлүк, тегерегиндеги бөтөн элдердин көз карандылыгында болуу сыяктуу көйгөйлүү маселелер Ормонду кыйла ой-толгоолорго түрткөнүн анын кийинки аракеттери ачык айгинелеп турат. Ал бой жеткен сайын оюу гана тереңдебестен, бою да абдан узара, алп денелүү, чап жаак, көргөн адам сүрдөгүдөй бүркүт кабак жигит болгондугу оозеки маалыматтарда байма-бай кездешет.

Он сегиз жаш курагында, болжолу 1808 - 10-жылдары

www.bizdin.kg

Ормон жоокерчилик замандын шартына жараша уруулар аралык чабышка катышып, саяк уруусунун колуна түшкөн жана сегиз айдан ашуун Жумгалда туткунда жүргөн. Атасынын катаалдыгынанбы, же мезгилдин талабынанбы, айтор салт боюнча мал берип уулун куткарып алуудан Ниязбек баш тартып коет. Ормон айласын таап, элине качып келгенден кийин журт башкарууга түздөн-түз аралаша баштайт. Айрым даректер боюнча 600 түтүндөн ашуун эли бар Ормондун айылы алгач азыркы Токмок шаарынын түштүгүндөгү Жылгын башы деген жерде туруп, кийин ата конушу Байсоорунду биротоло турактайт.

Бул мезгилде кыргыз жергесинде батыштан Кокон хандыгы, чыгыштан Цин империясы, түндүктөн Россия империясы көз арта, алардын ар бири өз алдынча бөлүп-жаруу, алдоо, коркутуу саясатын жүргүзүшкөн. Негизги максаттары Батыш менен Чыгышты байланыштырган маанилүү аймакты ээлөө, жаратылыш байлыктарын талап-тоноо, өз товарларын сатуу жана элди эзүү эле. Ал үчүн бир урууну экинчисине кагыштыруу, кур убадаларды берүү сыяктуу баскынчылык ыкмаларды кеңири пайдаланышкан. Мисалы, кытай төбөлдөрү көлдөгү бугу уруусунун башчыларына «кызыл шарик» наамын ыйгарымыш этсе, Кокон хандыгы Жумгалдагы белгилүү адамдарга даткалыкты берип, бири-бирине каршы коюуга аракеттенишкен. Натыйжада, жоокерчилик доорго мүнөздүү барымта алуу, чабышуулар күч алган. Ушундай кырдаалда Ормон жумгалдыктар менен тил табышып Төрөгелди баатыр башында турган болот уругун Шамшы ашуусу аркылуу Кочкорго көчүрүп барат. Бул Кокон хандыгынын акырындык менен Кыргызстандын түндүгүн ээлеп, чептерин кура баштаган мезгилге — 1825 — 30-жылдарга туура келет.

Ормондун туугандары Кочкорго байырлагандан тарта бугу менен саяк урууларынын арасындагы мал уурдоо, араздашуу кыйла деңгээлде тыйылат. Өзүнүн да канат-бутагы жайыла, өрүшү кеңейип, тегерегиндеги урууларга таасири күч ала берет.

Кыясы, Ормон жаратылышынан баамчыл, келечекти туура андай билген инсан болсо керек. Андыктан, өз айланасына кадыр-барктуу сөз билги чечендерди, ойчулдарды, баатырларды, усталарды жана өнөрпоздорду топтогон. Алар менен күн сайып баарлаша, кыргыз урууларынын ички абалын, кошуна мамлекеттердин өнүгүү жолун талдоого аракеттенген. Тектеш өзбек, казак хандыктары-

www.bizdin.kg

нын түзүлүшүн үйрөнүп, алардын негизинде чачкын кыргыз урууларын саясий жактан бириктирүү жана мамлекеттүүлүгүн негиздөөнү алдына максат кылып коет. Ал үчүн талбай иш жүргүзүп, өз дооруна жараша башка уруу башчылары менен мамиле түзгөн. Акырындык менен он миң түтүн сарыбагыш уруусунун башкы манаптыгына жетип, эки миң түтүндөн ашуун жакын урукташтарын Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаага чейин көчүрүп барган. Ушундай даярдыктардан кийин Ормон кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн негиздөө максатында Кыргызстандын түндүгүндөгү урууларды баш коштурган хандыкты түзүүгө белсенет. Көпчүлүк окумушгуулардын пикири боюнча 1842-жылы жай айларында солто, саяк, сарыбагыш, бугу, саруу, кушчу, черик урууларынын мыктылары Ысык-Көлдүн батышындагы Кызыл-Токой деген жайыкка кезектеги топту (жыйынды) өткөрүүгө чогулушкан. Адатта, бир-эки жыл сайын өткөрүлүүчү мындай топтордо уруулар аралык ички жана тышкы саясий маселелер талкууланып, жыйынтыгы чыгарылган.

Бул топто кезектеги маселелер каралгандан кийин, Ормон кыргыз коомундагы жалпы абалды мүнөздөп келип, бир хандыкка биригүү пикирин ортого коет. Элдик фольклордо бул тууралуу Ормон: «кыргызда кызыл тебетей бирөө эле болуш керек» — деп айтканы белгиленет.

Жантай Карабек уулу Ормонду хан көтөрүү сунушун киргизгенде бардыгы макул болушат. Байыртадан калган салт боюнча Ормонго кызыл бөрктүү тебетей кийгизишип (таажы ордуна), ак кийизге көтөрүп, хан деп жарыялашкан жана чырпык кыркып антташкан. Айрым даректер боюнча, топко туштүктөн айтылуу Алымбек датка да келип, бул жөрөлгөнү колдоорун билдирген экен.

Ормон хан тактыга олтургандан кийин топту жыйынтыктап, көчмөн калктын традициялуу мыйзамынын негизинде иштелген алгачкы жарлыгында уруулар аралык жаңжалды токтотууну, биримдикте болууну талап кылган. Ошону менен бирге ошол учурда мамлекеттерге таандык түзүлүштөрдү — сот, мыйзам иштеп чыгаруу, ички жана тышкы саясатты жүргүзүү жана аскер аппаратын түзүүгө, негизги атрибуттары — туу менен мөөрүн киргизүүгө аракеттенген. Хандыктын атайын кеңешин түзүп, анын башына белгилүү даанышман Калыгул Бай уулу менен Карабек Жантай уулун дайындаган. Чоң кеңештин ишине заңдын негизинде ички чыр-чатактарды чечүү тапшырылган. Ме-

www.bizdin.kg

дербек менен Миңназар коңшу мамлекеттер жана элдер менен тышкы саясат боюнча кеңешчиси Байсерке, элчилик, чабармандык милдет жүктөлгөн Саза, айыл тынчтыгын сактоо тапшырылган Алыбек Кетирекей уулу, өз уулу Чаргын, жалпы аскер башчысы Төрөгелди баатырлар катышышкан.

Мамлекеттик аппаратты түзүүдө Ормон хан негизинен жакындарына таянышы кетирген чоң мүчүлүштүгү эле. Себеби, буга чейин бытырандылыкта, өз урууларын жетектеп келген манаптардын бийликтен четте калышы наразылыктын өсүшүнө түрткү болгон. Адамзаттын өнүгүү тарыхында борборлошкон мамлекетти түзүүгө феодалдар каршы чыккандай эле, кыргыз уруу жетекчилери да өз алдынчалыгын сактоо үчүн Ормон хандын кыргыз мамлекетин негиздөөгө жасаган аракеттерине тымызын каршы турушкан.

Ошентсе да Ормон хан бийлик жүргүзгөн учурда Кыргызстандын түндүгүндөгү ички абал кыйла стабилдешип, уруулар аралык чыр-чатактар дээрлик тыйылганын жана коңшулаш мамлекеттер менен байланыштар жолго коюла баштаганын алгачкы кыргыз тарыхчысы Б. Солтоноев белгилеген.

Ормон хандын ордосу ата-бабаларынын негизги конуштарынын бири Ысык-Көл өрөөнүнүн түндүк тарабындагы Байсоорунда жайгашкан. Ал жердеги анын жүз баштуу ак өргөөсүндө туусу желбирей, окчунураакта кеңешчилеринин, дайыма күзөт жүргүзгөн кырк мергенинин, жакындарынын боз үйлөрү тигилип, андан ары устаканасы, атайын каздырган түрмө-зынданы, орнотулган даргасы болгон.

Ормон ханда ошол мезгил талап кылган баатырдык, сүрдүүлүк, каардуулук сыяктуу сапаттар бар эле. Ал дайыма таң эрте колдогу малын өзү карап, түшкө чейин эч кимди кабыл албастан, өзү же кеңешчилери менен ички жана сырткы саясий абалды талдоого алган. Иш менен келгендерди өзү тосуп, алардын айткандарын шашпай уга, жүйөөлүү жооп бергендигин, ачуусу келсе санын мыкчып алуу адаты бар экендигин замандаштары белгилешкен.

Коомдук-саясий ишмердүүлүгүнүн негизги багыты — уруулар арасындагы ынтымакты бекемдөө жана көз карандысыз күчтүү мамлекетти түзүүгө багытталган. Ал үчүн ар дайым Калыгул олуянын кенешин угуп, адилет болууга аракеттенген. Оозеки адабиятта кезиккен каардуулугу учурдагы тартипти чыңдоо шартына байланыштуу болсо керек. Уруулардын ичинде оз саясатын жүргүзүүдө белгилүү ма-

наптарга, жек-жааттарына таянууга аракеттенип, уруу үстүнөн бийлик жүргүзүүнү аларга ыйгарган. Ошентсе да көпчүлүк манаптар Ормон хандын түпкү оюн, асыл максаттарын түшүнбөстөн, аны кеңири колдоого алышкан эмес. Тескерисинче, басып алууга умтулган мамлекеттердин куру убадаларына, азгырыктарына жетеленген учурлар арбын болгон. Мындай аракеттер жаш кыргыз мамлекетинин бутуна турушуна кедерги боло, кайрадан бытырандылыкка жол ачкан.

Ормон хан өз айланасына сабаттуу адамдарды топтой, кыргыздардын кат-сабатын ачууга аракеттенген. Ал Россия менен Кытай империяларынын, Орто Азия хандыктарынын билимин, өнөрүн өздөштүрүү менен гана аларга теңтайлашууга мүмкүн экендигин даана түшүнгөн. Бул жөнүндө маалыматтар улуу ойчул Калыгулдун көөнөргүс мурастарында сакталып калган. Ормон хан кыргыздын бай тарыхын кагазга түшүртүү аракетин жасап, сабаттуу молдолорго санжырага негизделген «Жооп-наме» жаздырган. Өзү да тарыхты терең билүүгө умтула, элдик нарктуу каада-салтты бекем туткан. Б. Солтоноевдин билдирүүсү боюнча «Жооп-намеде» ислам дини, уруулардын таралуу тарыхы ыргатуу баяндалган. Ал кол жазма XIX кылымдын аягында аталган автордун колуна тийип, белгилүү эмгегин даярдоодо пайдаланылган.

Кыргыз элинин алгачкы агартуучу тарыхчыларынын бири О. Сыдыковдун 1914-жылы Уфада жарык көргөн «Тарих кыргыз Шадмания» аттуу китебинде Ормон хан бийликти бир жерде отуруп жүргүзбөгөндүгү, бейпилдикти сактоого аракеттене эл аралаганы, акылды алган ичкиликти ичпөөгө чакырганы белгиленген. Көрөгөчтүк менен жүргүзүлгөн мындай иштери жана акылы бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогондугу Ормон хандын чыныгы журт башы экендигинин айкын далили. Ал каардуу болгону менен патриархалдык көз караштын чегинен чыга аялзатын урматтай, аяр мамиле жасаган. Карапайым букаранын өтүнүчүнө да адилет мамиле жасап, көчмөн турмуштагы негизги чарбачылыкка — мал багууга да өзү аралашкан.

Ормон хан дooруна жараша тышкы саясатты да ыраат-туу жүргүзө билгенин көптөгөн жазма булактар күбөлөп турат. Өзгөчө Борбордук Азияны колонияга айландырууга умтулган орус падышачылыгынын өкүлдөрү менен жа-

www.bizdin.kg

зышкан маалыматтар кыйла арбын. Алардын кубаттуу Россия империясы менен тең ата байланыштарды түзүү аракетин, Кокон хандыгы менен кытайлыктардын саясатына болгон мамилесин ачык көрүүгө болот. Татаал кырдаалда алар менен тең салмактуулукту сактай, кыргыз хандыгын калыптандырууга аракеттенгени Ормон ханды тубаса дипломат деп баалоого мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын түндүгүн дээрлик каратып, жер-жерлерге чептерин куруп, алар аркылуу кыргыздардан салык алып турган Кокон башкаруучулары кыргыз мамлекетинин калыптанышына каршы турса дагы Ормон хан менен эсептешүүгө аргасыз болушкан. Андыктан ага бир аймактын бийлөөчүсү «парванчи» деген бийик наамды берүү менен Кыргызстанды Кокон хандыгынын бир бөлүгү деген түшүнүктү жайылтууга умтулушкан. Ормон хан бул титулду алганы менен, Кокон ордосунда төп көрүш башталган 1842-жылы Ысык-Көл кыргыздарын боштондук кыймылына көтөрө, алардын бир катар чептерин талкалаган. Жек көрүндү талоончулардан кутулуунун жолу катары орус падышачылыгынын өкүлдөрү менен байланыштарды түзүп, кат аркылуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Мындай кылдат саясат Цин бийлигинин басып алууга умтулуусун белгилүү деңгээлде тизгиндегени шексиз. Экинчиден, уруулар аралык жаңжалдардын да дээрлик токтолушуна алып келгем. Үчүнчүдөн, Көл, Теңир-Тоо кылаасындагы көчмөндөр Кокон хандыгына номиналдуу түрдө эле баш ийип, салык төлөө менен гана чектелишкен.

Ормон хандын алысты көрө билген саясатчылыгы казак элинин улуттук баатыры, он жыл бою Россиялык колонизаторлорго каршы күрөшкөн Кенесары Касымов менен мамилелешкен учурда даана көрүнгөн. Алда канча кубаттуу падышачылык аскерлердин кысымы астында Жети-Суу, Сыр-Дарыя чөлкөмдөрүнө чегинүүгө аргасыз болгон Кенесары Касымов 1845-жылы кыргыздарга элчилик жөнөтүп, алардын өзүн хан деп таанууну, биргелешип күрөшүүнү жана салык төлөп турууну талап кылган. Ормон хан өз кенеши, белгилүү уруу башчылары менен акылдашкандан кийин элчилерге: — «Кене улуулугумду сыйлап хандыкты мага берсин да калганын өзү билсин!», — деген жоопту айткан. Бул кыргыз мамлекетин чындоого жасалган аракет экендиги айдан ачык көрүнүп турат. Мындай шартты Кенесары хан да кабыл албай, арада эки элге унутулгус бүлүк салган чабыштар башталат. 1846-жылы казактар

кыргыз жергесине биринчи жортуул, 1847-жылы экинчи жортуул уюштурганы тарыхта кеңири маалым.

Боордош эки элдин ортосундагы жаңжалдын күч алышында «бөлүп-жарып, бийлей бер» саясатын жүргүзгөн орус падышачылыгы менен Кокон төбөлдөрү чоң роль ойногон. Аны көптөгөн жазма булактар, орус төрөлөрүнүн бизге жеткен каттары айкын далилдеп турат. Анткени падышачылык келишкис душманы Кенесары хандан кутулууну көздөсө, Кокон хандыгы ээлеген жерлеринен айрылып калуудан чочулашкан.

Кенесарынын Кыргызстанга жасаган жортуулу элдик оозеки адабиятта, советтик мезгилдеги тарыхчылардын эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Андыктан аны кеңири баяндоо зарылчылыгы жок. Тек гана Ормон хандын таланттуу аскер жетекчиси, стратег катары Кенесарынын аскерлерин талкалоодогу согуш ыкмалары менен чектелсек болот.

Ормон хан Кенесарынын колу экинчи кайрылып келээрине көзү жетип, аларды талкалоонун планын алдын ала даярдаган. Биринчиден, баардык уруу жетекчилерине даяр турууну жана жортуул башталганда чүйдүн элин чыгышка көчүрүүнү тапшырган. Экинчиден, душманды талкалоого ылайыктуу деп Токмоктун үстүндөгү Кара-Коңузду аныктап, жоокерлердин жайгашуучу жерлерин белгилеген. Үчүнчүдөн, Пишпектеги Кокон беги менен жортуулчулар келе жатканда алоологон от жагып белги берүүгө макулдашкан. Мындай учурда кол менен Теңир-Тоодо даяр турган кыргыз жигиттери салгылашууга 3 — 4 күндө жетип келишмек. Төртүнчүдөн, канатташ жашаган казак төбөлдөрү менен салгылашуу талаасынан кетип калуу жагы сүйлөшүлгөн. Бешинчиден, душман камоого алынганда Чүй суусун буруп, суусуз калтыруу жагы каралган.

Жортуулчулар келип, үч күн салгылашуулар жүргөндөн кийин кыргыз жигиттери баардык тараптан жардамга агылып келе башташкан. Алдын-ала сүйлөшүлгөн боюнча, ар бир жоокер чычырканак же караганды сүйрөткүгө ала, коктужылгаларды уюлгута чаңдаткан жана түнкүсүн ар бири өзүнчө от жаккан. Бул жоого психологиялык жактан катуу таасир берип, аларды дүрбөлөңгө түшүрүү үчүн иштелген эле.

Ормон хан да жоокерлери менен Байсоорундан чыгып, Кеминдин Кашка-Жолунун белине чыккандан тарта жогорудагы тактиканы колдонгон. Ошону менен бирге Орозбак баш болгон кернейчилерге бапылдата сурнай тарттырган. Мерчемдүү жерге келгенде аскер, уруу жетекчилеринин кеңешин өткөрүп, чечүүчү чабуулга кечинде өтөөрүн жана

www.bizdin.kg

бири-бирин таануу үчүн кийимдин сыртынан ак көйнөк кийүүнү тапшырган. Бул салгылашууда жортуулчулар биротоло жеңилип, Кенесары баш болгон кол башчылары туткундалып, тагдырлары трагедиялуу аяктаган. Жеңиште Ормон хандын саясий-коомдук ишмер гана эмес, ири аскер башчысы экендиги көрүнүп, анын кадыр-баркы өтө жогорулаган. Ошону менен бирге жеңиштин себеби эл өз эркиндигин коргогондугунда экендиги талашсыз.

Бул салгылашуудан алты ай өткөндөн кийин, 1847-жылы 22-августта Капал чебинде (Талды-Коргон) кыргыз-казак элинин ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн. Мунун демилгечилеринин бири Ормон хан болуп, келишимге кол коюуга уулу Үмөтаалыны, Жантай Карабек уулун, Жангарачты жана Токтор Карачоро уулун жиберген. Фольклордук маалыматтар боюнча, Кенесарынын карындашы Бопуйкан да кыргыздарга кун берип, казак туткундарын бошоткон жана достук мамилелерди калыбына келтирген.

Падыша өкмөтүнүн келишкис душманы Кенесарыны жок кылган кыргыз өкүлдөрүнө орус падышачылыгы атайын сыйлыктарды беришкен. Ормон хандын уулу Үмөтаалы башында турган он эки кыргыз Омскиге барып, алтын медалдарын алышкан. Ормон ханга подполковник чинин ыйгарышып, уулунан ага алтын медал, мактоо баракчасын жана алтын жиптери ийиндерине желбирете тигилген кооз чепкен берип жиберишкен. Мындай жол менен падышачылык кыргыз билермандарын өз боюна имерүүгө умтулган.

Ормон хандын тышкы саясатындагы көрүнүктүү иштеринин бири — тарыхка «Иле жүрүш» деген ат менен кирген, өзүнүн алты жүздөй түтүн айылы менен 1852-жылы кышында көлдөн Иле дарыясынын сол жээгиндеги казак жергесине көчүп баруусу болуп эсептелет. Көчүүнүн негизги себептери Кокон хандыгы менен мамиленин кескин начарлашы, казак-кыргыздардын өз ара барымталарынын күч алышы жана орус падышачылыгы менен тыгыз байланыштарды калыптандыруу эле. Бирок падышачылыктын өкүлдөрү казактар менен мамилени бузбоо үчүн Ормон ханды колдоого алган эмес. Анын үстүнө бул мезгилде колонизаторлор эки жүздүү саясатын уланта, бугу уруусунун башчысы Боромбай Бекмуратов менен өзүнчө тыгыз мамилелерди түзө баштаган. Болжолу, бу кабар Ормон ханга да жетсе керек. Андыктан 1853-жылы Илеге майор Перемышльский башында турган аскерлер Ормон ханды

орус букаралыгына өткөрүүгө ант алууга келгенде, окумал молдонун жоктугун шылтоолой ант берүүнү кийинкиге калтырган дагы, 1853-жылы күзүндө ата конушу Байсоорунга кайтып келген.

Падышачылыктын арамза саясатынын натыйжасында көлдөгү эки бир тууган элдин ортосундагы ажырым күчөй берген. Ага Ормон хандын көктүгү, кудасы Боромбайдын орустарга таяна хандык бийликти тоготпой коюшу да себепкер болгон. «Камыш коёнду, сөз эрди өлтүрөт» деп, сөз наркын өтө жогору баалаган эл ич ара кайым айтышуулардан аралары сууй берген.

Мындай шартта Боромбай 1854-жылдын аягында өз элчилерин Омскиге жөнөтүп, алар 1855-жылы 17-январда он миң түтүн бугулардын атынан орус букаралыгын кабыл алгандыгы тууралуу ант беришет. Түзүлгөн тарыхый кырдаалда Ормон хан бугулардын үшүн алып коюуну чечип, 1855-жылы март-апрель айларында чакан топ жигиттери менен Кутургуга келет. Мындай жүрүштү алдын ала боолголой камдуу турган бугу уруусунун жигиттери чабуулга өткөндө, Ормон хан кан төгүлбөсүн деген максатта жигиттерин артка жөнөтүп, өзү бирин-экин адамы менен жөө-жалаң калып калат. Бул, бир жагынан, көк жал тайманбастыгы, экинчи жагынан, хандыгымды сыйлашаар деген ички ишеним эле. Бирок тилекке каршы бузукулукка алдырган Балбай баатыр Ормон ханды аткарып жатып, жеңине ката келген найзасынын учу менен катуу жарадар кылат. Ормонду Боромбайдын келини, өз кызы Куландын үйүнө түшүрөт. Көп узабай Ормон хан көз жумат. Бугу эли кеңешип туруп, хан сөөгүн атан төөгө жүктөшөт дагы, кызы Куландын коштоосунда конушуна жөнөтүшөт. Ошентип Ормондун сөөгү Байсоорунга жеткирилип, эки аксуунун ортосундагы көрүстөнгө коюлат.

Кыргызстандын тарыхындагы жаркын инсандын кейиштүү өлүмүн кыргыз элинин трагедиясы катары баалоого болот. Бүт өмүрүн эл-журтунун биримдиги, көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн жумшаган, кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган инсанын кыргыз эли унуткан жок. Ал жөнүндө аңыз кептер муундан-муунга өтүп, ак-карасы иргелген сайын Ормон хандын дидары таңкы Чолпон жылдызындай жаркырап келе жатат. Алдыда эли өткөрүүгө белсенген Ормон хандын 210-жылдык маарекеси анын көп кырдуу коомдук-саясий ишмердүүлүгүн ар тараптан ачууга шарт түзөөрү шексиз. Бул багытта илимпоздор олуттуу эмгектерди жаратаарына ишенебиз.

www.bizdin.kg

# ӨТКӨН КЫЛЫМДАН КАБАР

Жапаркул Токтоналиев
Жазуучу

*(Генерал-майор Вишневскийге Ормон хандын каты)*

I

XIX кылымдын кыркынчы-жетимишинчи жылдары кыргыз элинин тарыхый тагдырын кескин өзгөрткөн трагедиялуу да, үмүттүү да окуялар менен мүнөздөлөт. Ушул кыйын кезеңде элдин күч-кайраты, улуттук кудурети катаал капшаптан өтүп, келечек тагдыры жаны нукка түшкөн. Тилекке каршы, элдин тагдыры чечилген ушул учур жетишээрлик деңгээлде изилденбестен, тарыхый окуялардын маанилүүлөрү көмүскөдө калып, көбү саясий конюнктурага ыкташа түрүн өзгөртө, бурмаланыш калганы коомубуз өнүгүүнүн жаны тилкесине өткөндө айкындала баштады.

XIX кылымдагы кыргыз тарыхынын ушул өткөөл учурунда эл тагдыры устара мизинде оошуп, журт чайпалып турган кездеги окуялардын чордонунда жашап өткөн Ормон хан жана анын учурундагы элибиздин ички-тышкы абалы жөнүндө санжыра, легенда, аныз түрүндөгү баяндоолордон башка документалдуу маалыматтар жок эле.

Ушул макаланын автору жана тарых илимдеринин кандидаты Сапаралиев Дөөлөтбек экөөбүз 1997-жылдын февраль айында бир нече күн Казакстан мамлекеттик архивинин айрым фондулары менен таанышуу мүмкүндүгүнө ээ болдук. Олжолуу болгон бул мүмкүнчүлүк үчүн Кыргызстан мамлекеттик архивинин Бишкек шаардык бөлүмүнүн башчысы Асия Бектуровага, республикалык архив агентсосунун директорунун мурунку орун басары Сейит Жетимишевге, Казакстан мамлекеттик архивинин директору Мария Турсынбаевна Сандыбаевага ыраазылык билдиребиз.

Бизди кыргыз тарыхынын XIX кылымдагы түйүндүү маселелери кызыктырган эле. Кудай жалган ошол доордогу кыргыз элинин ички-тышкы абалы, Орусия империясы, Кокон хандыгы, Кашкария кожосу менен мамлекеттик деңгээлде оз адатынча саясий-аскердик күч катары жүргүзгөн мамилелери, алардын алдындагы улуттук кадыр-баркын айгинелөөчү тарыхый документтер табылды. Алар кыргыз элинин аскердик-саясый өз ал-

www.bizdin.kg

дынчалыгын ошол кезде расмий хан көтөрүлгөн Ормон Ниязбек уулунун ишмердигине байланыштырарын жашырган эмес экен.

Эмесе, тарыхый документтерге кайрылалы. Аларды архивде сакталып турган калыбында, ошол тилде келтиргенибиз жүйөлүү болор:

*Перевод с письма от Кара Кыргызского главного манапа Урмана Ниязбекова*

*Пограничному начальнику Сибирских кыргызов г. генерал-майору Вишневскому.*

После прекращения жизни Мятежного султана Кенесары по вызову вашего превосходительства о прибытие к Вам за получением милостей Государя Императора. Я уполномочил сына своего Умбет-Галия отправил такового за получением каких есть подарков, который в сопровождении товарищей прибыл благополучно сначала к Вам, а потом доставил нам полученную от Вас Золотую Медаль, Халат обложенный золотым галуном и похвальную Грамоту, как я также и другие подведомные мне люди такие получившие медали (ниже приложившие тамги) оценили вполне высокочайшие награды.

Кашкарию с соседственными с Нами, II овладел Хожа, и как известно просил у нас спомоществия в войсках, всем манапам послал подарки из страха со стороны войны, мы дали ответ, что не намерены идти.

Сын мой Умбет-Гали покорнейше просил Ваше превосходительство для данных уводемлений и приклада на сих печати, прислать таковую золотую и если еще окажете милость то золотую саблю — останемся всегда готовы к услугам Вашим, а люди получившие медали, вознося благодарностей и радости прикладывают тамги: Умбет-Гали Урманов, Токтор Каравчи, Чал Тургунбаев, Аюке Салтанов, Байбута Болотов. Во удостоверении всего главный манап Кара Кыргызский Урман Ниязбеков прикладываю печать.

*Октябрь 24дня 1847.*
*«Переводил Губернский сотрудник*
*ЦГА каз. Респ фонд 374.*
*оп. 1.Д. 2920 л.46 - 46 об».*

Бул катта Цин Кытай бийликтеринин согушуусунан корккон Кашкария кожосунун өтүнүчүн четке кагып, ага аскер жагынан жардам бербей турганын билдирүү менен Ормон хан Орусияга да өзүнүн көз каранды эмес мамлекеттик саясатын кабарлаганын түшүнүүгө болот.

www.bizdin.kg

Генерал-майор Вишневскийдин бул катка берген жообунан да кыргыздардын аскердик, саясий өз алдынчалыгын тааный турганы көрүнүп турат. Генерал Вишневскийдин каты менен окурмандарды кийинчерээк тааныштырабыз.

Биз жарыялаган катта Кенесары Касымовдун өлүмү жөнүндө соз болду.

**Бул окуя кыргыз эли өзүнүн эл катары бүтүндүгүн сактап калуу үчүн жүргүзгөн согушуна байланышкан. Тилекке каршы, кыргыз тарыхындагы бул урунттуу окуя да тарых илиминин көз жаздымында калып келатат.**

**Ушул учурга дейре жарык көргөн илимий эмгектерде, ал эмес 1995-жылы жарык көргөн «Кыргызстан тарыхы» деген окуу китебинде да 1840 — 1860-жылдардагы кыйын кезенде* да кыргыздар биригүүгө чама-чаркы жок, окуялар чайпаган жакка жапырылып турган ыркссыз эл катары элестетилип калган. 1846 — 47-жылдары Кенесары хандын ырайымсыз баскынчы жортуулунун мизин кайтара талкалай жооп берген элдин күрөшү жөнүндө да эч сөз жок. Саясий конъюнктураларга ыктап, тарыхый көрүнүштөргө кайдыгер мамиле жасоо «ылаңынан» дагы эле айрыла албай тургандайбыз.**

Өз алдынчалык үчүн күрөштүн максаттарынан тайыгандан улам чексиз бийликти көксөгөн дооматы күч, өзгө элди, өз элин да кыргынга кептеген Кенесары Касымовдун жортуулу менен бүгүнкү эки бир тууган элдин достук мамилелерин чаташтырууга негиз жок. Бул тарыхый окуяны калыс баалоо максатында архивдеги тарыхый документти өз калыбында окуп көрөлү.

«Рапорт *Есаула Нюхсиюва* Генерал-майору *Вшииевскому:*

«К. Кенесаре присоединились киргизы Большой орды, так что их полагают 20 тыс. кибиток и заняли по Чу от урочищы Ач — Оленя вершины оттого, западную часть гор Алатава, называемого Кунгеем, и Озеро Изкуля. Из тех мест вытеснил дикокаменных киргизов, где намерен оставаться навсегда».

*ЦГА. Респ. Казакстан фонд 374, оп /. дело 2909.*
*Л. 203 об подлинник.*

Бул баскындын аягы эмне менен бүтөрү жөнүндө дагы бир документ келтирели. «Из Рапорта управляющего Таминской волостью в Акмолинской окружной приказ»:

www.bizdin.kg

«Кенесары в феврале месяце или в начале марта выступил с двадцати тысячным отрядом к кыргызовцам, разбил у них волость, но при стычке кыргызовцы захватили его и брата Наурузбая, племянников Худайменды и Ержан, и скопище его все разбили».

С подлинным верно заседатель (подпись переводил переводчик *Ефтифеев).*

Бул маалыматты Сибир кыргыздарынын чек ара башкармасы генерал Вишневскийдин адъютантынын каты да аныктайт.

*(ЦГА Каз. Респ. ф. 374 оп. 1.Д. 1890. Л. 7 - 8).*

Кенесарынын чабуулу өтө катаал жана ырайымсыз болгону ушул кезге чейин элдин эсинде. Ал Канай, Эшкожо баатырлардын бейиттерин бузуп, казып, сөөктөрүн чачкан. Кош бойлуу аялдардын ичин жарып, балдарын да, өзүлөрүн да өлтүргөн. Колго түшкөн жоокерлердин тирүүлөй төшүн жарып, жүрөктөрүн ооздоруна кептеп мыкаачылануу менен элдин үшүн качырып, жеңишке жетүүнү ойлогон.

Элди кара тумандай каптап келген алааматтан сактап калууда Ормон хандын заманындагы аскер тактикасынын чебери, эр жүрөк кайраттуу, кол башчы, айлакер мамлекеттик ишмер экени ашкереленген. Кыргыз жоокерлери сан жагынан аз болсо да ал түнкүсүн азыркы Токмок үстүндөгү талаага ар бир эки жигитке бирден от жактырып, сандаган эр отторун ар биринде 50 — 60 жоокер бар деген имишти жашыруун тыңчылар аркылуу Кенесары жоокерлерине тараткан. Таң саарынан баштап жылга-жыбыттардан ар тараптан келүүчү жолдордон атчан жигиттерге чычырканак сүйрөтүп теребелди чаңдатып, ар кайдан аскер келип жаткандай жагдайды түзүп, жоонун үшүн алган. Кенесары кошунуна жашыруун элчилерди жиберип, Супатай, Рүстөм султандарга: «Эки бир тууган эл бири-бирибизди кыргынга учуратпайлы» деген насият менен салам айттырып, алардын жоокерлери менен майдандан чыгып кетүүгө убадасын алат. Ормон хандын тактикалык амалдарынан улам кыргыз аскери көп ден жүрөксүгөн Кенесары жоокерлери ыргылжың болуп тайсалдай салгылашат. Экинчи күнү Ормон хан алар ичкен суунун нугун буруп суусуз калтырат. Супатай, Рүстөм султандар жоокерлери менен майдандан чыгып кетишкенден кийин Кенесары жоокерлери жеңилип, кача согушуп кыргынга учурап, Кенесары, Нооруз-

бай эки иниси жана он беш султан колго түшүп, согуш бүтөт. «Алгачкы антиколониялык күрөшүнүн мүнөзүн өзгөртүп кыргыздарды басып кирген» Кенесары хандын тагдыры кыйроо менен бүткөн. («История Казакстана», 1993-ж. Алматы 220-бет).

Бир нече жылдар бою регулярдуу армия менен тынымсыз согушкан Кенесары хандын аскердик күчүн ойрондон, өз алдынчалыгын сактан калган кыргыздардан жана анын жолбашчысы Ормон хандан жардам күткөн Кашкария кожосунун үмүтү да, Кокон хандыгына каршы күрөшсөңөр жеңериңерге ишенебиз, керек болсо жардам беребиз деген генерал Вишневскийдин тукуругу да жүйөлүү.

## ОРМОН ХАНДЫН МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕРДИГИ

*(Генерал-майор Вишневскийдин Ормон ханга жообу)*

II

XIX кылымдын 40 — 70-жылдары кыргыз элинин тарыхый тагдырындагы кыйын кезең учурлардан эле. Орусия империясы, Кокон хандыгы жана дооматы күчтүү Кенесары хан үч тараптан куушуруп, журт чайналып, арга издеп жүргөн кез.

Тарыхый кыйын кырдаалдан кыргыз эли кандай чыкты? Көз арткан күчтүү тараптар кыргыз элинин өз алдынчалык кудуретин, эл аралык кадыр-баркын кандайча баалашкан? Иш жүзүндө кыргыз элинин эл аралык кадыр-баркы, саясий-аскердик кудурети болгонбу деген суроолор жооп таба элек. Ушул кезге чейин жарык көргөн маалыматтар саясий конъюнктурага ылайыкташкан стереотиптен кутула албай, тайсалдап
турганы байкалат.

Казак Республикасынын мамлекеттик архивинде сакталып турса да, кыргыз тарых илимине азырынча белгисиз Сибир кыргыздарынын чек ара начальниги генерал-майор Вишневскийдин убагында хан көтөрүлгөн Ормон Ниязбек уулунун катына берген жообун жарыялоо менен козголгон маселелерге жооп издеп көрүүнү чечтик.

Катты мындан жүз элүү жыл илгери жазылган тилде, түп нускасында келтирүү ынанымдуу болор деп ойлойбуз:

*ЦГА Казахской Республики, фонд 374, дело 2920; Л. 55 56*
*От Пограничного начальника Почетному Манапу Урману Ниязбекову*

*31 декабря 1847 г.*

www.bizdin.kg

Татарин Галим Якубов по возвращению в Аягуз через таможенный приказ доставил письмо Ваше ко мне, почтенный Манап, из коих видел желание Ваше быть в Омске вместе с другими почтенными лицами, дабы иметь честь представить Господину Генерал-губернатору князю Горчакову. Я ходатайствовал об этом и Его Сиятельство изволил разрешить Вам прибыть сюда, о чем дается Вам узнать от Аягузского приказа через татарина Галима Якубова.

При сем, князь поручил мне уведомить Вас почтенный Манап, что его сиятельству весьма приятно было удостовериться из писем Ваших ко мне о преданности Вашей и народа к России, и что намерены вооружаться против кипчаков. Его Сиятельство надеется на храбрость Вашу и народа и уверен, что победители Кенесары одержат верх и в этой борьбе с новыми пришельцами, для чего желает успеха и даже вслучае крайности постарается оказать помощь.

Относительно же приглашения Кашкарского Хожи, дабы Вы им содействовали, Его Сиятельство находит своей стороны, что вмешиваться Вам в это дело не следует, ибо по причине дружественных отношений России к Китаю, Ваше действие против его государства будет неминуемо признано Его Императорским Величеством противным высочайшей его воле, да неблагоразумно было бы для Вас удалять своих воинов в такое время, когда Вам самим угрожает опасность.

Примите почтеннейший манап, благодательные эти наставления нашего начальства за истинно доброе желание народу Вашему всякого хорошего, при сем, да поможет Вам Бог, мирную и спокойную жизнь и прочную дружбу с нашим народом.

Верно: за старшего адъютанта аудитор: *подпись.*

Тарых күбөсү болгон бул документтен орус падышачылыгы Ормон Ниязбек уулу башында турган кыргыз элин өз алдынча саясий жана аскердик кудурети бар мамлекет катары кыйыр түрдө болсо да тааный турганы де-факто көрүнүп турат.

Ормон Ниязбек уулунун жана ал баштаган кыргыз элинин ондогон жылдар бою орус аскерлери менен согушуп моюн бербеген Кенесары Касымовду жеңгенине кубанганын билдирүү менен мындай баатыр эл Кокон. аскерлерин да жеңээри шексиз экенин жана керек болсо жардамга келерине ишендиргенин, Орусиянын бул түзүлгөн жагдайда кыргыздар менен аскердик биримдик (союз) түзүүгө да даяр экенинен кабар берип турат.

«Кашкар Хожосуна аскердик жардамга барбагыла, Кокон хандыгы кол салганы турганда аскериңерди алыска жибергениңер өзүңөргө да кооптуу болор» деп эскерткени кыргыздардын эл аралык алакасы бар экенин жана ага толук укуктуу экенин моюнга толук алганы деп түшүнүү керек.

Тарыхтын өтө кыйып кырдаалында кыргыз эли мамлекеттик деңгээлге татырлык дипломатиялык кадыр-баркын сактап, өз алдынча саясий-аскердик күч катары орус империясынын көңүлүн бурдурганы кызыгуу туудурат.

**Генерал Вишневскийдин катын чечмелөөнүн максаты Ормон ханды даңазалоо эмес, он тогузунчу кылымдын кыркынчы-жетимишинчи жылдарындагы кыргыз элинин улут кагары эл аралык алакасы жөнүндөгү бүдөмүк да, түйүндүү да маселеге жарык түшүрүп турганын тастыктоо болуп эсептелет.**

**Азыркы! а чейин бул талуу маселе олуттуу талдоого алынбастан, кыргыз эли уруу-уруу болуп жоолашып бириге албагандыктан, анын эл аралык саясий-аскердик кудурети да, оз алдынча мамлекеттик саясаты да болгон эмес деген түшүнүктүн коомдук сезиминде калыптанып калганы өтө өкүнүчтүү.**

Ал эми жаңыдан өз Ата Мекенинин тарыхын үйрөнүүгө эми гана киришип жаткан бүгүнкү улан-кыздарга сунуш этилип турган маалыматтарга көңүл бөлсөк, жаңы табылган документтердин маанисин даана байкайбыз.

**1995-жылы жарык коргон орто мектептердин 8 — 9-класстарына арналган «Кыргызстан тарыхы» (И. Мокрынин, В. Плоских, Бишкек, 1995-ж. 247 — 248-беттер) аттуу окуу китебинде бул маселеге какшык чалыш аңгеме түрүндө бир барактын эки бетине жетпеген орун берилген.** Бул маалыматты толук окуп көрөлүк:

«Ысык-Көлдүн Көтмалды деген жерине көп эл чогулат. Ананчы, мындан үч ай мурда сарбагыштын чоң манабы Ормон Кыргызстандын ар тарабына — Борбордук Теңир-Тоого, Чүй, Талас өрөөндөрүнө Ысык-Көлдө курултай болот деп чабармандарды чаптырат. Курултай болгон жерде көп күнгө созулган той да. оюн-зоок да болоору белгилүү.

Сарыбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын өкүлдөрү чогулат.

Ормон бул ишти бекеринен баштабаганын баары түшүнүшөт. Бардык уруу башчыларын баш коштурган ку-

www.bizdin.kg

рултай тамаша эмес! Ормондун атагы таш жарып турган убак, байлыгына сан жетпейт. эли анын сөзүн эки кылбайт. Анын өз асабасы бар. Санташ ашуусуна өз чебин курган. Ал эми Кокон хандыгынан парваначы деген жогорку мамлекеттик чин алып, Түндүк жана Борбордук Кыргызстандын бардык урууларынан зекет чогултууга укуктуу эле.

Конокторду урмат-сый менен тосуп, тамак-ашты жайнатып таштады. Ириктер менен тайлар эсеби жок союлду. Кымыз, бозо, жарма деген суудай акты. Той бир жумага созулуп, Ормон ошого чейин эч нерсе айтпады. Бирок анын ишенген жигиттери колдон келгенин аяган жок. Жайнаган дасторкондун четинде ар кандай кептер айтылды:

— Манастын жапа анын жигиттеринин тукуму болгон бардык кыргыз уруулары баш кошсо эмне болот? Өзүбүздүн кыргыздан хан көтөрүп алсак бизге алаңгазар Кудаяр хандын бийлигинин кереги эмне? Тиги казактардын эчактан өз ханы бар, биз эмне алардан кембизби?

— Эгер өзүбүздүн ханыбыз болсо, Коконго берип жаткан зекет өзүбүздө калмак. Өз мамлекетибиз болсо кыргыздардын даңкы таш жарбайт беле?! -деп акырында Ормон кепке аралашты.

Жума намазга жыгылган күнү укмуш азем болду: көчмөн элдин салты боюнча кадырлуу уруу башчылары Ормонго төбөсү кызыл тебетей кийгизип, ак кийизге көтөрүп кыргыздын ханы деп жарыялашты. Көптөгөн кылымдардан бери биринчи ирет!

Жаңы хан ошо замат Кокондон бөлүнгөндүктөрүн жарыялап, жигиттерине Көтмалдыдагы Кокон чебин өрттөөгө буйрук берди...

Анан эмне болду? Хан шайлашты, той бүттү, коноктор келген жагына тарап кетишти.

“Кайра баары мурдагы кейпине түштү” — делет да, андан ары манаптар, бийлер өз билгенин иштеп, Ормон эч кандай алгылыктуу иш кыла албаганын, ырайымсыз, залим башкаруучу болгонун, мылтыгынын түздүгүн текшерип кулдары менен күңдөрүн машаага алып атканы айтылат. (Мында Ормондун уулу Үмөтаалынын аялын атып өлтүргөн жана башка канкорлуктары атасына ыйгарылган сыяктуу *Ж. Т.).* Акыры уруу жаңжалынан Ормондун өлүмү менен баяндоо бүтөт. Болгон маалымат ушул.

www.bizdin.kg

Ал эми ушул жылдары кыргыз элинин Ормондун жетекчилиги менен болгон согушта өз эркиндигин сактап калгандыгы жөнүндө да, Орусия, Кокон жана Кашкар менен болгон маанилүү эл аралык алакалар жөнүндө да эч нерсе айтылбайт.

Тарыхта өчпөс аты калган өкүмдарларлын эч кимиси: Македонский да, Чыңгыз хан да, Амир Темир да дайым эле ырайымдуу жана калыс боло алган эмес.

Ормон хандын да жаалы күчтүү ырайымсыз, катаал аракеттери көп болсо керек. Бирок алар аның мамлекеттик ишмер катары кыргыз элинин өз алдынчалыгы үчүн жүргүзгөн алымдуу иштерине көлөкө түшүрө албайт.

1820— 1840-жылдар арасында атайын тапшырма менен кыргыз айылдарында жүргөн татар соодагерлеринин жүргүзгөн үгүттөрү максатына жетип, Боромбай Бекмурат уулу башында турган кыргыздын бугу уруусу орус падышасынын букаралыгына өтүп, анын түздөн-түз колдоосуна таянат. Өзүн күчтүү бийликтин өкүлү деп эсептеген Боромбай (ага орус армиясынын подполковниги деген наам берилген) Ормон хандын бийлигине көнүүдөн баш тартат. Кыргыз биримдигине доо кетип, Ормон хандын бийлиги начарлайт.

Кокон хандыгы бир жагынан, экинчи жагынан орус падышалыгы кысымдарын күчөтүп, Ормон хандан ар кимиси өз букаралыгына өтүүнү талап кыла баштайт. Ушундай эки анжы кыжалаат жагдайда да Ормон хан дипломатиялык мамиле менен кыргыздын өз алдынчалыгын сактап калуунун аракетинде болгонун көрөбүз: «Чоң Ордо кыргыздарынын бийик даражалуу Приставы Перемышльскийге манап Ормон Ниязбековдон

жооп кабар:

Сиздин быйылкы жылдын 30-июлунда (1853-ж.) № 210 менен жазган катыңыз бийик даражалуу генерал-губернатор Гасфорд төрөнүн ушул жылдын 1-майында № 188 менен жазган каты менен кошо тархан Файзулла Нагаев тарабынан бизге жеткирилди. Ал каттарды окуп, маанисин түшүнгөндөн кийин кубанычым чоң болду. Сиз, кадырлуу пристав, бизди ант берүүгө чакырыпсыз. Бул чакырыгыңыз албетте кубанычтуу болгону менен, биз жакында Пишпектеги Ташкен чыңдоосунун начальниги Атабектен кат алдык. Ал катта: «биз орустар менен кармашабыз, ал эми силер болсо белиңерди бек бууп,

www.bizdin.kg

даяр болуп тургула» деп жазылган. Мына ушундан улам биз эч жакка бара албадык. Эгер мен, же менин уулум Сизди көздөй кетсек, анда Ормондун оруска кирип кеткенин угушат да, дароо кол салып, элди бүлдүрүп чаап алышат, мына ушундан чочудук. Ошондуктан мен Сизге ишенимдүү кишим бий Чал Түгөлбаевге Сазаны кошуп жиберип олтурам. Өзүбүз бул жакта болгонубуз менен, биздин ой-сезимибиздин баары Россиянын өкмөтү тарапта жана мурдагы каттарда берилген убадалар ошол боюнча калат.

Эгер жанагы сарттардын бузуку иштери токтоп тынчып калса, биз элибизди жыябыз да, жалпы жыйында кеңешип туруп, канчасы Россия тарапка, канчасы ташкендиктерге баш иерин билебиз; аны Сизге кабарлап туруп, баягы кайра курулган Сиздин чепке келебиз да, ант берүүгө даяр болобуз.

Манаптар Ормон Ниязбековдун жана Умөтаалынын мөөрү. 1853-жыл, августтун 10-күнү (0черк, публицистика, «Ала-Тоо», 1989-жыл. №1,113-бет. В. Плоских, К. Үсөнбаев, Д. Сапаралиев).

Бул документтен жалаң гана дипломатиялык эле эмес, элдин пикирин сурап, ошого жараша кимдин букаралыгына өтүү керектигин чече тургандыгын билдирген Ормон хандын демократиялык туюмун да байкоого болот. Ормон хандын ушул каты окумуштууларга белгилүү болсо да, «Кыргызстандын тарыхы» деген окуу китебинен орун табылбаганы өкүнүчтүү.

www.bizdin.kg

# ОРМОН ХАНДЫН МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕРДИГИ

Токторбек Өмурбеков
*Тарых илимдеринин кандидаты, профессор*

XIX кылымдын орто чениндеги кыргыз тарыхий инсандарынын ичинен жападан-жалгыз хан атагына арзыганы Ормон Ниязбек уулу (1790— 1854). Ал айтылуу чоң манап Ниязбектин сегиз бегинен эл бийлеген мыктыларынын бири. Анын чоң атасы Эсенгул калмактар менен кармашта далай эрдиктерди көрсөтүп, чоң Эсенгул атанган[1]. Бабасы Болот бий да оң менен солго баркы бар чыгаан жол башчы, адамдын сырттаны болгон. Ниязбектин сегиз уулу жашынан тың чыгып, эл ичинде алар тууралуу ар кандай аңыз кептер айтылган. Ошолордун арасынан Ормондун XIX к. орто чениндеги элибиздин саясий тарыхында сиңирген эмгеги зор.

Ал түндүк кыргыздарын манаптарынын арасынан озунуп элин ордолуу журт кылууга, текебердүү ак сөөк төбөлдөрдү ынтымакка чакырып, ыркы жок кыргыз урууларын бириктирүүгө, биримдиктүү' мамлекет түзүүгө көп күч жумшаган. Бирок анын оош-кыйышы, ой-кыры көп мамлекеттик ишмердиги, ага-журт алдында өтөгөн ак кызматы алигиче ар тараптан толук изилденип, адилет баасын ала элек. Атүгүл, айрым аттуу-баштуу аалымдар массалык окурмандар үчүн жазган китептеринде даңазалуу хандын кыргыз хандыгын түзүү аракетин. бурмалап, анчейин маани бербеген учурларда бар.

Ормон хан өтө татаал тарыхый кырдаалда жашады. Ал 1790-жылы туулуп. 1854-жылы пайгамбар жашында көз жумган. Анын жаш чагы түндүк кыргыз урууларынын өз ара чатактарынын ырбаган учуруна туура келди. Ал кезде калмак кыргынынан, Аблай хандын чапкынынан соң жаңыдан оңоло баштаган элет элинин жерине Кытай богдыханы, Кокон ханы көз артып, душмандык аракеттерди жасап турган. Бөтөнчө өзүмчүл уруу башчыларынын эрегишүү, тирешүүлөрү калайык калктын кендирин кескен.

[1] С. Закиров. Кыргыз санжырасы. 1996-ж. 99-б.

www.bizdin.kg

Элинин тарткан азап-тозогу, жоолашкан жоонун жортуулдары аны кыйла такшалтып, эгемендүү мамлекет түзүүгө түрткөн. Ормон он жети жашынан тартып жоого каршы жортуулдарга катыша баштаган. Нечен ирет жекеге чыгып, эр сайыштарда эрендерге эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн. Ал эми отузга жашы келгенде эл башкарууга активдүү аралаша баштайт. Көп өтпөй анын эл бийлөөгө болгон табигый шык-жөндөмү, акылмандыгы, көптү билген көсөмдүгү, көрөгөчтүгү көпчүлүктүн көзүнө урунуп, калк ичинде кадыр-баркы арткан. Ошондуктан атасы Ниязбектен кийин эл аны барктап, бийлигине моюн сунушкан[1]. Акырындап анын атак-даңкы артып, кыргыз урууларынын, атүгүл канатташ казактардын арасында да таасири күчөйт. Анжиян, Алай, ферганалык, аркалык кыргыз урууларынын билермандары аны менен ар дайым алака кылып турушкан. Алсак Боромбай кан кудасы эле. Жангарач, Жантай, Ажыбек, Медет датка ж. б. менен жакшы мамиледе болуп, үзгүлтүксүз катнашып турган. 30-жылдардын башында Кыргызстанды толук караткан Кокон ханы да ага ачык кысым көрсөтүүгө дааган эмес. Кокон ханы Ормонго кымбат баалуу белек-бечкектерди тартуулап, чапан жаап, парваначы наамын ыйгарган[2]. Хандын максаты Ормонду жоошутуу, ал аркылуу кыргыздарды биротоло баш ийдирүү эле. Бирок Ормон Кокондуктарга тизе бүккөн жок. Ал кыргыздын башын бириктирип түндүк көтөрүү, өзүнчө хандыкты түптөө үчүн оңтойлуу учурду күткөн. Андай мүмкүнчүлүккө ал 40-жылдардын башында ээ болот.

Ормондун хан көтөрүлүшүн көпчүлүк окумуштуулар XIX к. 40-жж. башына туура келет деп жүрүшөт. Ал эми Белек Солтоноев[3] менен С. Абрамзон Ормон 20-жж. аягы — 30-жж. башында хан көтөрүлгөн деп божомолдошот. Биздин оюбузча бул божомол чындыкка жакын. Анткени кыргыздар өз ханын Кокон үстөмдүгү орной электе гана көтөрүшү мүмкүн эле. Анын хан шайланышына ошол

1 Б. Джамгерчинов. Киргизы в эпоху Ормон хана. Труды ИЯЛИ. Вып. 1. 1944. – Фрунзе: Кир. ФАН, 1945, с. 118

2 С. Абрамзон. У истоков манапства. Советская Киргизия, 1931, 1 апреля.

3 Б. Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993, 1-к.

учурдагы тарыхый кырдаал да оңтойлуу шарт түзгөн. Ормондун конуш-журту Кокондон, Цин ээлигинен кыйла алыс туруп, түндүк кыргыз урууларынын чордонунда жайгашкан.

Ошол кездеги эл аралык абалдан кабары бар, канат-таш калктардын, коңшу уруулардын ал-акыбалын жакшы билген, далай ирет ич-ара чатактардын азабын тарткан Ормон түндүк кыргыздардын бирдиктүү мамлекетин түптөө демилгесин колго алган. Ушул максатта ал алдын ала бир топ жыл камылга көргөндөн кийин Орто-Токойго таасирдүү манаптарды топко чакырат. Жыйынга бугудан Боромбай, Балбай баатыр, Өмүр баатыр, Муратаалы; сарыбагыштан Жантай, Төрөгелди, Адыл, Түлөберди, Калпак баатырлар; солтодон Жангарач, Тынаалы, Төкөлдөш, Жетикашка, Чыңгыш, Күрпүк; саяктан Алыбек, Черикчи, Качыке; саруудан Ажыбек датка, чериктен Ажыбек баатыр; азык, кушчу ж. б. уруулардын билерман бийлери келген болчу[1]. Кыргыздардын хан көтөрүү аземине Кокон ханынын да элчилери катышкан. Келген элге тогуз ак боз бээ союлуп, Ормон көчмөндөрдүн эзелки каада-салты боюнча ак кийизге отургузулуп, хан көтөрүлөт. Хан белгиси катарында ага кызыл тебетей кийгизишет.

Хандык бийликти биринчи кезекте ал кыргыз арасында тартипти чыңдоодон баштаган эле. Ормондун эң алгачкы жарлыгы мал уурдоого каршы багытталып, атты кишендеп чидерлөөгө тыюу салынган. Ууру кармалса кылган күнөөсү үчүн мал башына бир тогуз айып төлөмөк. Кудалашкан кайын-журту бар кызды ала качканга 40 жылкы айып, эркектин куну үчүн 300 жылкы, аялдын куну үчүн 150 жылкы белгиленген. Жарлыктын кайра жангыстыгынын жана бузулбастыгынын белгиси катарында көпчүлүк элдин көзүнчө чырпык кыркылып, шерт кылынган[2]. Ормон хан элин өлкөнү ар уруунун чоң манабына таянып башкарууну туура көргөн. Солто ичинде Жангарач, саяк арасында Дуулат, таласта Ажыбек, бугуларда Боронбай хандын айтканын аткарып, ага өбөк-жөлөк болуш керек эле. Бирок алар ар дайым эле анын ою менен болушпады. Аларды толук баш ийдиргенге хандын али чама-чаркы чак болчу.

1 Б. Джамгерчинов. Жогоруда аталган эмгек, 129-6.

2 С. Абрамзон. Жогруда агалган макала.

www.bizdin.kg

Элдин бейкуттугун, кыйыр бүтүндүгүн, адат-мыйзамдын сакталышын камсыз кылуу үчүн жигит жыйналып, кол куралган. Жоо бетинде болуучу черүү башчылыкка Төрөгелди баатыр, айыл аскер баштыгына Алыбек баатыр дайындалган. Атайын курулган устаканаларда усталар кылыч, мылтык согуп, жоокерлерди курал-жарак менен жабдып турушкан. Жортуулда хандын аскерин коштоп жүрчү кернейчи, сурнайчылары болгон. Айтылуу Манасчы Сагымбайдын атасы Орозбак хандын сурнайчысы болгону белгилүү[1].

Мамлекеттик өтө маанилүү маселелерди хан жакын кеңешчилери Жантай, Сергеян, Жаманжээн, Шамен ж. б. менен талкуулачу Атагы алыска угулган кадимки Калыгул олуя Ормон хандын өтө кадырлаган акылгөй кенешчиси эле. Хандын кеңешчилери Медербек менен Меңназар бийдин милдетин да аткарышкан. Меңназар кун төлөөнү, чабыш-чатактарды, уурулук ж.б. кылмыштарды да тескөөчү. Кылмышкерлер анын бүтүмүн сөзсүз аткарууга милдеттүү болушкан. Хандын жан жигити Саза эле.

Хан ордосун Дада менен Бердибек баш болгон мылтыкчан 40 мергенчи кайтарчу. Ормон хан Кокон хандыгы, казак султандары, кашгарлыктар, орус генералдары менен дипломатиялык байланыштарды ишке ашырып турган. Мындай өтө жооптуу элчилик милдетти хандын элчилери сыпатында сөзгө чечен, акылга бай Байсерке менен амалкөй Саза аткарганы маалым.

Чет өлкөдөн келген соодагерлер адегенде Ормон ханга келип, мүлкүнүн баасын бычтырып, туяк пул салык төлөгөндөн кийин гана айыл аралап соода кылчу.

Эгемендүү мамлекеттин негизги белгилеринин бири анын тышкы саясатын Өз мамлекетин жаңыдан түптөгөн элдин көз каранды эместигин өзгө элдер, коңшу өлкөлөр тааныганда гана ал мамлекет өз алдынча мамлекет боло алат. Өлкөнүн бейкуттугун, коопсуздугун коргой алгыдай анын күч-кубаты жетиштүү болушу зарыл. Айрыкча ички, тышкы чатактар ырбап, жоокерчилик өкүм сүргөн феодалдык доордо эл башында ары акылдуу, ары айлакер, кылдат, жөн билги жол башчы, согуштук искусствону башкалардан артыгыраак билген, далай жолку ич ара айкаштарда такшалган, кыйла кыйынчылыктарды баштан кечирип, тагдырдын ысык-суугуна бышкан кол башчы туруш керек

[1] Р. Жолдошев. Ормон хан баяны. ("Аалам, 1992, № 10 - 11")

www.bizdin.kg

эле. Ормон хандын дал ошондой касиеттери бар болчу. Анын дипломатиялык жана каардуу хан Кененин калың колун кыйратуу учурундагы аскердик өнөрү буга далил.

Ормон хан көгөрүлгөн кезде кыргыз жерине коңшу өлкөлөр туш тараптан көз артып турганы белгилүү. Ал кезде Кокон ханы түштүк Кыргызстанды каратып алып, эми түндүк кыргыздарды өз бийлигине имерүүгө бардык күчүн жумшай баштаган болчу. Кытай богдыханы дагы кыргыз ээлигинен эртелеп өз энчисин алууну эңсеген.

XIX к. 20 — 40-жж. Кытай төрөлөрүнө каршы тынымсыз боштондук күрөшүн жүргүзгөн чыгыш Түркстандык кожолор дагы Ормон ханга жардам, аскер сурап кайра-кайра 1фйрылып турушту. Бул маселеде кыргыз ханы коншу мамлекеттин ички иштерине кийлигишпей, чатактан алыс болууну, Цин империясы сыяктуу чоң өлкө менен тынчтыкта жанаша жашоону көздөгөнү анын кашгарлык кожолорго кылган кылдат мамилесинен даана байкалып турат. Аяр хан Кокон ханы менен да тең ата мамлекет башчысы сыпатында мамиле кылган. Мадалы хан, кокондук аким, бектер ага ардак наамын ыйгарып, баалуу белектерди тартуулап, өз бооруна тартууга канчалык жан үрөп аракет кылганына карабастан, Ормон хан аларга анчейин жибиген эмес. Тескерисинче кокондуктарды тоготпой, өз бетинче саясат жүргүзгөн. Атүгүл айрым жылдарда Коконго кол салып турганы маалым. Алсак ал 1842, 1848, 1851-жж. Көлдөгү, Чүйдөгү кокондук сарбаздарга оор сокку урган эле.

Ормондун ооматы жүрүп турганда ага Кытайдан, Кокондон, казак төрөлөрүнөн элчилер, көпөстөр келип тургандыгы тууралуу маалыматтар бар.

Кезинде орус төрөлөрү дагы элет элинин ханына эгемендүү журттун өкүмдары катарында мамиле кылган. Орто Азияны каратуу башкы максаты болгон Россия империясы адегенде римдиктердин «башка элдерди бөлүп жар да, бийлей бер» деген кыйды саясатын өтө устаттык менен пайдаланып, бул аймактын калктарынын хандарын кайраштырып турган. Буга орус генералдарынын Ормон ханга жазган каттары күбө[1]. Орус төрөлөрү Ормон ханды Кокон ханына, Кенесарыга, кожолорго каршы тукуруп, акырын-

[1] *Р. Жолдошов.* Ормоп хан баяны. («Аалам», 1992. № 10— 11).

www.bizdin.kg

дык менен ал алсыраганда орус падышасынын бийлигине баш ийдирүүгө умтулган.

Бирок Ормон хан орус генералдарынын митаам саясатын туура түшүнүп, кырдаалга жараша мамиле кылган. Алсак 1853-жылы жайында Сибирден атайын орус аскерлери ошол кезде, Иледе турган Ормон ханды Россия империясына баш ийдирүү үчүн жөнөтүлгөндө, ал мындай абалдан акылмандык менен кутулуп чыгып, Ала-Тоого кайткан. Кийинки жылдары дагы Ормон хан орустарга карата өтө сак саясат жүргүзүп турду.

Ал эми Ормон хандын Кенесарынын чапкыны учурундагы согуштук искусствосу, аскердик айла-амалы көпчүлүккө жакшы маалым[1].

Арийне, Ормон хан ойлогон ой-максатын толук аткара албады. Опурталдуу ошол заманда мүдөөгө жетүү мүмкүн эмес эле. Элибиз эңсеген эгемендүү мамлекетке эки жүз жылдан кийин гана ээ болдук.

1 К. Үсөнбаев. Ормон хан. — Бишкек. «Алл-Пресс», 1999.

# ОРМОН ХАНДЫН САЯСАТЫ

*Ысмайыл Кадыров*
*Журналист*

## Ормондун бийликке келиши

1822- 42-жылдарда Кокон хандыгын Мадали хан (мухаммед Али) бийлеп турган. Мадали хандын тушунда Түндүк Кыргызстандын аймагы Кокон хандыгына каратылып, 1825-ж. Пишпек менен Токмокто, 1830-ж. Жумгал менен Тогуз-Тородо, 1832-ж. Курткада (азыркы Ак-Талаа району) Кокон хандыгынын чептери курулган. Ошентсе да алар толук баш ийишкен эмес. 1842-ж. Бухара эмири Насурулло Коконго жортуул жасаган. Мадали хан өлтүрүлгөн. Кокон хандыгы Бухара эмирлигине кошулду деп жарыялашкан. Бирок ал сөз жүзүндө гана калган. Негизинен таластык жана аксылык кыргыз төбөлдөрү башында турган топ 1770 — 98-жылдары Коконду бийлеген Нарбото бийдин иниси Ажыбектин уулу Шераалыны хандыкка көтөрүшкөн. Бирок бул саясий иш-аракеттер ушуну менен эле токтоп калбай, башкаруучу төбөлдөрдүн ич ара чырчатактары ырбай берген. Өз ара бийлик талашуу күч алган. Ферганада дыйкандардын таптык козголоңдору болуп турган. Түндүк кыргыздарда да наразылык кыймылдар күч алган.

Мына ушундай шартты пайдаланып, сарбагыш уруусунун ири манабы Ормон азыркы Балыкчыга жакын Кызыл-Токой деген жерге сарбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын башчыларын чогултуп, курултай өткөргөн. Бул курултайда Ормон хандыкка шайланган. Анткени ал мезгилде анын бедели түндүк кыргыздарга зор болгон, экинчиден Ормондун ага-бабалары Дөөлөс, Манап, Сарысейит, Үчүкө, Маматкул, Болот, Эсенгул, Ныязбектер байыртадан эле оң канат кыргыздарды бийлеп келген.

Ормондун хандыкка шайланышы Кокон хандыгын кыйла кооптондурган. Кокондуктар кыргыздарды колдон чыгарып жиберүүдөн чочулашкан. Ошондуктан түндүк кыргыздарды бооруна тартуу максатында Кокон хандыгы Ормонго «парваначы» даражасын ыйгарган (ал хандан кийинки эле эң жогорку мансап даражасы болуп, ордо башчы, кол башчы, миң башы маанисин түшүндүргөн). Бирок Ормон

буга карабастан өз алдынча бийлик жүргүзө берген. Кокон хандыгын тааныгысы келбеген. Ал гүгүл 20 — 30-жылдары Кокон бийлигине каршы көтөрүлүштү жетектеген Тайлак баатырдын саясатын улантып, Кокон хандыгынын Ысык-Көлдөгү, Курткадагы чептерин талкалаттырып, Кыргызстандын түндүгүндөгү кокондуктардын бийлигин биротоло кулаткан.

## «ОРМОН ОКУУ»»

Ормон бийликке жетүү менен эле чектелбестен чыныгы өз алдынча мамлекет куруу аракетин көрүп, мамлекеттик мыйзамдарды чыгарган. Мамлекеттик бийликтин атрибуттарын түзгөн. Хандык баш кийим — кызыл тебетей болгон. Кыргызга таандык туу, мөөр жасаткан. Хандыктагы аскердик тартиптин эрежелерин киргизген. Алсак, ал сырткы жоого каршы кол баштоого Төрөгелди баатырды, ички тартипти тейлөөгө Алыбек баатырды, жигит башчылыгына Шаменди, башкы кеңешчиликке Жантайды дайындаган. Кылмыш жасагандарды жазалоо үчүн айып салуу, орго салуу, дарга асуу сыяктуу иш-чараларды кийирген. Киши өлтүргөн үч жүз жылкы, кыз ала качкан кырк жылкы, ууру кылган тогуз жылкы (бирге тогуз) айып тарткан. Манапты өлтүргөн, кайындуу кызды ала качкан, үч жолу уурулук менен кармалгандар дарга асылган. Ууру жоюлсун, атка кишен салынбасын деген талапты катуу койгон. Булар элде «Ормон окуу» деген ат менен белгилүү болгон. Элден чогулган алык-салыкты мурункудай кокондуктарга бербей, өзү алган. Түндүк Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөн соода кербендеринен салык (азыркыча бажы жыйым) алып турган. Бул жерге соода кылууга келгендер Ормондон уруксат алышкан. Малына баа койдуруп, акысын төлөгөндөн кийин гана элге чыгышкан. Мына ушулардын эсебинен Ормон өздүк кароолчуларды (телохранитель) жана атайын машыктырылган 30-40 мергенчи кармаган. Дада жана Бердибек аттуу жигиттери ал мергенчилердин башында туруп, улам жаш балдарды, жигиттерди мергенчиликке үйрөтүп турушкан.

Ормон элдин сабатын ачууга да аракеттенген. Анжиян, Наманган дан молдо алдырып, балдарды окуттурган. 1825 - 30-жылдары «Жооп-Наме» деген китеп жаздырган. Анын ушундай мыйзамдарды киргизишине жана иш аракеттери-

не ошол мезгилдин эң бир прогрессивдүү ойчул Калыгулдун кеп-кеңештери да Ормонго кандайдыр бир деңгээлде таасир эткен.

Мына ушундай башкаруу ыкмаларына эл дароо эле көнө койгон эмес. Баш ийбегендерге коркутуу жолун пайдаланган. Бул эл ичинде «Ормон опуза» деген ат менен белгилүү. Ошентсе да айрым уруулар Ормонго сөз жүзүндө баш ийген менен иш жүзүндө өз билгендерин жасай беришкен. 1847-жылдары казак султаны Кенесары Касым уулунун кыргыздарга жасаган жортуулун айлакерлик менен талкалаган. Бул анын даңкын арттырган. Орус бийлиги баш ийгиси келбеген Кенесарыны талкалап бергендиги үчүн Ормонго подполковник наамын ыйгарган.

Кыргыз урууларынын биримдиги жоктугун жакшы түшүнгөн Ормон хан Кокон хандыгына каршы туралбасын, алсыз болорун мыкты билген. Ошондуктан ал орус бийлиги тарабына ыктаган. Бирок ошол эле учурда орустарга көз каранды болуп калуудан да корккон. Ошентип Ормон Кокон хандыгынын да, орус империясынын да мурда кыргыздардан эч ким ала элек эң чоң чин даражаларын алган биринчи кыргыз төбөлү болгон.

## ОРМОНДУН ӨЛҮМҮ

Ормондун жаңы кыргыз хандыгын түзүүгө жасаган далалатына кокондуктар да, орустар да тымызын тоскоолдуктарды уюштурушкан. Соодагер, молдолор аркылуу уруу башчыларын бири-бирине тукурган. Ички ынтымагын иритүүгө тымызын аракеттерди жасашкан. Ансыз деле өз ара ынтымактары жок кыргыз төбөлдөрү бириндеген. Натыйжада Жаңгарач Кокон, Жантай менен Боромбай орус бийликтери менен жашыруун байланыш түзө башташкан. Ошол эле учурда Б1сык-Көлдөгү бугу уруусунун манаптары өз алдынчалыкка умтулуп. Ормондун бийлигин таанығылары келбеген. Ормон хандыкка шайланганда Аскердик бийлик бутагына илинбей калган Балбай баатырдын да ичинде кеги бар эле. Орус империясына кошулууга ниеттенген бугунун чоң манабы, кан кудасы Боронбайды Ормон капысынан туткундоого ниеттенген. Мына ушулар жана ортодо болуп өткөн көптөгөн саясий окуялар бышып жетилип, айтылуу бугу менен сарыба-

www.bizdin.kg

гыштын чабышына ордо оюну шылтоо болуп берген. Натыйжада, 1854-ж. алтымыш төрт жашында Ормондун өзү өлтүрүлгөн.

Мына ошентип, Ормон хан өзү кооптонгон сырткы душмандарынан эмес, өзүнүн эле кыргыз туугандарынын колунан набыт болгон. Алгач эч кимге көз карандысыз кыргыз мамлекетин түзүү идеясы Ормон менен кошо талкаланган. Ошондой болсо да Ормон хан Ниязбек уулу XIX кылымдын ортосунда бытыранды кыргыз урууларын бириктирип, көз карандысыз өз алдынча кыргыз хандыгын — Кыргыз Мамлекетин — түзүүгө аракет жасаган биринчи инсан болгон. Ал башкаруу ыкмасында көптөгөн кемчиликтерди кетирсе да, башкаруунун тоталитардык ыкмасын колдонсо да, анын учурунда мамлекеттик тартиптин алгачкы белгилери пайда болгондугу менен баалуу. Демек Ормондун тарыхтагы орду өзгөчө. Анын орду бүгүнкүдөн эртең дааналана бермекчи.

# ОРМОН ХАН ЖАНА КЫРГЫЗДЫН КИЙИНКИ «ХАНДАРЫ»

*Шукурбек Бейшеналиев*
*Кыргыз эл жазуучусу*

Көөнө тарыхыбызда, дастандарыбызда кыргыз элинин байыркы замандарда кандай хандарыбыз болгонунан кабардарбыз. Соңку эки жүз жылды камтыган жаңы тарыхыбызда кыргыз тукумунан чыккан аты, заты мамлекетти башкаруудагы ишмердиги белгилүү алгачкы аталган ханыбыз Ормон Ниязбек уулу. Албетте ар уруунун, аймактын башында жергиликтүү бийлер, датკалар кыйла арбын болгон. Уруулардын башын кошкон, талоончу, баскынчылардын элинин бейкуттугун, жеринин бүтүндүгүн коргогон жалгыз «кызыл тебетей», эр жүрөк, алп мүчө, замананын айлакер саясатчысы Ормон хан экени талашсыз. Улуу тарыхчыбыз Бегималы Жамгырчиновдун 1944-жылы жарыяланган «Кыргыздар Ормон-хан доорунда» аталган баалуу эмгегинен шилтем келтирели:

«Көтмалдыда (Балыкчыда) Ормон жыйын чакырат. Ага саяк, бугу жана сарыбагыштан башка Чүйдөн солто, Таластан саруу жана кушчу, Тянь-Шандан черик урууларынын өкүлдөрү катышат. Ушул жыйында Ормон өзүн хан жарыялаган. Ал муну «кыргызда кызыл тебетей бирөө гана болот» деген сөзү менен билдирген. Мындан кийин ал өзүн хан деп атаган, ошондой эле бардык кыргыз уруулары аны хан деп аташкан. Ормон хан өзүн бүткүл кыргыздын жогорку бийлик ээси жана кыргыз урууларынын жалпы кызыкчылыгын коргоочусу ден эсептеген».

Азыркы Кетмен-Төбө (Токтогул району). Тогуз-Торо чөлкөмдөрү кошулуп, Түндүк Кыргызстандын бүт аймагы Ормон хан башындагы чыныгы бир хандыктын бийлигине баш кошушкан.

Ал эми Фергана, Алай өрөөнүндөгү түштүк кыргыздар Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө толук баш ийген. Кокон мамлекетинин башкаруу курамындагы саясий жана аскердик жогорку бийлик даражаларын ошо тараптагы кыргыздын мыкты билермандары ээлеген.

Ормондун хандык даңазасы жана анын жалпы тоолуктардын урматтоосуна бөлөнүшү, ошондой эле ага чет мам-

www.bizdin.kg

лекеттердин көңүл буруп, алака түзүүгө эл башчысы — ханы кагары атайлап таануусу султан Кенесарынын кыргындуу чабуулун ойрондоткондон кийин бекемделген.

Азыр өзүнчөлүккө, эркиндикке жеткен, күңкорлуктан арылган казактар Кенесарыны улуттук баатыр деп сыймыктантанып кубаттайбыз. Бирок өз элинин азаттыгы үчүн күрөшкөн кол башчы Кенесарынын боордош кыргыз калкын басмырлап, күнкорлонтууга батынганы, кандуу апаат түшүргөнү намыстуу коргоочуларды аргасыз айкашка чыгууга, баскынчынын мизин майтарууга мажбурлаган.

Казакстан менен Кыргызстанда канча ирет жарыяланган жана архивдерде сакталган белгилүү кол жазма тарыхый эмгектерде, көркөм адабий чыгармаларда Кенесарынын жортуулу кенен чагылдырылган. Россиялык тарых изилдөөчүлөр да далай ирет кайрылышкан.

Кенесары, казактар атаган хан Кене мекенине чектеш, оторчулук кысымын улам берилеп кеңейткен Россиянын куралдуу күчтөрүнө каршы кагылышып, туруштук beralбай Торгойдон улам берилеп, айыл-апасы, куралган колу менен сүрүлүп, Жети-Суу, Сыр-Дарыяга жеткен. Улуу жүз казактарды көндүрүп, кыргыздарды багынтууга, анан биргелешип падышалык Россиянын оторчуларына сокку урууга умтулат. Максатын аткаруу үчүн катуу талап коюп кыргыздарга өзүн ХАН деп таануусун мажбурлаган элчи жиберет.

Ормон хан ар уруунун билерман манап, бийлерин чакырып кенеш курат. Улуу державалык баскынчылыкка каршы биргелешип турууга макул экендиктерин, бирок хандыкты жашы улуу Ормонго берип, андан бардык бийликти, кийинки кол башчылыгын кошо Кенесары ээлөөсүн билдирген жооп кайтарышат кыргыз төбөлдөрү. Ормондун бул кеңешине катышып жактыргандар: саяктан Медет, Алыбек, Черикчи баатырлар; бугудан Боромбай, Балбай, Өмүр баатырлар; чериктен Ажыбек баатыр; сарыбагыштан Төрөгелди, Адыл, Жантай, Түлөберди, Калпак баатырлар, Субанбек, Ормонбектер; солтодон Жангарач, Тыналы, Төкөлдөш, Күрпүк, Жетикашка, Чыңгыш; саруудан Ажыбек; кушчудан Бүргө баатырлар болушкан.

Менменсине текеберленип өзүн жогору санаган Кенесары кыргыздын мыктыларынын бул жүйөлүү сунушун четке кагып, жыйырма мин куралдуу атчан жоокерлери менен Сары-Өзөн Чүйдөгү кыргыздарды каптатып ырай-

www.bizdin.kg

ымсыз, мыкаачылык кыргын салат. Эшкожо, Канай баатырлардын мүрзөлөрүн каздырат. Боюнда бар аялдардын ичин жардырып, перзентин да, өзүн да мертинттирет. Туткундалган жоокерлердин тирүүлөй төшүн тилдирип. жүрөктөрүн сууртуп ооздоруна тыктырат. Солтонун баатыры Жаманкараны, тынайдын манаптары Калпак баатырды, Ормонбек жана Субанбектерди өлтүрөт.

Ормонго баш ийген, жогоруда аталган кеңешке чогулган манаптар зордукчу зулум Кенесарынын баскынчылыгына каршы кол курашып, согушка аттанышат.

Ормондун айлакерлик уруш ыкмаларын колдонгон жетекчилигинин натыйжасында 1847-жылы солтонун жайыл, талкан, бөлөкбай уруктарынын айылдарын каптап, тынай урусунун айылдарын тебелеп жырткычтык талоонго өткөн Кенесарынын чабуулун Май-Төбө-Текелик сеңири деген аймактагы салгылашта кыргыз жоокерлери таш-талканын чыгара талкалап, Кенесарынын өзүн, иниси Норузбайды, баатырлары: Кудайменди менен Эржанды туткунга алышат. Кенесары, Норузбайлар өлтүрүлөт.

Кенесарынын орустарга каршы узак жылдарга созулган күчтүү, каршыккан куралдуу чабуулун тыптыйпыл кыйраткан Ормон ханды аскердик жана саясий кудурети бар кыргыз мамлекетинин жетекчиси катары Россия падышасынын өкүлүнүн куттуктаган кайрылуусу бекеринен эмес. Эң негизгиси Россиянын бийлиги кыргыздардын Ормон башкарган мамлекеттик биримдиги бардыгын тааныгандыгында.

1847-жылдын 31-декабрындагы Омскидеги чек ара начальниги, генерал-майор Вишневскийдин Ормонго жазган бул маанилүү каты жөнүндөгү даректи В. Бартольддун «Кыргыздар» деген тарыхый эмгегинен Б. Жамгырчинов кыябын келтире өз изилдөөсүнө ширештирген.

Илимий жана чыгармачылык паразаты жеткилең Ж. Токтоналиев Алматыдагы Казакстандын мамлекеттик архивинен Сибир кыргыздарынын чек ара начальниги, генерал-майор Вишневскийге 24-октябрь 1847-ж. Кара кыргыздардын баш манабы Ормон Ниязбек уулунун каты менен жогороокто белгиленген Вишневскийдин жооп каттарынын көчүрмөсүн алып, «Эркин Тоо» гезитинин 1-жана 6-августтагы эки санына кенен чечмелеп жана өз көз карашын айкындап «Ормон хандын мамлекеттик ишмердиги» деген маанилүү макаласын жарыялады.

www.bizdin.kg

Ормон хандын бир уруунун эмес, жалпы улуттук баатыр, көсөмдүгүн салтанаттоочу алдыдагы өнөктүктү жеткире даярдоодо Ж. Токтоналиевдин ишкердүү далалатын көрүп, билип жактыргандар арбын.

Орус падышасынын ишенимдүү мансап ээси Вишневскийдин кайрылуусун Бартольд, Жамгырчиновдордун тереңдигине үңүп, Токтоналиев маңызына чыгара чечмелейт.

«Ормон Ниязбек уулунун жана ал баштаган кыргыз элинин ондогон жылдар бою орус аскерлери менен согушуп, моюн бербеген Кенесары Касымовду жеңгенине кубанганын Вишневский билдирүү менен мындай баатыр эл Кокон аскерлерин да жеңери шексиз экенинен жана керек болсо жардамга келерине ишендиргенинен, Орусиянын бул түзүлгөн жагдайда кыргыздар менен аскердик биримдик (союз) түзүүгө да даяр экенинен кабар берип турат».

«Кашкар хожосуна аскердик жардамга барбагыла, Кокон хандыгы кол салганы турганда аскериңерди алыска жибергениңер өзүңөргө да кооптуу болоор» деп Вишневскийдин эскерткени кыргыздардын эл аралык алакасы бар экенин жана ага толук укуктуу экенин баса көрсөтүүсү деп түшүнүү керек.

Доордун өтө кыйын кырдаалында кыргыз эли мамлекеттик деңгээлге татырлык дипломатиялык алака жасап, кадыр-баркын сактап, өз алдынча саясий-аскердик күч катары орус империясынын көңүлүн бурдурганы кызыгуу туудурат.

Заманындагы бул чындыкты бекемдөөчү далилдин бири катары Ормонго орус падышачылыгынын алтын медаль, алтын жака чапан, Ардак намэ сыйлыгы ыйгарылган. Кокон хандыгынан парваначы деген жогорку мамлекеттик наам алып, Түндүк жана Борбордук Кыргызстандын бүт урууларынан зекет чогулттурууга укуктуу болгон. Демек Ормондун хандыгын жеке Россия эмес, Кокондун бийлиги жана кашкарлык кожолор да таанышкан.

Кантсе да Ормон хандын бытыранды кыргыз урууларынын башын кошуп борборлоштурулган мамлекеттик курамды түзүү саясаты ачык байкалат. Аны атактуу тарыхчылар Б. Жамгырчинов менен А. Бернштам үн алыша илимий жана саясий көз караштан туура баамдашкан. Экөөнөн тең кыска шилтем келтирели.

«Кыргыз элин феодалдык-уруулук чачырандылыгынан куткаруу үчүн Ормон хандын белгилүү деңгээлде мамлекет-

тик курам түзүү менен саясый башкарууну борбордоштуруу үчүн күрөшүү прогрессивдик фактор экени айныксыз. Мында Ормон хандын тарыхый ролун да танууга болбойт». (Жамгырчинов аталган эмгек, 50-бет.) —«На этом фоне заслуживают оправдания, а не порицание, централизаторские тенденции Ормон-хана, его попытки объединить киргизские племена, не считаясь с преградами и не смущаясь средствами, как бы повторявшие в миниатюре век Ивана Грозного в России» **(А.** Бернштам. Том 1, стр. 445).

Кыргыздардын мекен, ата журт аймагы, чек арасы белгилүү жагдайда Ормон мамлекеттүүлүктүн каада-салттарын (атрибуттарын) түзгөн. Асаба-туусу, урааны, сурнай, кернейчиси (Орозбак), комузчу шайыры (Музооке) болуп, эки аскер башчысы айыл арасында Кетирекейдин Алыбеги (саяк), жоо бетине Төрөгелди белгиленген. Алдындагы такай акылдаш кишилери: Меңназар, Сергеян, Медербек. Жаманжээн дайындалып, чоң кеңешине Жантай, а чынында Калыгул дайындалган. Аткаруучу жигити Саза, кырк мылтыкчан көзгө агаар мерген, балбан жоокерлери болгон.

Хан көтөргөндө, Кенесарынын баскынчылыгына каршы согушка беттегенде Ормонго таазим этишкен карамагындагы бардык уруу манаптары, анын өкүлү катары жергиликтүү бийликти, тартипти тескеген. Мал уурдоону, каракчылыкты кескин тыюуга оор айып өлчөмүн белгилеп, ал тургай атты кишендебөөгө калайыкка жардык кылган. Ал убагында аткарылып турган.

Ормондун хандык башкы максаты «Кыргыз мындай бет алды баш-аламан болуп жүрбөйлү, кыргызда бир киши эле кызыл тебетей болуп жүрсүн!» деген чакырыгы болгон.

Ормондун адамзатынын, ошону ичинде өз элинин тарыхына, салт-жөрөлгөсүнө кызыкканы, жөн гана укпастан кол китепке жаздырганы көсөмдүк касиетин айкындайт. Б. Солтоноев **«Кызыл кыргыз тарыхы» 1-томунун 86-бетинде көргөзөт.** «Тарых китептеринен биринчи колума түшкөнү 1898-жылында (1881-жылы басылып чыккап) «Шижире Түрк» жана 1899-жылында (1898-жылы басылган) Бартольд жазган «Жети суу тарыхы» болду. Ошол жылдарда кол жазмадан Ормон Ниязбек уулу кыргызга хан болгондо, болжолу 1825 - 1830-жылдарда намангендик молдого жаздырган «Жооп нама» колума түштү. Бул «Жооп наманын» башында дин тууралуу жазып, көбүнчө өлгөндө суракчы келгенде аларга жооп берүүнү жазган. Анын бир пайдалуусу

www.bizdin.kg

Тагай тукумунун, көбүнчө манап насилин, ата-бабаларын солто, сугу, саяк, сарбагыш, азык, черик, коңурат, моңолдор кандайча таралганын көрсөткөн. Жазылыгы бир карыш, узундугу үч кулачтан артык бир бирине желимдеп улаштырган сары кагазда эле».

Ормон элине, өлкөсүнө хан катары камкордук жасоо менен катар чексиз жеке бийликтин кумарына да бара-бара тартыла берген. Зорбу. чаканбы. абалтадан бери ар бийлөөчүнүн обору ачылып, улам барган сайын көптү ээлеп, таасирин кеңейтип, кадыр-баркын жогорулатып, карамагындагыларды кыңк эттирбей баш ийдирип, чындыкты айтып, терсаяктангандарды жазалап, опузалуу, каардуу жеке бийлөө дөөлөткө айланган. Ошол эле учурда жасакер өзүмчүл, чагымчыл куйтулар колтугуна кирип, мансапка дөөгүрсүгөн «хандарды» тактан тайгылткан.

Ошондой опуртмалуу жеке бийлөөчүлүк, оборун ачкан зулумдук кумары Ормонду да азгырган. Ормондун нээтин билдирген, ошо доордо чыккан ыр саптарынан келтирели:

— Карагайлуу алкымы.
Жайлоосунун салкыны.
Жайлоосунда төрү бар.
Жакасында көлү бар...
Байтакты көлдө кылайын,
Багынтып минтип сурайын...

Ысык-Көлдүн чөлкөмүн ордосуна айлантып, бугу ж. б. урууларды четтетүүнү самайт. Анан андан аркы максаттарын болжогонун туйгузат.

Кашкардын жолун каратып,
Анжыян жолун аңдытып.
Анда койсом хан кылып,
Ат-Башы менен Нарынга.
Үмөталы, Чаргынды.
*(Жамгырчиновдун эмгегинде.)*

Ушуңдай айтылгандардын айрымдары аткарылган. Чатак да жер, бийлик талашуудан ырбаган. Албетте мамлекеттин чегин кеңейтүү, тартипти бекемдөө, бардык аймакта өз үстөмдүгүн орнотуу Ормон хандын аброюн арттырмак. Бирок чар тараптагы ага конуштарын, өз букараларын ээлеген уруу манаптары өз алдынчалыгын жоготкулары, Ормондун тукумдарына ээлеткилери келбеген.

www.bizdin.kg

Баштагы ынак кудасы, бугулардын баш манабы Боромбай, аны менен катарлаш башка уруулардын билермандары Ормондун каардуу бийлигинен алыстоого умтулушат. Боромбай Россиянын букаралыгына өтүп, Ормонду ого бетер каршыктырат. Мыкты жанжөкөрү Алыбек баатырды кезинде тартуулаган «Кара келтесин» доолап таарынтып, Боромбай тарапка көчө качтырат, акыры Алыбек кек сактап жүрүп, Ормондун өлтүрүлүшүнүн көп себепкеринин бири болот.

Ормонго чейинки, андан кийинки деле мамлекеттик такты ээлегендердин тагдырында эки тараптан ырк бузулганда, бийлөөчү менен карамагындагылардын ортосунда келишпестик ырбаганда ич ара жаңжал тутанып, бийликтен ажыратуу, элди уйгу-туйгуга удургутуу менен аяктап келүүдө.

Мамлекеттүүлүктүн пайдубалын түптөгөн Ормон хандын катаал доордогу кеменгердик жана каардуу ишмердигинин кыргыз тарыхында олуттуу орду бар. Тарыхтын сабагын эскерткен бул пикирди коомчулуктун эсине тартуулайлы:

«Ормон хан жамы кыргызды бириктирип, өз алдынча мамлекет түзүүгө аракет жасабады беле. Мына ушул аракет сырткы күчтөрдөн эмес, өзүбүздүн эле ички биримдигибиздин жоктугунан ишке ашпай калбады беле дагы, кайра Ормондун өз башына муш болбоду беле» («Кыргыз туусу», 6.02.98-ж. Ы. Кадыров.)

Маалымат каражаттарыбызда азыркы күндөрдө Ормон хан, анын доорун изилдеген макала, санжыра жарыялаган жаш тарыхчылар, журналисттер арбын. Учурдагы адис тарыхчылардын аксакалы, тарых илимине маанилүү үлүшүн кошуп келаткан К. Үсөнбаев бүт кудуретин үрөп, Ормон, анын татаал, катаал мезгили жөнүндөгү көп даректүү варианттарды салыштырып, чечмелеп, өз көз карашын, баасын айкындап көлөмдүү эмгек жаратууда. Анын үзүндүлөрү кыргыз радиосу аркылуу он эки жолу калайыкка угузулду.

Ормон ханды өз заманынын мамлекеттик көсөм ишмери, баатыр кол башчысы катары адилеттүү баалап, анын оң-терс жактарынан сабак алып, бүгүнкү эркин өлкөбүздүн жетекчилиги, эл журтубуз алдыдагы 205 жылдыгын жогорку деңгээлде белгилөө парзыбыз.

www.bizdin.kg

Катаал доордо айлакерлик, кыраакылык менен чачыранды кыргыз урууларынын башын бириктирген мамлекеттик курам Ормондун өлүмү менен кошо кыйрады. Кыргыз элинин ыркы бузулуп, уруулар арасында (сарбагыш менен бугунун ж.б.) кандуу чабышы башталды. «Кыргыздын жоосу өз ичинде» деген сөз бекеринен тарабагандай.

Жергебизге советтик түзүлүп орногонго чейин жетимиш жылга жуук мезгилде бирдиктүү мамлекетсиз кайтадан ыдыраган кыргыз урууларын орус падышачылыгы күнкор оторго айлантып, бири бирин кагыштырып, кайраштырып ортолорун суута, каалагаңындай каардуу бийлигин жүргүзө берди.

Советтик доор орногондон отуз үч жыл өткөндө гана жеткилең кыргыз тукуму Ыскак Раззаков бийликке келип, Кремлден тоталитардык саясат өкүм жүргүзгөн учурда да Кыргызстанды стабилдүү он алты жыл башкарды. Акыркы көп жылдар өнөктөш болгон тең тайлаш жергиликтүү ишмерлер ж. б. саал төмөнкү кызматтарга сыйгылтылгандарына нааразылыктары күчөп, кек кууп, артынан сая түшө, жетекчиликтен кетирилген объективдүү да, субъективдүү да жаңылыштыктар менен кемчиликтерди топтошуп, Москванын түрткүсү менен элүү бир жаш курагында Исках Раззаковду тактан тайытып мекенинен алыстатышат. Кайран залкар Раззаков чүнчүп күн өткөрүп жүрүп, сөөгү да орус жергесинде калды. (И. Раззаковдун сөөгү мекенине 1999-ж. алып келип коюлду. Ред. — *М. Т.)*

Раззаковдон кийин чейрек кылым Кыргызстанды сабилдүүлктө жетектеген Турдакун Усубалиев бийлик чөйрөсүндө чогуу эмгек өтөгөн шериктерин ж. б. ларды кызматынан ылдыйлатканда, айрым илим, маданият өкүлдөрүнүн эмгектерин саясат нугуна салып сындатканда алар жоолашып өч алууга өтүшкөн. Албетте алар да өз укуктарын, басмырланган намыстарын коргоого тийиш эле. Узак мезгилде Усубалиевдин кадр, көп тармактуу эл чарбасын жетектөөдө жиберген мүчүлүштөрү болгон. Көзгө көрүнөрлүк ийгиликтери, түбөлүккө сакталчу заңгыраган рабаттарды курдурганы эч унутулууга тийиш эмес.

Ошого карабай ызыланган топ — кечээки шериктери Усубалиевдин үстүнөн өчөгүшүп, каралаган арыздарды КПСС БКга жаадырып, өнөкөтүккө айлантышты. Горбачев, Зимянинчилерден колдоо табылып, жаалдуу текшерүүчүлөр ай-

www.bizdin.kg

ыптоо актысын топтошту. Натыйжада Т. Усубалиевди пенсияга жылуу-жумшак узаткан болушту. Такка А. Масалиевди отургузушуп, чынында москвалык десантчылар бийлешти. Айкындык, кайра куруу деген ураанды жамынышып, Усубалиевди каралоо чабуулун башташып, партиядан чыгарууга жетишишти. Бирок Усубалиев акталды. А. Масалиевдин алты жылча созулган билинер-билинбес жетекчилиги, борпоңдугу, анча өчөгүш чыгарбай сыймыктуу орунду оңой олтоңураак бошоттурду. Ал Ош окуясындагы алсыздыгы, улуттук чыгармачылык мурастарды баалоодогу түшүнбөстүгү, интеллигенцияга бир жактуу үстүртөн мамилеси, баарынын, дагы кайталайлы, москвалык десантчылардын көзүн карап, кыргыздын улуттук салт-жөрөлгөсүн өгөйлөтүүсү аркасында көпчүлүк коомчулуктун урматтоосуна бөлөнө албады.

Адам, асыресе мурдагы жетекчилер айрым маселелерди мезгил өткөндө туура талдап, акылына кеч кирерин көбүбүз өзүбүздөн, башкалардан да байкоодобуз. Ушул жагдайда Т. Усубалиев, А. Масалиевдерге кайрылгым келет. Азыр экөө тең ачык, демилгелүү патриот. Мекенибиз үчүн пайдалуу көп маселелерди жарыша көтөрүшүүдө. Кыйласы өзүлөрүнүн дооранды жүргөн учурда козголгон, чечилчү маселелер эле. Аларды санап отурбай (билесиздер), бирөөнө эле токтолоюн.

1927-жылы Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеевдердин тушунда курулган алгачкы өкмөт үйүнүн алдындагы гүлзарлуу аянтка, алардын катарында Абдыкерим Сыдыковго, Ысках Раззаковго, Төрөбай Кулатовго эстеликтер тургузулду. Аларга арналган салтанаттуу жыйындар, юбилейлик кечелер өткөрүүлүдө. Усубалиев да, Масалиев да алардын кеменгер жетекчилигин мезгилдете баяндамалар жасап, макалаларын, эскерүүлөрүн жарыялашууда. Репрессиянын курмандыгы болгон биринчи саптагы улуктарыбыз элүүнчү жылдардыи ортосунда эле акталган. Суроо туулат. Усубалиев менен Масалиев бул сырттандарды доораны жүрүп турган убактарында неге эскербеди, ошондо аларга демилгелүү патриоттуктарын неге көргөзбөдү? Москванын көзүн карачубуз деген шылтоо анчейин ишенимдүү эмес. Айрыкча Масалиев айкындык, кайра куруу доорунда, Абдрахмановдорду анча билбесе, колдоосун, таалимин көргөн Раззаков менен Кулатовду неге эстебеди, эстеликтерин, ысымдарын койдурбады, эмгектерин чыгартпады? Бийлик колдо кезинде өзүлөрүнөн

мурунку кеменгерлерди жеткире барктабай,- кечигип болсо да түшүнгөндөрүн пендечилик дейбиз го.

Азыр да ишмерлердин жогорку чөйрөсүндөгү Усубалиев менен Масалиев улутубуздун сыймыктуу даанышмандары: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Боогачы, Казыбек ж. б. лардын баалуу мурастарын калайыкка жеткиртпей камоодо карматып, а тургай каралатып келишти.

Бийлик ээсинен эл, ишмерлер тагдыры оң да, тескери да чечилерин, өткөндүн сабактарын интеллекттүү зиалилер, айрыкча улуктарыбыз эскере талдай жүрсө демекчибиз. Маданий мурастарыбызга, тарыхыбызга, байланыштуу мурда «унуткарылып», туңгуюкка катылган улуттук сыймыктарыбыз эгедерлүү эркин мамлекетибизди жетектеген Президентибиз (ханыбыз) Аскар Акаевдии доорунда «Манастын миң жылдыгын» баштап, ааламга айкындалып шаңдуу өткөрүлүүдө. Аз элдин чоң даңазасы артканына мекендештер кантип кубанбайт. Азыр руханий дөөлөтүбүз өскүлөң тартууда. Кыйраган советтик империянын салакасынан алсыраган экономикабыз өткөөл мезгилдин кыйынчылыгынан эптеп чыгуу аракетинде. Арбыган жумушсуздук, жакырчылыктан калайыкты куткаруу максатындагы мамлекетибиз менен Өкмөт жетекчилигинин далалатын, ички мүмкүнчүлүккө сырттан колдоолорду ыктуу айкаштырып жумшоочу стратегиялык багыттарын жүзөгө ашыруу үчүн кудуреттүү жаңы байлар, ар тепкичтеги аткаруучулар жапатырмак аянбай кол кабыш калышса жакшы болбос беле.

Айрым мыктыларыбыз элибизди бей-бечаралыктан аста-секиндеп кутказуунун аргасын издеп, көмөктөшүүнүн ордуна так талашуу, бут тосуу менен алектенүүдө. Кээ бир кыйынсынган азаматтар жетекчилик менен элдин арасында ырк бузулчу жосундарды кылтыйтууда. Башкаруудагы кемчиликтерди, жаңылыштыктарды так, таамай көргөзүү, андан арылуу жолдорун сунуш этүү ар улукка пайдалуу, антүү акылмандыктын белгиси. Ал эми караманча тилдөөдөн, баштап аяк каралоодон, чөптөй кемтикти бакандай көтөрүп тап берүүдөн кандай утуш чыкмак.

Эл, коом тагдырына жанкүйөрлөр сындоонун жүйөлүү ыкмасын колдонсо алкоого татып, мөрөйлүү болоор эле. Деги Ормондон берки хандыктарыбыздын түркүн доорлордогу пайдага жапа зыянга чечилген сабактарын эскере, талдай баалаганыбыз оң.

## ОРМОН ХАН ЖӨНҮНДӨ ОЙТОЛГОО

***Асан Жакшылыков***
*Акын*

Баатырлыктын жолунда Кыргызды байыртадан күчтүү кылган, же айрым кезде алсыраткан жагдайлар дагы далай изилденээр, такталаар... Дегеле Ормонго чейинки оболку баатырлык жагдай негизги калк менен тагдырлаштык эле — ошондо Адам баатыр эле! Ормонго да «Баатыр» деген барктуу сөз куп жарашып калып жатпайбы!

Биздин бу жолу айталы деген сөзүбүздүн багыты бай-ыркы болсо да, уланышы берки —19- кылымдагы Ормон хандын учуру... Мына ушул учурга чейин үзүлүп-үзүлүп, байыркы замандардын жышааны жетип, бирок калктын кыйла касиети кетип, каруусун жыйнай албай, кан какшап ыйлай албай турган учуру... О, Ата журттун алсызданган мезгили! Көкөй кести заманы! Буга кандай себептер бол-гон? Себеби, Жогорку бийлик жоголуп, уруу хандар бирин-деп кеткен эле. Уруу бар, улут жок болгон күнгө кыргыз кайра туш болгон, демек, алсыраган, анан барып кансыра-ган учуру эле...

Жер-асман менен тагдырлаш жашаган тээ Угус доо-рунан бери кырк уруу кыргыз аталганы, өзүнүн ички айла-амалы, улут катары уюшулган жол-жобосу небак калыптанган ынтымагы бар эмес беле? Калктын кысыры кантип сакталчу эле? Ынтымагы жоголсо эмне ырыс калды?

Кырк уруунун эн бир асылзаадаларынан тандалып-тандалып келип, «Эр Чоросу» атагын алган адамдар эң бир эстүү, эң баатыр, эң көсөм, эң бир элге күйүмдүү болуп, калктын кадырына ак кызматы менен арзыган. Ошолордун ичинен артыкча туулган, айкөлү жалпы кыр-гызга жооп берген бийик даражадагы КАРА КАН наамы-на жеткен; ал адам — эл өзү элчи кылган Кырк Чорого баш болуп, калктын тагдырын чечкен — ушундай улуу Жөрөлгө — элге эге болгон күч, ынтымактын уюткусу, эми Ормондун заманында, табылбай калган учуру эле да.

«Кара» деген сөз — Түрк, Чоң, Улуу, Башкы деген бийик мааниге ээ эмес беле! Мына ушу Кара кандык

даражага жеткен адамды Жараткан колдогон кудуреттин сүрү жылоолоп, калк кадырлаган Кырк чоронун башына туруп берген жалпы кыргыздын Хан Атасына мүлдө калк баш ийип турса, бу Асман-Жердин ортосундагы Адам кандай улуу касиетке ээ эле?! Калк сүйгөн Хан — кандай кадырлуу жан эле!

Кырк уруу кыргыздын ичи, азыркыча айтканда федерация сыяктуу ар бир уруу өз ханы бар чакан мамлекеттердей уюштурулуп, «депутат чоролор» аркылуу Жогорку Бийликти, так айтсак биримдикти түзүп, жалпы ынтымакты кармап, жалпы кудурет күчтү өөрчүтүп жашаган эл эмес беле бу Чоң Кыргыз! Ошо Жогорку Кара канды, төмөнкү тең укуктуу катаган, нойгут, мундуз, төбөй, саяк сыяктуу байыркы кырк уруу элдин ынтымак ырысы, калктын кудурети, өкүлчүлүгү курчап, баатырлары элдин кырк чоросу болуп, Бийликке кошоматтыгын кошпой акыл кошуп, жалпы «Кыргыз эли» деген биримдигине ички уруулар уюмдашып, тагдырлашып — 8000 жылдан ашуун өмүр сүрөп келишкен; айтор, ошо заманга ылайык жетик саясий система түзүлүп, ал уюмдашуу узакка элибизге иштегени айкын эле да.

Мен Ормон хан жөнүндө ойлорумду экинчи ирет жазып жатам. Биринчи жолу «Көкөй Кести» драмасын жазып, Нарын музыкалык драмтеатрына коюлган.

Ормон заманында урууучулук болгону менен кыргыз эли Ала-Тоонун кыр-ойлорунда көчүп-конуп жашап жатканы менен, оболу, жалпы бийлик жоголуп, ынтымак жоюлуп, кыргыз деген аты калганы менен заты калбай, урууучулук болсо да, улут күчү жок болуп кетип бара жаткан кырдаалга туштуккан учур эле. Сөөгү бир улуттун ичи өз ара өчөштүккө жык толуп, катуу каршылашып калышы — деги кандай оор трагедия, ошондон өткөн азап-шор болобу? Кыскасы трайбализм дейбизби, урууучулук дейбизби, же түндүк-түштүкчүлдүк, же нарындык, же жалалабаддык саясый мафиялар дейбизби, айтор, ушундай шектүү ыплас саясатты пайда кылган, жалпы кыргыздын ынтымагына ичтен сокку урган митаам кармаш бар жагынан алып карасак, биздин улуттун көптөн бери калыптанган ички шору. Ормон замана ошо залакадан эч айыга алган жок, ага урук-тууганды кыя албаган ошол доор да, жеке пенделик түшүнүк-мүнөз да жол берген жок — чектелди, бирок кутулууга Ормондун чоң аракети болду, урууучулук өтө күчтүү дарт экендигин көзүнө көрсөттү, ал турсун бүгүн да

www.bizdin.kg

калыстыкка жеткирбей, бул кара өзгөй күч бүт калкты каржалтып турат.

Угус доорунан берки кыргызды күчөнткөн уруучулук нукура ынтымак жоюлган соң, негедир ошо уруучулук күч тез эле терс мааниге ээ болуп, эми узакка элдин убалына калабы? Бул кыргыздын өз башын катуу ооруткан он тогузунчу кылымдагы эң орчундуу көйгөй маселе эле. Кыргыз деги бир бүтүн күчтүү элге кайра айланабы, же уруучулук шарттаган ички кармаштан эзели чыга албай, ич ара жаңжалдын алкагында кала береби?

Ормон болжол 1790-жылы туулуп, ошо уруучулук кармашка өзү жем болуп, 1854-жылы каза тапкан. Ал эми 1842-жылы түндүк Кыргызстанга бугу, сарбагыш, саяк, солто, саруу, кушчу ж. б. урууларынын хандары Ормондун аракети менен биригип, тээ атамзамандан келаткан жалпы кыргыздык Жогорку Кара Хан бийлигин кайра тирилтип, Ормон өзү эл башында турууга өтө чоң далалат кылган жана белгилүү даражада жалпыга Кара Хан да боло алган. А. Н. Бернштам кыргыздардын башын коштуруу боюнча Ормондун тектүү аракетин бекеринен Иван Грозный менен теңештирбеген; ишин тарыхый жактан оң баалаган. («Исторические и архивные документы Об Ормон хане» Бишкек, 1999 г, 29 стр.)

**Уруучулукта биротоло былгып калган кыргыз турмушун бир жагынан байыркы, бир жагынан жаңы саясый кырдаалга ээ кыла турган жалпы улутту бир бийликке баш коштурууга Ормондун чечкиндүү багыт алышы — чындыгында эле кыргыз элин сактап кала турган өтө чоң саясый алгылыктуу иш эле; мына ушул аракети үчүн Ормондун ысымы улут тарыхында алтын тамгалар менен жазылууга акылуу.**

Эми Ормондун жагдайын ойлонуп көрүңүз, ал албетте тарыхый инсан гана эмес, киши колдуу өлгөн бул баатыр — трагедиялуу тагдырдын ээси. Ормон улуттук жалпы Хан даражасына жетип, бирок уруучулуктун уу канжары ага малынган да, өзү жан таслим болгон. Анын тагдыры чындап эле Көкөй кести. Ошентип Ормондун өлүмү менен кыргыз эли жалпы улуттук бийлигин түзө албай, уруулар бирикпей, ич ара жоолашып, улут катары жоюлуу багытына бет алганын соңку мезгил жакшы эле далилдеп, негизинен Ормондун саясий аракети толук жанбай, байыркы, баатыр кыргыздын кудурети биротоло кемип, ички бирим-

www.bizdin.kg

диксиз калган улуттун күнү соолуп бараткандыгын арман катары тарых өзү «Сынган бугудай» сыздап турат.

Дегинкиси жалпы кыргызга Кара Хан керек беле? Же Ормон өз эзүүсүнө элди багындыргысы келген бир айлакер адам беле? Ооба, кыргыз элин жалпы ынтымакка алып келе турган калыс бийлик калкка качан да болсо керек. Кээде сес көрсөткөнүн, жеке чалпоо кыялын айтпаганыбызда, Ормон ошол максаттагы адам болгон.

Эми ал кездеги сырткы кырдаалга карайлы. Биринчидеи Кытай мамлекети кыргыз эли урууучулуктун чеңгелинде калганын эң жакшы түшүнүп, өзүн өзү билген уруу башчыларын бирден боюна тартып, чен берип, жардам көрсөтүп, кыргызды кытай багытындагы өлкө кылууга аракети ачык жүрө баштаган. Орус империясы болсо, жалпы европаны ээликтирген жаңы кулчулдук саясатка баш оту менен кирип, Сибирдеги майда элдерди «өздөштүрүп» бүтүп, казактын улуу, орто жүздөрүн «эпке» келтирип, Кенесары баштаган кичүү жүздөр жанталашып каршылык көрсөткөндүгүнө карабай, улам Кара кыргыздарга жакындап келе жаткан учур эле.

Ал турсун, жыйырма жылдап кыргыздын арасына Файзулла Тархан Ногаев сыяктуу адамдар соода-сатык кылып, бирок жылма Россия империясы үчүн чечкиндүү иштеп, бугу уруусун өзүнө ийитип койгон. Ал эми түштүк кыргыздардын абалы андан да оор болчу. Небак Кокон хандыгы бийлик жүргүзүп, ал турсун, түндүк кыргыз жерлерине да чептерин куруп, хансалык салып жыйнап, баш ийбегендерди зынданга салып, жазалап өлтүрүп дегендей, ал турсун Ормондун өзү Кокон Хандыгынын Түндүк кыргыздардагы жогорку Парваначысы болуп түздөп-түз баш ийип калган учур эле.

Ал эми жанталашкан казак султаны Кенесары Орус империясынын зор күчүнө туруштук бере албастыгына көзү жетип, кыргызды кандай да болбосун өзүнө кыйбас шерик кылып алып, тоскоолдук көрсөтүп турууга эки көзү төрт эле. Заман ушу болчу. Кандай арга табууга болот эле? Же кыргыз эли көрүнгөн өлкөнүн көкүрөк-кучагына уруу-уруу болуп бириндеп кирип кетсе, жан багып кете алат беле, улут катары сакталат беле? Кытайды кыйналбай мындай кой, Орусту ордуна коё тур, биз менен кандаш жана диндеш кокондуктар кыргыздын кокондой башын аяптырбы? Же, кыргызды аёосуз кырган Кенесарынын зордук-

зомбулугу не деген кейиштүү азап эле? Ушинтип кан тарапты карабайлы, мамайдын көрү дегендей, кыргыз улутунун жаны өз көзүнө көрүнүп калган оор учур эмес беле.

Ага чейин Ормон өзү да жылкы чаап, саяктардын колуна туткунга түшүп, уруулук кармаштын запкысын көрүп, ал азаптан кудайдын барманы менен араң бошогон. Ал турсун өз атасы карабай кеткен. Ушинтип, уруучулук бүткүл кыргызды кыйнаган ички оор дарт экендигин ал өз башынан өткөрүп билген. Жапайы уруучулук күчтүү өкүм сүрүп, өз ара тирешүү адатка айланып, кыргыз ич ара өзүн өзү аябай калганбы? Мына ушундай ички-сырткы кыйын шартта, ушундай ахыбалда калган эл деги жашай алат беле? Жашоо үчүн күрөш кандай багытта жүрүш керек эле? Мына ушул ал-ахыбал Ормонду он бөлөк түйшөлтсө керек. Анан аракети кандай болду?

А дегенде тирешкен Ниязбектин сегиз бегинин эң башына барды, сарбагыш уруусун баш ийдирди. Кашына Калыгул олуяны алды. Жантай менен жакындашты. Төрөгелди, Адыл, Шамен, уулу Үмөтаалыны эл намысына жетилтти. Айтор сарбагыш уруусун саясый күчкө айландыруу менен катар эле кудай буйруп, куда-сөөк күтүп бугу, саяк, солтолор менен жакындашты. Бу дагы туура кадам эле. Андан соң Таластагы кушчу, саруунун эстүүлөрү менен татуу мамиле түзүп, Ажыбек аркылуу ал элди бооруна тартып мүлдө түндүктү ымалага алып келди. Ормон Кокон бийлигинин Түндүктөгү Жогорку Парваначысы деген даражасын алып, түштүккө да акырын кол узатты жана түндүктөгү негизги бийлик катары бийик укукка ээ болду. Бу да айлакерликтин иши эле, мына, Ормондун амалайласы ушинтип ичтен күчөп олтуруп, сырткы чоң өлкөлөр толук басып калгыча жалпы Кыргыздын Жогорку Кара Хандыгын негиздеп, заманга ылайык мамлекет түзүп, Орто-Токойго жакын тармал Сазда 1842-жылы Курултай чакырып, жалпы Хан атагын алды; жалпы кыргыз ичинде «Кызыл тебетейге» Ормон ушинтип жетти.

Ормон «о» дегенде элестетип орустун көптүгүнүн сүрүнөн коркту. Тоголок Молдо жазан: «Орус Омбу деген жерге келип түшүптүр деген чын кабар боюнча көпчүлүк эми эмине айла кылабыз дешип. Ормонго акыл салат. Анда Ормон бир түрдүү амал ойлоп:

- Кокон канына да, оруска да сурак бербесек, деген акылды кылып, орустун келер жолун утурлатып элчи жи-

www.bizdin.kg

берет. Ал элчиге эч кандай кеп-сөз айтпастан, он койдун терисин өңдөтүп туруп, бир малакай тебетей жасатып, атайын бир коштоо аттын белине тартып берип жөнөтөт.

— Ушу тебетейди орустун улугуна алып барып тапшыр. Ким берди десе, Ормон берип жиберди, ар дайым башына кие жатчу тебетейи эле, сизге белек кылып берип жиберди. Кийип жатып жүрсүн дейт, -— деп гана айткын. Бөлөк эч нерсе дебе, — деп элчини жөнөтөт.

Элчи үч ай жол жүрүп Омбуга барып, орустун чоңуна тебетейди тапшырган соң орус бир түрдүү коркунучтуу ойго түшүп: «Бул тебетейди кийген кишини жер араң эле көтөрсө керек дешип, чын эле Ормондун айдыңы, чоңдугунан колоп Омбудап бери өтпөй, үч жыл токтогон дешет». Ормон менен орус империясынын «оюну» ушинтип башталган экен. Албетте Ормон да жөн жатпай, анын ортосунда жалпы кыргызга тигинтип Кара Хан болуп, Кокондун чарк-чамасын байкап, «көк мелтей» атагы артып, бала кезинен жолборсту жыга чаап, жыланды кесе тиштеп, ачуусу келгенде өз санын өзү мыкчып, сабыр токтоткон олбурлуу Ормондун опузасы күч ала берген. Кыргыздын уруу башчылары аны Кара Хан шайлабай коюшуна көзү жеткенде, же Талып Молдо жазгандай, бугудан чыккан чоң Ногой деген дагы бир алп киши менен алдын ала сүйлөшүп алып: «Сарбагыш, солто, саякты Ногой чаап алам деп жатыптыр кантебиз» — деп, кайра Ормон өзү эки ортодо элчи болуп, бир өгүздүн жарты терисин бир өтүк жасатып кийген зор Ногойдун алдына Ормон жасалма өмөчөктөп:

— Саяк, сарбагыш, солто туугандарың эки тогуз тартуу байлады, бир жолку ачууңузду маган бериңиз, буларды чаап олжолойм деген ачууңузду токтотуңуз, — дейт. Ногой көпкө чейин үнчүкпайт. Ормонду ээрчий баргандардын чыны менен эле эстери чыгып турат. Бир кезде чоң Ногой:

— Бердим бир жолку ачуумду Ормон баатыр сага, колумду токтотоюн, — дейт.

— Кулдугум бар, — деп Ормон кайра жөнөйт. Ормонду ээрчип барган саяк, сарбагыш, солтонун жакшылары Ормон мыктылыгынан бизди бугунун чабуулунан ажыратып калды деп ыраазы болуп, баш ийип калышат. Мунун баары Ормондун амалынан чыккан нерселер. Кийин чоң Ногой:

— Ай ошондо оңбогон Ормондон корkконум ай!— деп калуучу эле деп карыялар сөз кылганын угаар элек. Ошен-

www.bizdin.kg

тип Ормон куулук кылып, ошол жыйында сарбагыш, саяк, солтонун жүрөгүн алат да, жыйынды таратпай, эчтеме айтпай, элди кайрадан камап жата берет. Ошондо Кызыл тебетей бирөө эле болот, — деп Ормон өзүн Хан көтөргөн деген айың сөз бар. Балким, бул жакшысын асырай алба-ган ич күйдүлүктүн сөзүдүр. Айтор, жөн киши таз болобу дегендей, өз мүдөөсүнө жетиш үчүн Ормондун айла-амалы мол болгон экен. Оруска жөнөткөн Ормондун тебетейи, же жогоркудай жол менен түндүк кыргызга Хан болуп алы-шындагы айла-амалы тамашадай сезилген менен, Ормон-дун оңой балээ эместиги Кенесары Норузбайдын кыргызга болгон кара чабуулунда катуу байкалды.

Ормон хандык даражасын эл алдында ошондо катуу актады! Бул чабуул бир түндө жаап салган калың кардай капилеттен болгон жок. Ортодо чоң саясат ойноду. Туура, элдеридин эркиндигин сакташ үчүн Кенесары менен Ор-мон саясий жактан союздаш болууга ортодо чоң негиз бар болучу. Алар орус мамлекетинин кулчулдук саясатына жадысында экөө тең каршы эле. Албетте казак элинин улуу жана орто жүзү Орус империясына карап бергенден кийин Кенесарынын абалы оор эле, Ошондуктан, кыргыз-ды ачык эле кармашка үндөгөн. Ормон болсо Кокон, Россия, Кытайды эске алып туруп орус менен эртелеп эле кармашып кетип кара кыргызды кырып алуудан чочулап да, аябай сактанып да турган. Орус менен да, кытай менен да, Кокон менен да ортодо мамилеси бар болчу, бирок мүдөөсү эркиндик эле! Арийне бул эркиндикке кантип алсыз туруп жетет? Чырмалышкан каршылыктардан чыны-гы жолду табалбай бушайман эле Ормон хан.

«Орус деген көп эл, беттешкен жоосун талкалап же-ңип, каптаган селдей болуп, Эдил жайыкты кечип, Орол-дон өтүп, Сары-Аркада сансып жаткан калың казакты алып, Эртиштен чыга Илеге жакындап калды. Аркадагы Ала-Тоо, Иле, Чу бойлоруна тезинен ат кояды. Арыны эң катты, аскери өтө мол. Кыргыз, казак эзелтен эл четинде, жоо бетинде... жакшылык-жамандыгыбыз, жыргал кубаны-чыбыз, аралас эл едик. Биригип жоого каршы күтүнөлү. Казак-кыргыз биргелешсек Ташкен, Кокон, Самаркан биз-дин ыктан алыс кетмейди. Мен элчимин, хандын буйругун айттым, ирде биргелешмесеңер сендерге көп күч келер, Кене хандын тапсырганы осы сөз» деп жазат Белек Солто-ноев бул жагдайды. Буга Ормон «биз кеңешели» деп,

www.bizdin.kg

элчини жиберип коюп, жоопту кечеңдетти: Кене хан кыргыздарды ийитиш үчүн туткундагы Калчаны баш кылып эки жүз кыргызды бошотуп да жиберди. Дагы эле кыргыздан жооп жок. 1846-жылы Кенесарынын чыдамы кетип, кысымы чындап күчөй баштайт. Акыры хан Ормон Жантай, Жангарач ж. б. эстүүлөр менен кеңешип туруп: «Пусть он (Кенесары) ханство над обеими народами передаст мне. а Кенесары будет действовать с моего согласия! (Е. Бекмаханов «Казакстан в 20 — 40 годы XIX века. 330 — 331 б.). Бул Кенесарыңын кыжырына тийген жооп эле. Бул жоопто да Ормон кашкайып көрүнүп турат: бекемдиги, эл намысын ойлогону, акылы, опузасы. Анан эки ортодо элчилик бузулат. Сүйлөшүүгө барган Жаманкара баатыр, элчи Турап өлтүрүлөт.

Ошептип баягы уруучулуктун залакасы катуу тийди да, ачуусу менен жыйырма миң даяр колу бар Кенесары 1846-жылдын башы менен улам кайталап, кайталап чабуул баштап, кыргызды өтө мыкаачылык менен кырып кирди. Күлүн көккө сапырды, бейиттерди кастырып, өлгөн арбактардын сөөгүн чачтырды, боюнда бар аялдардын тирүүлөй курсагын жардырып, душманы кылбаганды кылып, «тууганыбыз», ыгына көнбөй койсок, каалаганын жасады; чындап эле Чүй менен Ысык-Көлдү ээлеп алам деген чүйгүн мүдөөсүн ошондо көрсөттү белем султан Кенесары!

Анткени анын дымагына жараша дымып жаткан күчү да бар эле. Оруска кичүү жүз казакты каратпайм деп, он жыл бою кармашып жаткан Кенесары оңойбу! Ормон ким болуп кетиптир! Анын үстүнө «разделяй и властвуй» саясатын өтө мыкты өздөштүргөн орус империясы ортого отту жакшылап жагып коюп, кызыл кыргын, кара сүргүндү кыбаасы канып кылчайбастан түз карап турду. Бул Нюхаловдун Вишневскийге жазган рапортунан байкалып турат: «Я писал письмо к известнейшим из них биям: род бугу Боронбаю... сарбагыш Ормон Ниязбеку и солты Джангарач Ешкожину, приглашая их к истреблению Кенесары, как врага их и русского правительства» (ЦГА Республики Казакстан Ф. 826 ст. 10. д. 54, л. 12). Улуттук кудурет бузулганда уруучулуктун залакасын сырткы күчтөр кандай кылдат пайдалана биле турганы бул кыска каттап даана эле байкалып турбайбы! Өз элдеринин эркиндигин сүйгөн Кенесары менен Ормон өлөрчө тирешти да калды; журт кырылды — экөө тең алсырады.

www.bizdin.kg

кулчулуктун кучагына түшүп бербеске кумурсканын белиндей да кудурети калбады.

Кенесарынын жыйырма мин колу үчкө бөлүндү да, Чүйдүн баш аягын канды булоон чуу түшүрдү. Ормон кабарды Ысык-Көлдүн Байсоорунунан угуп, дароо бугу, черик, сарбагыш, саяк башчыларына кыргызга жоо келгенин билгиздирген; мына «өзүн өз шайласа» да Хандыктын пайдасы кыргызга тийип, бул Ормон келгиче Кенесары кадимкидей үстөмдүк кылган ушу мыкаачы согушту Ормондун оболу айлакердиги жеңип чыккан; ал жалпы абалды тактаган соң, Ормон менен кошо ого эле көп кол куралып келгендей жышаанды душман Кенесарыга туйгузган; тамак-ашынан өксүтүп, анын жоокерлери ичкен агын сууну башка сайга бургузган; карагай-тал сүйрөттүрүп, кадимки Манас келгендей керней-сурнай тарттырып, тоо-талааны баягы опузасына салын туш-тараптан сандаган кыргыз колдору согушууга күн-түн тынбай чубап келип жаткандай калың-калың чаңды ызгыткан; түнкүсүн тоо баштарына сансыз от жактырып, «Ормондун жабалактаган сансыз колу» дедиртип, душман арасына имиш-имиш сөз тараткан, ой-бууй Ормондун амалы мол эле, ушинтип Кенесарынын үшүн алган; жеңишке ишенимин жоготкон; үстөккө-босток тыңчыларды атайын жибертип, душман ичин козуган; ал аз келгенсип, Супатай өңдүү калыс кишилерди өзүнө тартып, Кенесарынын согуш колун бөлгөн — акыры бул аракеттери майнап берип, Ормондун бүт далалаты туура чыгып, курчалган Кенесары сазга тыгылып, колго түшүүгө аргасыз болгон; качан Ормон мүдөөсүнө жеткен соң, душманды кайра дос кылып кайтаруу, казак-кыргыздын ич ара мамилесине доо кетпегендей жыйынтыкка келүү көңүлүн ээлеп, Ормон Кенесарыга кыргыздан аял алып берип жөнөтсөм деген ниет менен көпчүлүккө кеңеш кылган, бирок Кенесарынын запкысы элге аябай өтүп кеткен экен, айлакер Ормонго жолуккуча эле алдын ала киши колдуу болуп каза тапкан.

Эгер Ормон жалпы кыргызга «өзүн өзү хан шайлап койбосо» мынчалык элдик намыска укук алып жан үрөйт беле? Бул күч тең эмес согушта кыргыз тарабы жеңет беле? Анда элдин тагдыры кандай болмок? Жер соорусу Чүй менен Ысык-Көл кимдин ырыскысы болуп колуна өтмөк? Ормон убагында ынтымак куруп калбаса, биздин уруу башчыларыбыз бири-бирине чындап күйүм кылат беле?

Же, казактын жүздөрүндөй бөлүнүп-бөлүнүп сыртка ийилип берет беле? Кокон хандыгына каршылык кандай болмок? Аттиң ушул эле Ормон, балким, бир кылым эрте төрөлүп, жалпы кыргызды эртерээк кайрадан баш коштуруп, кайрадан уруучулукту улуттук биримдикке жеткирсе, жалпы Кара хандык бийлик калыптанып кетсе, балким казак-кыргыз согушу болмок да эмес; түмөн түрк элдеринин алсырашы күнү бүгүнкүгө чейин залакасын тийгизип келе жатпайбы! Ошондуктан заман кыйчалыштыгынан Ормон-Кенесары мүдөөлөрү бириге алган жок, анткени Россиянын колониялык саясаты ырааттуу да, максаттуу да жүрүп жаткан. Муну түшүнгөн Ормон дароо Россия менен жакындашты, алардын душманын талкалап бергени үчүн өз баасын көтөрүүгө жетишти, кадимкидей саясий соодалашты, жана кийин мамиле оңоло түшкөпүнөн пайдалаиып, казак-кыргыз өз ара кызматташуу келишимин түзгөнгө жетишти. Муну Сибирдеги генерал майор Вишневскийге Ормондун 1847-жылы 24-октябрда жазган каты, 1847-жылы 22-августта Капал чебинде түзүлгөн үч тарап катышкан казак-кыргыз келишими күбө; мунун бирден бир демилгечиси Ормон болуп өз уулу Үмөтаалы сүйлөшүүгө катышкан. Ошинтип Ормон казак менен да, орус менен ынтымакташканда гана жашоо зили келечектүү экендигин жакшы түшүнгөн. Мындай саясат мазмундуу да, байсалдуу экендиги бүтүндөй жыйырманчы кылым далилдеди. Демек Ормон **стратег саясатчы кагары терең бааланышы керек, анын көсөмдүгү ачык көрүнүп турбайбы!**

Кыраакы орус саясатчылары кантсе да, Ормондун кыргыз эли саясий эркин болушуп каалаган эл башчы экендигин жаздымсыз эле түшүнүштү; аны «үч жыл кечеңдеткен тебетейи» эле түшүндүрүп койсо керек. Андыктан кыргыз арасында мындай кишинин башкы бийликте турушу кантсе да опурталдуу эле, ошондуктан орус саясаты канча кылса да, жалпы кыргыздык деңгээлде эмес, уруучулукка жем тыштап астыртан иш жүргүзүшкөндөрүнөн эле көп нерсе байкалып турат. Ошондуктан казак-кыргыз чатагындай эле бугу-сарбагыш арасында чатакты алдын алып орус дипломатиясы тирешүүнү басып коймок, муну чек ара начальнигинин Ормон Ниязбековго деген 1847-жылдын 31-декабрындагы жооп каты эле даана билгизип турат. Анда; «Относителыю приглашения кашкарского Хожи, дабы Вы им содействовали им, его сиятельство находит своей сторо-

ны, что вмещиваться Вам в это дело не следует, ибо по причине дружественных отношений России к Китаю...» бул үзүндү көрсөтүп тургандай, Ормонду орус саясаты ойдогудай башкара баштаган, бирок эмнегедир бугу-сарбагыш чатагын басууга алардын аракет кылбаганы өзүнчө чоң табышмак: кыясы бул «разделяй и властвуй» саясатынын, кыскасы кыргызды ичтен алсыратуунун көрүнүшүдүр? Анын үстүнө орус бийлиги колдогон Зарыпбек султан болгону кармашуу кайра күчөп кетпедиби! Ормондой мүлдө кыргыздын башында тура алган чоң саясатчы, акылдуу баатыр адам каяктан зарыл болсун, жүгүнгөн, чөгөлөгөн, «хупбайлар» кайсы баскынчы болбосун керек да! Негизги орус саясаты ошо кезде Боромбайды көбүрөөк ичтен ийе тартып имерип, анын «хан кудасы» Ормонго атайы сый болгондой, сактангандай. Өтө эстүү хан кудалардын кырчылдашып калганы алиге жабык сыр, ары шектүү; ортодо Ханды өлтүргөн кандай кырсык, кандай кара өзгөй катуу күч турду экен?

Ормондун кызы, Боромбайдын келини — армандуу Кулан — атасынын сөөгү артылган төөнү жетелеген муңзары кулактан дагы далайга кетпес; дагы далайга Ормон өлүм алдында элди ойлоп керээз кылып: «Болоор иш болду, кызым, бугуну чаппасын» ден ажалга кетип бараткан Ормондун өз эли сарбагыштан суранышы», бул боло турган чатакты жамгарууну өзгөчө олуя Калыгулдан суран, кызым», — деши, айт элге деп, Боромбай менден кечирим суранды деп баса белгилеп кан какшап Ормондун өтүнүп жатышы...Кийин Ормонго кун бычууга эмнегедир Ормон суранган олуя Калыгул катышпай, Ормондун осуяты боюнча Шаменге бийликтин берилиши... Шамен туруп:

Ой, бугулар! Силер бүгүн кеңешкиле. Мен үч иш айтам. Чыдасаңар ошол үч иштин бирине туруп бериңер. Ормон куну ошону менен бүтөт. Агер чыдабасаңар, «билгениңерди кылыңар» ден жооп айткыла, үч күнгө чейин кеңешип, так жообун бериңер, — деди.

Ал Шамен айткан үч иш төмөнкүлөр:

1. Ормондун каны үчүн Боромбай, Балбай, Тилекмат, Мурза — төртөөнү кармап бериңер, мууздайбыз.

2. Же болбосо, бугудан тандап туруп эң мыкты, сулуусунан жүз кыз бериңер, жүз карабоз ат мингизип, бир жыл алып жүрүп, бир жылдап соң кайра беребиз. Жакшы-

ларын алып калып, жөндүүрөктөрүн өзүңөргө чыгарып беребиз, деди.

3. Болбосо Ысык-Колду күнгөй-тескейи менен бошотуп бериңер дагы өзүңөр Текеске, калмакка кирип кеткиле. Мына ушул үчөөнүн жеңилин кылып бергиле...» (Тоголок Молдо «Тарых, түпкү аталар»),

Калыгул олуя балким башкача чечмек! Олуяны да четтетип койгон оңбогон бийлик деген бар эмеспи, Ормондун осуяты ошентип аткарылбаптыр. Ормондун куну кыргызга ич ара жоолашуу беле, же имерилип элдешүү беле? Ырк кетүү беле, же ынтымакка жетүү беле? Атаганат, кайра жоолашууну, кызыл кыргынды көздөшкөн окшойт, уруучулуктун кара мүртөздүгүн көрчү, кыргыздын бир бөлүгүн түз эле калмакка кетиргени жатпайбы! Ушинтип бугу-сарбагыш чатагы ырбады, ортодо күнөөсүз эл кырылды. Кыргыз ичи дагы алсырады. Бул сырткы душманга пайдалуу иш эле да! Буга ошо кездеги мыктылардын акылы жеткен жокпу? Жеткендир, балким, башка күч мажбур кылып кеткендир?! Айтор Калыгул олуя эмнеге Ормондун кунун бычышка катышпай калды экен?!

Бул ойду тарыхчылар тактаар, дагы документтер ачылаар, **айтор, бугу-сарбагыш чатагын тек ич ара Ысык-Көлдү талашуу, бир-бирин тоготпоо, ич ара тирешүү гана деп карабашыбыз керек.** Анын үстүнө, жогоруда айтылгандай, Боромбай менен Ормон хан куда болуп туруп, бири-бирине мынчалык кыянаттык кылбайт эле го, кантсе да бу жерде көп «сыр» бар. Тек саяк Алыбек дагы анчалык чоң жаңжал чыгарганга чарк-чамасы жетпейт эле. Бардыгына атаандашкан уруучулук менен былык колониялык саясат себеп болгондой. Дегинкиси «өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» дегендей, ич ирисе, сырт көңтөрүп салганга качан да болсо даяр да! **Айлакер Ормон эгер бугуларга арамзалыгы күч болсо, эмнеге өлөр алдында эч камы жок барат да, жайбаракат өзүнө атылган «Кара келгенин» огун кармап камаарабай олтура берет? Кантсе да, Хан Ормон өз кыргыз элинен өлүм келе жатканын күткөн эмес экен. Ормондун бул ички таза сезими бааланууга тийиш.**

Бирок уруучулук себеп болгон өчтүк Ормонду каза таптырды, кыргыз ичинде кырылыш башталды, ички ынтымаксыздык кыргыз эли үчүн биринчи душман болгонун, эгер кыргыз ички биримдигин чыңдай албаса, сыртка ар ким өз пайдасы үчүн колтук ачып турса, ар кандай ички

кармаштар күчөп, кай заманда болбосун далай Ормондор запкы көрөөрү, жем болоору айдан ачык да.

Дале, биз, кыргыздар, уруучулуктан улуттук саясатка колубуз жетпей, көкөй кести абалда жашап жаткан жокпузбу?! Ормон хандын өлүмү — мүлдө кыргызга — ички ынтымакты дайыма чыңдашты эч качан унутпагыла деген тарыхый чоң эскертүү эмеспи? Ал турсун, азыр да, уруучулдук күчтөрдү улутка иштетүүнү биле албай, улуттун ички структурасына уруучулук ыгы менен илимий жол таап пайдаланылбай, чаржайыт сыртты туурап жүрүп олтурсак, кыргыз бат эле кыяматка өзү барып бербесин? Кантсе да, улут биримдигин түзгөн нукура ынтымак, элибиздин келечегине умтулуу азыр да эң эле зарыл турат. Айтор, Ормондун кунун билүүгө Калыгулдай Олуя чыгыш керек окшойт, анын тагдыры оңой тагдыр эмес!

www.bizdin.kg

# ОРМОН ХАНДЫН ӨЛҮМҮ ЖӨНҮНДӨ АЛЫКЕДЕН КАЛГАН БАЯН

***Асанбек Акматалиев***
*Журналист*

Ормон Ниязбек уулу XIX кылымдагы кыргыз журтчулугундагы эң көрүнүктүү инсан. Ал убагында залкар коомдук жана мамлекеттик ишмер, чыгаан жоокер-колбашчы, таланттуу дипломат, кыраакы саясатчы, жүрөгүндө кара жок баатыр болгон. Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Кетмен-төбө, Тогуз-Тороо чөлкөмдөрүн мекендеген кыргыздарга мыйзамдуу хан болуп шайланган.

Ормон 1790-жылы Чоң-Кемин өрөөнүндө туулган. Анын түпкүрү жана насили — Манап. Манап болжол менен XV кылымда Дөөлөстүн Жезбийке деген күңүнөн туулган. Жезбийке согушта туткунга түшкөн калмактын кызы. Манаптан Сутөй, Сутөйдөн Сарсейит, Сарсейиттен Үчүкө, Түлкү. Мына ушул Үчүкө, Түлкүдөн кийин манап тукумдары бутактап бөлүнө баштаган. Мен бул жерде бардык манап тукумдарынын тегин териштирип жазган жокмун. Алардын баарын жазса өзүнчө китеп. Тек гана кыргыз элине аттын кашкасындай көрүнүп калган тукумдарынын ата-тегинен анча-мынча кабар билдирмекмин. Үчүкөдөн Маматкул, андан Темир, Болот; Темир менен Болот кыргыздын тарыхындагы даңктуу баатырлар. Ал жөнүндө элде чоң дастан калган. Ал дастан совет бийлигинин мезгилинде «Жаныш, Байыш» деп аталып, китеп болуп чыгып, кыргыздын этикалык дастандарынын эсебине дагы бир эпосту кошту.

Эпостогу Жаныш бул Темир, Байышы — Болот. Темирден Черикчи, андан Абайылда, Абайылдадан Төрөгелди, анын бир баласы Шамыркан, Шамыркандан кыргыздын улуу акыны Молдо Кылыч. Болоттон Эсенгул. Эсенгул убагында «узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына» белгилүү баатыр болгон. Байыркы кыргызда «баатыр» деген сөздүн мааниси өтө терең. «Баатыр» деп акылман, айлакер, эр жүрөк колбашчы, акты, көктү айра билген саясатчы, элге эмгеги сиңген ишмерлерди атаган. Эсенгулдун өмүрү калмак, казактар менен кыргыздардын ортосунда үзгүлтүксүз согуш болуп турган мезгилге туура келет.

www.bizdin.kg

Бул кандуу согуштарда кыргыз элин жана жоокерлерин жетектеген баатырлар саяк Садыр бий, сарбагыш Эсенгул бий. Садыр бий жоодон курман болгондон кийин, Эсенгул бийге бийлик толук өткөн.

Эсенгулдун сөөгү Токмок шаарынын түштүк жагына коюлган. Азыр анын мүрзөсүн табуу кыйын. Эгерде анын урпактары эстелик койгулары келишсе Алчалуу, Бурананын аймагына тургузушса болот.

Эсенгулдан Ниязбек. Ниязбектин сөөгү Чоң-Кеминдеги Балык-Сай деген кыштоонун оозуна коюлган. Ниязбекке ал жерге күмбөз курулган, күмбөз эбак эле талкаланып бүткөн.

Ниязбектен сегиз бала: Бердибек, Бердикожо, Ажы, Субан, Шатен, Ормон, Ырыскулбек, Кожобек. Сегизи сегиз жерде бийлик жүргүзүшкөн. Булардын тукумдарынан мүлдө кыргызга белгилүү болуп калгандар көп. Карач, Касымаалы, Адыл баатыр, Үмөтаалы, Чоко, Казы деген мыктылар ошолордун тукумдары. Ормондун балдарынын мыктылары Үмөтаалы, Чаргын. Үмөтаалы айлакер, ырайымсыз манап болгон. Чаргын көзгө атар мерген болуп, Ормон хан болгондо мергендерди чогултуп, өзүнө аларды чоро кылып, Кене хан менен болгон согушта көп жеңиштерге ээ болгон.

Ал эми Түлкүдөн Тынай деген жалгыз бала калган. Тынай жерден боорун көтөрө электе анын энеси Деркенди Түлкү кое берген. Деркен апа кийин таластык сарууга тийип, Тынайды чоңойткон. Тынайдан — Атаке. Атакеден алты уул. Анын атактуулары Таштанбек, Солтоной, Карабек. Таштанбектин тукумдары Кемин, Чүй райондорунун ар кайсы жеринде жашап жүрүшөт. Кыргыз өкмөтүн башкарган кыргыздын чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмери маркум Султан Ибраимов Солтонойдун урпактарынан болот. Карабектен Жантай, Жантайдан Шабдан. Булар «Жантай хан», «Шабдан баатыр» делип тарыхта калышты. Манаптардын башка бутактарынан белгилүүсү Надырбек уругу. Бул уруудан атактуу олуя Калыгул. Темир, Болоттун гукумдары Тынайды, анын уулу Атакени өздөрүнөн кем санашып, басынтып келишкен. Эсенгул бий качан гана Атаке калмак, казактар менен болгон кандуу кагылыштарда эбегейсиз эрдиктерди көрсөткөндө аны катарга кошкон. Атаке баатыр «бий» даражасын алып, эл башкарган.

Атаке чындыгында эле баатыр, амалкөй, жоокерликтин жол-жобусун мыкты билген акылман адам болгон. Ал убагында Орус империясы менен байланыш түзүүгө аракеттенген (Екатерина II ге элчи жибериши). Дөөлөстүн уулу Манаптын тукумдары түндүк кыргыздарга 250 — 300 жылдай бийлик жүргүзүшүп, Манап деген сөз бийликтин символу болуп калган. Түндүк кыргыздын бардык урууларынын мыктылары XVIII кылымдан тартып «манап» аталып калган.

Ормондун балалык чагы Чоң-Каминде, Көк-Ойрокто өтөт. Ормон 17 жашка толгондо Жумгал, Кочкордогу Качыке баштаган курманкожо, кулжыгач саяктары, сарыбагыштарды башкарган Ниязбектин жерине кол салышып, чоң согуш болот. Саяктар үстөмдүк кылат. Согушка катышкан 17 жаштагы Ормон Жел-Аргыдан саяктардын колуна түшүп, туткундалат. Аны саяктар өзү менен кошо ала кетишип, башына жоолук салышып, уй саадырышат. Мындай адат кыргызда колдонулуп келген нерсе. Душманын ызалаш, кемсинтип, маскаралаш үчүн кыргыз урууларында ушундай өнөрлөр болгоп.

Ормон ошол 17 жашында эле аттан да, жөөдөн да алдырбаган балбан, коркуу дегенди билбеген эр жүрөк, кыйынчылыктарда айла тапкан акылман, ойлогон максатына жетүүгө өжөрлөнгөн көк, коркунучта чечкиндүү болуп өсүп келатканы даана байкалып калган.

Ал туткунда өзүн кайтарып турган эки жигитти өзөртө чаап, эси оогон немелердин ооздоруна аттын тезектерин толтура тыгып, колу, буттарын чытырата чыккыс кылып байлап, ал жерден качып чыгат. Тоо аралап түнү качып, алты күн дегенде ач-жылаңач Чоң-Кеминдеги үйүнө келет. Эл аны чуркурап кубанычтуу, тосуп алган. Ошондон тартып анын аты Чүй, Көл, Нарын аймактарында айтыла баштайт. Бала кезинде алы жетсе да, ал башка балдарга катылбай, бош тура албай, жумуш жасай бергенди жакшы көрчү. Айылдагылар «Жоош бала», жеңелери «Жоош уул» дешип тергешкен. Адатта балбан адамдардын кыялдары абдан жоош болот. Туткундан келгенден кийин анын мүнөзү кескин өзгөрөт. Өзүнө жигит жыйнап, кырк чоро күтүүгө күчүн жумшайт. Айылдагы тың балдарды тегерегине чогултуп, өзү хан болуп, согуш оюндарын ойнойт. Жигиттерин ууру кылбай, ушак сүйлөбөй, улууну да, кичүүнү да сыйлап урматтагыла деп үйрөтөт. Айылдагы аял, эркек

www.bizdin.kg

дешпей балдарын Ормонго жигиттикке сунуш кыла баштайт. Маселен, кийин Ормонго жигит болгон Сазаны энеси алып келип: «Атадан жаш калды. Сүйлөгөнү тың. Акылы сергек, өзүңө жигит кылып ал» деп өтүнөт. Кийин Саза Ормондун эн ишенимдүү жигити болуп чыгат.

Жигит деген сөздүн бул жердеги мааниси Ормондун эң ишенимдүү адамы, кеңешчиси, маанилүү тапшырмаларын аткарууга ишенчиликке жеткен адам дегенди билгизет. Саза өтө акылдуу, кытмыр, айлакер, мансапкор, митайым адам болгон. Ормон аны ит өлгөн жерге жумшаган. Саза ар дайым Ормондун тапшырмаларын так жана Ормон каалагандай аткарган. Ормон кыргызга Хан болгондо Саза Кокон хандыгы менен Ормондун ортосундагы элчиликти да аткарган. Өзү Чоң-Кеминдеги сарбагыштын жантай бутагындагы мендеке уруусунан. Ал Карабектин Жантайы менен начар мамиледе болгон. Аз жерден Жантайды Ормонго өлтүртүп кое жаздаган.

Ал мындай болот. Бир күнү Ормондун хан ордосунда Ормон, Төрөгелди, Саза үчөө маектешип, уруулар арасындагы ал-ахвалды талкулашып олтурганда Саза: «Ханым мыйзам, мыйзам эле дей бересиз. Бизде жазылып турган мыйзам барбы? Жанакы Карабектин Жантайы сизге каршы. Сизди көрөйүн деген көзү жок. Колунан келсе сизди эбак эле күмжам кылмак. Айласыздан эле сизге моюн сунуп жүрбөйбү. Ал акыры сизге жакшылык кылбайт. Ошонун башын алдырып салбайсызбы» - - дейт. Ормон ойлонуп калат. Ал жерде олтурган Төрөгелди ызырынып: «О Саза! Жантайдын башы алынса, сенин башын кайсы жерде калып, кайсы ит жээрин билесиңби» — деп ачууланган экен. Ормон Төрөгелдиден абдан сезгенчү. Анын үстүнө Төрөгелди Темирдин, Ормон Болоттун неберелери. Экөө абдан ынтымактуу болушкан. Жантай Ормондон коркуп, чочулап Төрөгелдиге кошоматтанып, ал баатырга үзбөй пара берип турган. Ал жерде Ормон: «Саза андай жаман оюңду кой» деп коет. Сазанын дагы бир митайымдык караниеттик жоругу.

Жантайдын ичинде Калмаакы деген урук бар. Ал урукта Шербото, Байбото деген эки ата уулу бар. Кыргыздын көрүнүктүү эл акыны Аалы Токомбаев Шерботонун неберелеринен. Мына ушул Шерботонун Сурантай деген уулу тың чыгып, жантай уруусун башкара баштайт. Саза буга ичи тарын, көралбастыктын уусуна малынат. Сурантай

www.bizdin.kg

гүлгүн жашында өлүп калат. Саза ага абдан сүйүнөт. Бирөк анысын билгизбей өлүккө өкүрүп келет. Өкүргөндө да жөн өкүрбөй, «Оо каралдым Сурантайым! Сенден ажырап, тирүү басып жүргөн Саза агаңды бу көрөкчө кара жер соруп кетсечи! Өзүң менен кошо өлгөнүм бейишке чыкканым эмеспи. Сенден ажырап калып жашаган өмүр, өмүр болобу. Өзүң менен кошо өлөм ботом» — деп бычагын колуна кармап алып, жарынам деп ээ-жаа бербей өкүрүп, бакырып токтобой ыйлай берет. Жанындагы шекирттери Сазанын эки колун бекем кармап, өзүнө бычак салдыртпайт. Сүйлөшүү ошондой болчу. Сазанын колун бошотуп коюшса да, ал өзүнө бычак салмак эмес. Анын амалы мен ушинтип токтобой өкүрө берсем Шербото жанынан кечээр деп ойлогон, анткени кыраакы кытмыр Саза Шерботонун кыял-мүнөзүн, санаага тез алдырарын, өзүн кармана албаганын, мурун эле билген. Саза бычагын колуна алып Сурантай менен кошо өлөм деп долуланып ээ-жаа бербей өкүрүп жатканда, жарыктык Шербото жашырынып барып муунуп өлүп калат. Шербото өлдү дегенди укканда Саза солкулдап ыйлап, эстен танымыш болуп басылат.

Кийинчерээк Саза карып калганда Шабдан Кара-Булакка атама (Жантайга) куран окутам деп чакырып калат. Саза келсе Бейшекенин оозундагы Жантайдын мүрзөсүнө көп эл чогулган. Кемегелер казылган. Эт былкылдап кайнап жатат. Сазаны жигиттер аттан алышат. Шабдан ордунан туруп, Сазаны кошколдоп тосуп алат. Ошондо Саза:

— Ии Шабдан иним! Бул жерге элди эмнеге чогултуп алгансың? — деп суроо салат.

«Саза аке, кечөөкү түнү жарыктык дадам (атасын дада дечү экен) түшүмө кирип чыкты. Ал кишинин арбагына куран окутайын деп, ак боз бээ союп, ага-тууганды чакырдым эле. Сизге да киши чаптырганымдын себеби ошо» дейт Шабдан.

— Түшүңө эмне болуп, кандай болуп кирип жатыптыр атаң?

— Жарыктыктын мүрзөсүнөн жалоолонуп эле от күйүп чыкты. Бул эмне болучу Саза аке, балким жоруп берерсиз.

Ошондо Саза калың элге угуза:

— Иним, сенин атаң Жантай көрүндө өрттөнүүчү киши болчу. Көрүндө өрттөнөт деген ушу — деген экен.

Сазанын өлүмү жөнүндө атактуу тарыхчы Белек Солтоной уулунун жазганы: «1878-жылы төбөй уругунан Ма-

www.bizdin.kg

рал табып деген сарбагыш кыргызынан 67 жашка келген Сазаны доктурча союп, сегиз күнү суу берип, оңоло баштаганда тогузунчу күнү кой этин берип, ичи ырбап кетип өлгөн. Сойгон кезде Саза дары ичпей, колу, бутун байлатпай, карматпай үн чыгарбастан сойдурган. Өлгөн соң Марал табыптан кун алган» («Кызыл кыргыз тарыхы», 2 китеп, 86-бет).

Ормон эр жете баштаган сайын саясый айлакерлиги күчөйт. Эсенгул, Черикчи, Атаке тукумдарын, аларга караштуу башка уруулардын мыктыларын өзүнө тартат. Солтолор менен жакындашып, Байтик баатырдын атасы Канайдын кызын Төрөгелди баатырга алып берип, солтонун билермандары менен куда-сөөк болдук деп жакындашат. Саяктардын мыкчыгери Чыны бий менен достошот. Чериктердин баатыры Ажыбек, моңолдордун мыктысы Жакыпбек менен ымалалашат. Өзгөчө таянган туугандары Калыгул жана Төрөгелди баатыр. Бир кезде саяктардын колуна түшүп, кордук көрсө да Кочкорго барып, Медет датка менен мамилелешет. Медет даткага Ормон абдан жагат. Ал киши Ормонду кыргыздын эки тизгин, бир чылбырын өз колуңа алчу жигит экенсиң деп, Ормонго колдоо көрсөтөрүн билгизет. Бугунун чоң манабы Боромбайдын уулу Өмүрзакка өзүнүн Кулан деген кызын берет. Ошентип түндүк кыргыздардын мыктыларын колуна алгандан кийин кыргызга хан болууга көңүлү чабат. Ошол мезгилде түндүк кыргыздардын абалы өтө кысталышта болгон. Бир четинен Кокон хандыгы кысса, экинчи жактан кашкарлык кожолор тооруп турган. Казактар менен да ынтымак жок эле.

Бул оор саясий абалды Ормон башка манаптарга караганда тереңирээк түшүнгөн. Кыргыздын биримдигин чыңабаса эл таланып, тонолуп калаарын алдын ала сезип, бүткүл түндүк кыргыздардын мыктыларын чогултуп. Көтмалдыда чоң курултай чогулуш өткөрөт. Курултайга бугудан Мураталы, Боромбай, саяктардан Медет датка, Чыны бий, солтолордон Жангарач. Тыналы, чериктерден Ажыбек баатыр, сарбагыштардан Төрөгелди, Жантай, Кетмен-Төбөдөн Ырыскулбек, саруудан Ажыбек датка, кушчудан атактуу Бүргө баатырдын уулу Калча башташкан өкүлдөр келишет. 500 жүз боз үй тигилет. Элдин абалы абдан оор эле. Биринчиден, кыргызды төрт тараптан кокондук, кашкарлык, калмак, казактар тооруп турса, экинчиден өз ичтеринен уруулар аралык согуштар токтобой, элдин көңүлү чөгүп турган

www.bizdin.kg

чак эле. Курултайдын үчүнчү күнү Ормон чогулган уруулардын мыктылары менен жыйын куруп: «Ахыбалыбыз абдан оор. Кокондуктар жерлерибизди басып келе жатат. Жылдан-жылга чектерин көбөйтүп, зордук-зомбулук күчөдү. Көз көрүнөө катын-кыздарыбызды тартып алып кордоп жатат. Олчойтуп салган салыктарын төлөй албаган пенделерибизди кул кылып алып кетип жатышат. Калмактар бизди күнөкөр кылып алды. Черик, нойгут, чоңбагыштарга кашкарлык кожолор үстөмдүк кыла баштады. Жүз жылдан бери казактар да тынч жашатпай койду бизди. Өзүбүздүн да ынтымагыбыз бузулду. Бир жылдары солто менен сарбагыш кагылышса, экинчи жылдар саяк менен бугу кармашып кетет. Алай, Анжияндагы Адигине атабыздын тукумдары Кокон хандыгынын кысымы менен кыпчак, сарт болуп бара жатышат. Минтип олтурсак кыргыз атыбыз өчүп калат. Кыздарыбыз күң, жигиттерибиз кул болушат. Ата-бабалардын кандары төгүлгөн касиеттүү жерибизге ээ болбой калабыз. «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» бекем бирикпесек болбойт. Кокондуктардын ханы, кашкарлыктардын кожосу, калмактардын тайшасы бар. Биз болсо ар кимибиз өз урууларыбыздын арсыз намызын коргоп, бирибизди-бирибиз укпай чачырап, бытырап бара жатабыз. Бул жоруктан ажырабасак талаада калып, бизди курчап турган душмандарыбызга жем болобуз. Биригели туугандар. Биз дагы өзүбүзгө хан көтөрүп алалы. Мен мобул кызыл тебетейди тиктирип койдум. Ал тебетей мына деп тебетейди көрсөтөт. Бул кызыл тебетейди кыргызда бир гана киши кийсин. Баарыбыз ошонун сөзүн угуп, ошонун ыгына көнүп, баш ийели» — деп сөз салат.

Олтургандар Ормондун оюн туура көрүшүп, кыргыздын баш манабын (ханын) шайлап алууну чечишет. Бул акылды таап, бүткүл түндүк Кыргызстандагы уруулардын мыкчыгерлерин чогултуп кеңеш курганына ыраазы болушат. Хан көтөрүүгө каршылык кылышпайт. Бирок кимди хан көтөрүшөт, кеп ушунда калат. Тунжурашып, болочок хандын ысымын атай албай турушат. Медет датка, Мураталы, Жантай, Черик Ажыбек баатырлар хандык өзүңүзгө гана жарашат дешип Ормонду көрсөтүшөт. Калгандары макул болушат.

Эртеси манаптар, алар менен кошо келишкен элдер чогулушат. Курултай башталат. Санжыра боюнча курултайга миңден ашык киши катышкан. Ак боз бээни садага-

га чабышып, ак кийизге отургузуп, кызыл тебетей, кымкап чепкен кийгизишип, Ормон Ниязбек уулун кыргыздын ханы кылып көтөрүшөт. Бул болжол менен 1840 -1842-жылдары болгон. Ормондун курултайдын колдоосуна ээ болуп калышына анын акылынын тереңдиги, элге алымду-улугу, эр жүрөктүгү, жалпы кыргыздын тагдырын ойлоп, ага жан-дили менен күйүп-бышкан киши болуп көрүнгөн амалкөй саясатчылыгы себеп болгон. Андан кем эмес се-бепкер — анын ата-тегинин даңкы. Бабасы Болот баатыр. чоң атасы Эсенгул бий ал убакта кыргыз элинин оозунан түшпөй, легендага айланган инсандардан болгон.

Кыргыздар өткөн баатырларын эстен чыгарбай даңаза-лашып, алардын тукумдарын да бийик кастарлашкан. Эсенгул бий чындыгында эле кыргыз элин калмактардын, казак-тардын чабуулдарынан далай ирет сактап калган. Эл Эсен-гул бийди унутушкан эмес. Эсенгулдай дагы бир баатыр туулса деп катуу самашкан. Ормон Эсенгул бийдин небере-си жана кыргыздагы чыгаан акылдуу баатыр катарында элге төбөсү көрүнө баштаган. Мына ушул себептердин негизинде курултай Ормонго ишенишип, чоң үмүт менен хан кылып шайлап жатпайбы. Ормонду хан шайлаган курултайга: «Кайсы бир мамлекет боюнча Адигине жана ичкиликтердин өкүлү болуп Алымбек датка да катышкан» деп жазат» тарых илиминин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын улуттук академиясынын мүчө корреспон-деити К. Ү. Үсенбаев. («Ормон хан» 1999-ж. 31-бет).

Ормон хан болуп шайлангандан кийин байыркы ата салттарды улап, анын колун кара койдун канына үч жолу малат. Бул шаан-шөкөт кылмышкерлердин, душмандардын канын төгүштөн жалтанба дегенди билдирет. Чырпык кыр-кып, аны аттатышат. Бул ырым убагында бек болгун деген насаат. Анан Ормонду жолборстун терисинин үстүнө ол-тургузуп, колуна күмүш чабылган таяк карматышат. Ор-мон ханга бул курултайда уруу башчылары болушкан Боромбай, Жангарач, Жантай, Чыны бий жана башкалар моюн сунуп баш ийүүгө, эл ичинде ынтымакты бекем сактоого ант беришет. Ошол кездеги Маймыл, Төрөгелди, Балбай, Алыбек, Адыл өңдүү баатырлары элди, жерди сырткы жоолордон биригишип, ынтымакташып коргоп, аман-эсен сактоого убадаларын беришет.

Хан боз үйдө олтурган. Ормон хандын мөөрү жана туусу болгонун замандашы белгилүү илимпоз, Санкт-Пе-

www.bizdin.kg

тербургдагы географиялык коомдун мүчөсү, казактын чыгаан уулдарынын бири Чокан Валиханов жазып калтырган. Хандын олтурган боз үйүн белгилүү кыргыз тарыхчысы Кушбак Үсенбаев төмөнкүчө сүрөттөйт. «Көчмөндүк турмуштун шартында хандын ак сарайы болгон эмес. Кыргыздарда деле ушундай болгон. Ошондуктан Ормон өзүнүн турган боз үйүн хандыктын талабына ылайыктоого аракеттенген. Ормон хан сүлөөсүн, килем-кечек, туш кийиз, шырдак, жана башка кымбат баалуу буюмдар менен кооздолгон 100 баштуу ак боз үйдө туруучу. Анын уук-керегелеринин алкактары жана түндүгү күмүш менен кооздолгон эле. Түндүгүндө алтындалган айдын сүрөтү илинип туруучу. Үйдүн төр жагына хандын тактысы сыяктанып өзү гана олтура турган жумшак олпоктон тагын жасатат. Ага колуна кооздолуп жасалган таякча алып, Ормон хан олтуруучу экен. Коңгуроо кагып жигитин чакырып, келгендерди ирети менен кабыл алып турган. Эл опур-топур болбой, уруксат алып, ага ирети менен киришчү» («Ормон хан» 1999-ж.32-бет).

Бул жерде белгилеп кетүүчү бир нерсе, Ормон хандык сөөлөткө магдырап эле ордосунда тагында олтуруп маалкатып бийлик жүргүзгөн адам эмес. Ал тиричилик оокатты кылганды жакшы көргөн. Малын төлдөткөндө өзү катышкан. Жайлоо, кыштоолордун сырын жакшы билген. Кайсы жайлоого кайсы эл чыгышып белгилеп, мал жайында жакшы багып семирүүсүн көзөмөлдөгөн. Көчмөндүк шартта мал кышында жайындагы жыйнаган майын жеп чыгаарын жакшы түшүнгөн.

Ормон хан кыргыз мамлекетинин башатын түптөп, мамлекеттин сөлөкөтүн түзгөн. Чек араларды тактап-чектөөгө көп аракет жазаган. Кашкар менен карым-катнашта чек арага бажыкана орнотуп, соодагерден бажы акы алып турган. Калыгул Бай уулу биринчи кеңешчи болуп эсептелген. Колбашчылыкка (согуш мииистри) эки ата өтүшкөн иниси Төрөгелди дайындалган. Төрөгелди узун бойлуу, чабыштарда, согуштарда алдырып көрбөгөн, зор баатыр болгон. Анын жардамчылары (орун басарлары) болушуп алакөз-каба саягынан Кетирекейднн Алыбеги, Субандын уулу Адыл баатыр дайындалган. Булар да атанган баатырлардан. Алыбек көзгө атар мерген болгон. Казактын Булан деген атактуу сынчысы Кенен ханга Төрөгелди, Алыбек, Адылды сындап бергени келип, Төрөгелди жөнүндө айтканы:

«Төрөгелди эки эсе кес келген бою бар,
Бүткүл элди каратам деген ою бар
Жолборсту камчы менен чаап алган
Ал ошончолук чоң балбан
Атагы алыс угулуп
Төрөгелди баатыр делип калган».

Төрөгелдинин жолборсту камчы менен башка эсин оодара чаап, үстүнө мине калып муунтуп өлтүргөнү сарбагыш, солто элинде дайым айтылып келген. Ал мындай болгон: Төрөгелди Байтик баатырдын атасы Канай бийдин кызын алган. Солтонун талкан бутагына күйөө. Ал кайын-журтуна келип калат. Кайындары: «Биздин айылдын четине өгүздөй болгон кара чаар жолборс пайда болду. Эл айылдан чыга албай калды. Малыбызды жеп түгөтчүдөн. Мергенчилерге аттырбай камышка кирип кетет. Жалгыз-жарым атчанды, жөөлөрдү чалып салат. Эмне кылаарды билбей айлабыз түгөндү» дешет. Ал доордо Чүй өрөөнүн калын камыш баскан. Аралаган төө көрүнбөгөн. Камышчерлерди жолборстор мекендешкен. Төрөгелди жолборс жортуп жүргөн жерди сурап алып, «мен аныңарды өлтүрүп берейин» деп колундагы камчысынан башка курал албай жалгыз жөнөйт. Эл: «— Оо, кокуй күйөө бала, колуңда курал жок болсо, жолборс чалып таштайт. Ал аркан бою секирген желмогуз. Кылыч, найза алып ал» дешкенде, «Калың жоого кирчүүдөй бир мышыкты өлтүргөнгө кылычтын эмне кереги бар», — деп жөнөп кетет. Атын байлап коюп жолборсту издеп, камышты аралап баратканда жолборс ыркырап келип кол салат. Төрөгелди камчы менен башка чапканда жолборс чалкасынан барып жыгылып, ээси ооп калат. Төрөгелди аны баса калып, эки колдоп моюндан алып муунтуп өлтүрүп, кайындарынын айылына бөктөрүнүп келет.

Булан сынчынын Алыбек жөнүндөгү айтканы:

«Кара келте асынган
Баатыр өскөн жашынан
Беттегенин жаза атпайт
Атактуу мерген башынан», — деп

Алыбекти көзгө атаар мерген, тайманбас баатыр катары сүрөттөйт, Алыбек да аябаган эр жүрөк киши болгон. Курткадагы Кокон хандыгынын чебин талкалаган Кетирекейдин Алыбеги. Кээ бир уламачылар ал чепти Тайлак баатыр талкалаган деп жүрүшөт. Бул туура эмес. Тайлак

www.bizdin.kg

баатыр кокондуктар менен согушканы чындык, бирок чеп Тайлак баатыр өлгөндөн кийин талкаланган. Алыбек Ормон ханда кызмат кылып жүрүп, кийин хан менен ынтымагы келишпей бугуларга качып барат. Ормон хандын өлтүрүлүшүн уюштургандардын бири. Кийин сарбагыштар кармап алып өлтүрүшкөн. Ал жөнүндө Белек Солтоновдун жазганы: «Соң-Көлдүн борукчу сарбагышынан назар тукуму Боталы, бугу, саяктан жылкы аламын деп 8 киши болуп, барган түнү жылкы ала албай, күндүзү карагайга бекинип калат. Ошол замат кечке жакын койчунун атын минип, Алыбек төрө (сакал-мурутсүз) марал көрдүм деп булар жаткан карагайды бет алып чыгат. Мал караган кишиби, жаки кийикчиби деп булар карап турганда жакындан келгенде Алыбекти таанып, «айланайын, баягы Төрөйкул экен. Ийнинде мылтыгы бар экен», деп тезинен аттарына минип, жолунан буруп, бир жерге жашынып, тура калышкан. Чукул жерден качырып чыгып Ботаалы кармап алган. Алыбек кыйшая түшүп, милтеге отун коюп камынып калган экен. Аттан алып түшүп, Боталы үч көтөрүп урганда, аңгыча жолдоштору чогулуп байлап алган. Күн абдан батканда алып жөнөөр кезде 200 жылкы жана бир кыз берейин, кое бергиле дегенде Үмөтаалыдан коркуп алып жөнөшкөн». Андан ары Белектин жазганы: «Алыбекти күндөп-түндөп байлан жүрүп олтуруп, Ормондукуна келгенде андагы Алыбектин жакын туугандары (Адылга кыз берип, сөөк болгон үчүн Алыбек кеткенде мында калышкан) мал-башыбыздан чыга берели, баарысын алгыла, Алыбекти бошотуп бергиле дегенде, Үмөтаалы Алыбекти кармап туруп, бугудан айылын көчүрүп алам деп ойлоп, Алыбекти башка айылына ээрчитип бараткanda аңдоостон артынан келип, Кыдык деген сарбагыш айбалта менен башын жара чапкан. Эски кыргыздын адаты боюнча тукумунан жакшы чыкпасын деп эки кар жилигин алып, бир кабарда, Көтмалдыда жерге каккан. Бир кабарда Ормондун Кутукеч деген жигити чаап өлтүргөн» («Кызыл кыргыз тарыхы» 2-китеп 24 — 25-бет).

Булан сынчы:

«Душманын койдой айдаган,
Тулпарын тушка байлаган,
Жалаң кылыч байланган,
Каары бетине айланган,
Кечээ Коконду айдаган
Көргөн адам таң калган», —

«

деп Адыл баатырды өтө бийик баалап, анын Кокондуктарды көптөгөн салгылашууларда ташталканын чыгарып талкалаганын белгилейт. Адыл чындыгында эле кыргыз журтчулугундагы атактуу баатыр болгон. Ал Ормон хандын агасы Субандын баласы. Кенесары менен кыргыздын согушупда чексиз эрликтерди көрсөткөн. Казактардын эң мыкты баатыры Кенесарынын бир тууган иниси Норузбай эле. Ал жөнүндө Белек тарыхчынын жазганы: «Норузбай 23 25 жашынан озбогон, узун бойлуу, ак куба, бети жука, жаагы узун, көзү чекир сымал, шоошактары ичке, узун көкүл чачына маржан таккан, токтоосуз ойноктоп турган, сакал-муруту жок болгон. Минген аты ак-кызыл болуп, согушта оң жеңин кемерге кыстарып, коломочтонуп жүргөн. Ал келип кыргыз менен эки жылы согушканда анын найзаны эки колдоп сайганын эч бир кыргыз көрбөгөн. Дайым найзаны бир кол менен сайган. Кызыл манат тыштаган кундуз тумагы болгон. Ичтен кара башайы күрмө, тыштан көк ноот тыштап, кундуз кармаган ичиги болгон. Качырып келе жатканда алдынан жаадырып мылтык атса да жалтанбастан, көзүп жумбастан келип найза сайган». («Кызыл кыргыз тарыхы» 2-китеп, 12-бет.)-

Жоолашкан эки тарап бетме-бет тирешип келгенде, согуш алдында жекеме жеке эр сайыштан башталган. Бул байыркы салт көптөгөн элдерде адат болуп калган. Кыргыз-казак согушунда да бул адат бузулган эмес. Норузбай нечендеген кыргыздын баатырларын аттап сайып түшүргөн. Көпчүлүгүн өлтүрө сайган. Кезектеги дагы беттешүүдө ак-кызыл айгырын ыргыштатып, дагы баягы Норузбай жекеге чыгат. Кыргыздардын баатырлары коопсунушуп, ага жекеге чыгуудан чочулап турганда, айкырык салып Адыл баатыр атып чыккан. Эки баатырдын кармашы күчөгөндөн күчөп, найзалар сынат. Доолбас, айбалталар карсылдап кагышат. Жарым күн созулган сайышта экөөнүн тең күчү тең экени байкалат. Акыры бирин бири алыша албай өз тараптарына кайтышат. Бетме-бет тирешип турган жоокерлер өз ураандарып чакырышын, былчылдашкап салгылашууга киришет.

Ормон хандын кунун кууп сарбагыштар бугуну чапканда Адыл баатыр бугунун алдаяр тукумунун баатыры Нышан уулу Мырзаны аттан ыргыта сайып, башын кестирип, ээгин тештирип канжыгасына байлап алып согушкан.

www.bizdin.kg

Бугу, сарбагыш, солто эли Орусияга өтүп кетишкенде, буга каршы болушкан Балбай, Маймыл, Адыл баатырлар жана дагы башкалар чогулушуп кенеш курушкан. Бул 1860-жылдары болгон. Алар өз жоокерлерибизди алып кыргыз жерине келип орношуп жаткан орус аскерлерине кол салалы, кокус жеңилсек кашкардын беги Якупбекке, же Коконго качып кетели деп сүйлөшөт.

Бул кабар билинип калып, адегенде Балбай баатырды, кийин Маймыл баатырды кармап кетишип, Алматынын түрмөсүнө салышат. Түрмөдөн экөөнү тең өлтүрүшөт.

Алардан силерден башка бизге каршы дагы кимдер бар эле айткыла дешип, катуу кыйнашат. Уруп-сабашат, үшүтөт, ысытат, тырмактарына ийне кагышат. Бирок эч кимдин аттарын аташкан эмес экен кайран баатырлар. Такыр айтпай коюшканда акыры экөөнү тең өлтүрүшөт. Адыл баатыр билинбей калган өңдүү болот. Бирок 5 — 6 жыл өткөндөн кийин Адылдын Семетей деген жигити чыккынчылык кылып, улукка айтып коет. Падыша өкмөтү аны 1873-жылы кармап, Алматанын набагына тыгат. Эки жылдан кийин 1875-жылы уу берип өлтүрөт.

Ормон хан колбашчыларды дайындоо менен мыйзам чыгарып, сот иштерин жүргүзүүнү Медербекке, башка элдер менен карым-катнаш жүргүзүүнү Миңназарга тапшырат. Чабарман элчи жигит болуп Саза дайындалган. Саза Ормондун тапшырмасы боюнча Коконго барып турган. Кыргыздын уруу башчыларына да тапшырмасын көбүнчө Саза аркылуу айттырып, алардын жообун да ошол аркылуу алып турган. Андан тышкары хандын алдына «билермандар тобун» түзгөн. Бул топ хандын жетекчилиги менен иштеген ата-журттагы жогорку бийлик өңдүү көрүнөт.

Өтө маанилүү иштерди ушул топ менен кеңешип, алардын акылын угуп чечкен.

Топтун курамын Ормон хан өзгөртүп да турган. Кээ бир кеп-кеңештерге топко киришкен мыктылардын айрымдарын чакырышпай да койгон. Топтун курамына туруктуу киришкен мыктылардан Калыгул олуя, Чыны бий, Төрөгелди баатыр, Боромбай, Жангарач, Алыбек, Черик, Ажыбек баатыр, Жантайлар болушкан.

Мындан тышкары Ормон хан өзүнүн бир туугандары Ниязбектин сегиз бегин, алардын бойго жеткен уулдарын чогултуп, алар менен өзүнчө кеңеш куруп турган. Хандыкка көтөрүлгөндөн кийин Ормондун зоболосу бийиктеп,

www.bizdin.kg

кыргыз журтуна аброю өсөт. Хан болгондон кийин Ормон кара кылды как жарган калыс болууга, өзгөчө биринчи жылдары, абдан аракеттенген. Уруулар арасындагы кагылыштарды кан буугандай токтоткон. Ал убакта кыргызда мал уурдаган өнөкөткө айланып кеткен. Көп жылкы тийип келгендер баатыр аталган. Уруулардын шылуун, балбан жигиттеринин баары жылкы тийип, атак-даңк алууга умтулушкан. Кыргыздын даңктуу баатырлары Төрөгелди, Балбай, Алыбек, Намазбек, Ажыбек, Адыл жана башкалары эрдиктерин жылкы тийүүдөн башташкан. Ормон хан уруу аралык жылкы тийүүлөрдү токтоткон, бирок калмактардан, казактардан жылкы тийип келгендерди көрмөксөн болуп койгон. Төрөгелди казактардан 300 жылкы тийип келгенде артынан казактар кубалай келип, жылкыбызды кайтарып бердир дегенде: «Казактарда Нарботонун куну бар» деп бердирбей койгон. Нарбото Төрөгелдинин бир тууган агасы. Уламаларда ал киши Төрөгелдиден өткөн баатыр экен. Казактар менен болгон бир кагылышууда Төрөгелди агасы экөө жигиттери аз болушса да, казактар менен чабышып калат. Казактардын саны үч-төрт эсе көп. Ошол салгылашууда казактарды катуу кыргынга учуратышат. Нарбото казактардын найзасынан курман болот. Төрөгелди казактарды сүрүп таштап, агасынын өлүгүнө кайрылып келип, этин шылып, сөөгүн алып келип Чоң-Кеминге коет. Ошол жерге Ормондун атасы Ниязбек да коюлган. Жердин аты Балык-Сайдын оозу деп аталат.

Дагы бир окуя. Казактар бугулардан эки жүздөй жылкы тийип кетишет. Боромбай муну Ормонго кабарлайт. Ормон Илеге чейин барып казактардан жылкыны кайыртып бердиртип, аларды опузалап, уурулугуңарды койбосоңор баарыңарды койдой мууздатам дегенде казактар: «Биз болгону 200 жылкы тийиппиз. Ал эми сенин Балбайың бизден канча жылкы тийип алды. Жай-кышы бизге тынчтык бербейт аның, бизди коюп ошол өзүңдүн Балбайыңды тыйып албайсыңбы» дегенде, «мен аны териштирип көрөйүн» деп коюп, кийин аны сөз кылган эмес.

Ормон хан кыргыздарды кокон хандыгынын бийлигинен бошотууга, кашкардын кожолорунун таасирин жогогууга аракеттенген. Кашкардын кожолорунун кыргыздын черик, чонбагыш, нойгут урууларына таасири чоң болучу. Бул уруулар кашкардын кожолоруна баш ийип да калган. Ал түгүл кыргыздын «Манас» эпосундагы айтылуу акбалта-

www.bizdin.kg

нын Чубагы нойгут уруусунан. Дегеле эпосто нойгуттар кыргыздын чоң уруусу катарында сүрөттөлөт. Мына ушул нойгуттар уйгур болуп калышкан. Атактуу Узун ээк Алыке 1926-жылкы үркүндө Кытайга барып келгенден кийин: «Нойгуттар түбүбүз кыргыз экен дешкени менен уйгурча сүйлөп, уйгурлардын үрп-адатын кабыл алып, уйгурбуз деп калышыптыр. Муну өз көзүм менен көрдүм» дечү экен. Кокондуктар Ормон ханды колдорунан чыгарса, түндүк кыргыздар Коконго караманча көз каранды болбой калаарын сезишип, Ормонду өзүнө тартууга аракеттенген. Ормон хан «парваначы» деген хандыктагы эң чоң наамды берген. «Парваначы» деген наам «датка» деген наамдан төрт даражада бийик. «Аталык» деген наамга дээрлик барабар.

Бирок Ормон хан буга алданган эмес. Ал түгүл Кокон хандыгы чакырганда: «Мени менен тен ата мамилелешсе гана Кокондун ханы менен алака түзөм. Мен дагы элим шайлаган ханмын. Ушуну түшүндүрүп келиңиз» деп Коконго бир жолу Калыгул Бай уулун жиберген. Калган убакта Кокон хандыгы менен Ормон хандын ортосундагы байланышты чабарман элчи Саза жүргүзүп турган. Сазага Кокон хандыгы «датка» деген наамды берген. Хан болгондун экинчи жылы Ормон сарбагыштын баатыры Адылга, бугу кыдыктардын баатыры Намазбекке Барскоондогу кокондун чебин, саяк Алыбек баатырга курткадагы чебин талкалаткан. Сарбоздорун кырышып, чептеги мылтык, окдары, дегеле баардык согуш куралдарын Ормонго алып келишкен. Ормон аларды чогултуп, өзүнчө сактаган.

Ормон хан Боромбай, Жантайлардан мурун 1847-жылы Орусиянын өкүлдөрү менен байланышкан. Бирок тигилер силердин карамагыңарга өтөбүз, Ак падышага букара болобуз, моюн сунабыз, баш ийебиз дешсе, **Ормон хан Орусия менен өзүнчө мамлекеттин ханы катары тең даражада мамилешкиси келген. Ал эми Орусиянын оюу такыр башка эле.**

Ормон хандын тушунда кыргыздар менен казактардын ынгымагы абдан бузулган. Бул эгиз козудай эки бир тууган элдин ортосунда катуу согуштар болгон. 1845-жылы Абылай хандын небереси Кене хан кыргыздын жерин басып алып, элин өзүнө баш ийдирүү үчүн чоң согуш ачкан «Кенесарыдан канча жыл илгери атасы Касым элдешип туралы деп, Ормондун жаңыдан атагы чыккан кезде эл болуп туралы деп, кишп жиберген. Ормон аксакалдары-

на кеңешип, ата-бабасы Аблайдан жакшылык көрбөгөн, баласынан жакшылык көрөбүзбү деп, коногун берип гана узатып жиберген. Мындан соң Касым аскер алып келе жатып, кыргыздарга жетпей орто жолдон кайта кеткен». (Белек Солтоноев, «Кызыл кыргыз тарыхы» 1-китеп 201 — 202 бет). 1845-жылы Кенесарынын жоокерлеринин бир тобу солтонун жайыл уругу менен согушуп жеңе албай кайра кеткен. Ошондо кыргыз деген кандай эл экен, баатырлары кимдер экен, бизге кайрат көрсөтө алар бекен, билип кел деп сынчысын жиберген. Сынчысы дубана болуп, колуна аса-муса таягын кармап, кыргызды кыдырып жүрүп, Ормон менен жолугушуп, (дубананы кыргыздар «ыйык» деп сыйлашкан, жолугуп сүйлөшөм десе, мизин кайтарышкан эмес) сынчынын кыргыздын мыктыларына, Ормонго берген баасы: «Жалдуу Барак ханга ылайык киши экен» — деген, Жангарачты сынап: «баатырлыгы жана сыпайылыгы, акылы бирдей экен»—деген. Бөлөкбай, тынай, черикчи уруктарын аралап көрүп: «атына ээри каткан, ээрине көтү каткан, кыска жеңил кийинген, жоодон башканы ойлобогон, урушкан душманы тирүү кайтпаган, жоо бөрүсү журт экен» деген. Бул сөздү Кенесарыга айтып барганда, Кенесары: «былай сөздү не үчүн айтасың» — деп өлтүртүп таштаган» («Кызыл кыргыз тарыхы» 1-китеп, 203-бет). **1846-жылы Кенесары анын иниси Норузбай Касымовдор 20 миң аскери менен кыргыздарга кол салат. Алар кыргыздардын жоокерлеринин каршылыгын майтарып, Кара-Балта, Сокулук, Аламүдүн чөлкөмүн басып алышып, Токмокко келет. Кенесары басып алган жерлерде жырткычтай ырайымсыз болот. Бооз катындардын ичип жарып, баласын найзаларынын учуна сайып алып жапырып олтурат. Солтонун көздөрү өтүп кетишкен мыктыларынын — Канай, Эшкожолордун мүрзөсүн ачтырып, сөөктөрүн жанчышат. Ошондо Ормон хан көлдөн келип, башкы колбашчылыкты өзүнө алат. Ормон хан кыргыз урууларын бир муштумга түйүп, 10 миң аскер топтоп, аны 4 майданга бөлөт. Ар бир майданда 2 миңден жоокер, бирок аны ар бир майданда 5 мин жоокер бар деп амал менен казактарга жеткирет.**

Айыгышкан согушта эки тараптан тең кан суудай агат. Ормондун акылмандыгы, айлакердиги, согуштун стратегиясын, тактикасын мыкты билгендиги, дипломаттык таланты, эр жүрөктүүлүгү, намыскөйлүгү өзгөчө ушул согушта айкын-ачык даана билинет. Душмандын арасында

чалгынчылык иштi да укмуштуудай акыл менен жүргүзөт. Натыйжада казактын атактуу баатыры Сыпатай (кыргыздар Супатай деп коюшкан) 5 миң колу менен Кенесарыны таштап кетет. Кыргыз аскерлери 4 майданга бөлүнгөндө аны башкаргандар Түлөберди, Жангарач (солто уруусунан) Жантай, Төрөгелди (сарбагыш уруусунан) болгон. Майдандын кол башчыларынын алдында миң башчылар болгон. Маселен черик, моңолдор жоокерлеринин башында миң башы болуп Ажыбек баатыр турган (черик уруусунан), саяктардын миң башчысы Дуулат болгон, миң башыга жүз башылар, аларга он башылар баш ийген. Ормон эң башкы колбашчы болуп, тартипти катуу кармаган. Жоокерлердин ар намысын күйгүзүп, согуш талаасындагы кандуу салгылашууларда түзүлгөн шартка жараша жеңишке жеткирүүчү ыкмаларды жазбай таап буйрук берип турган. Өзү согушка кирген эмес. Буйрукту, жарлыкты чабармандар аркылуу берип, кабарды ошолор аркылуу алып турган. Чабармандары белгилүү билерман бийлерден болгон. Бул согушка бугу уругунан башка Тагай бутагына киришкен кыргыздын баардык уруулары «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып», Ормонго үндөбөй баш ийишип согушушкан. Ормон хандын кыраакы жетекчилигинин астында кыргыздар Кененсарыны талкандай талкалаган. Кененсары, анын чыгаан баатыр иниси Норузбай колго түшүп, өлтүрүлгөн. Кененсарынын баскынчылык согушу, анын бетине көө сүйкөлүп кыргыздардан жеңилиши жөнүндө жазылган эмгектер азыр көп. Мен бул согуштун ийне-жибине чейин жазууну көздөгөн жокмун. Сөз Ормон жөнүндө болуп жаткан соң, анын бул кандуу, кыргыз элинин XIX кылымдагы ата-журтун коргоодогу улуу согушунун башкы колбашчысы, көсөмү катары тактикалык амалдарынан эки-үч мисал. Кененсарынын колунун алды Токмокту каптап калган. Ормон хан Кененсарынын жоокерлери даана көрө турган Кондурдун, Кашка-Жолдун белдеринен, Шамшы, «Кызыл-Суу», «Борду» капчыгайларынын ооздорунан кунантайлардын куйругуна чычырканак байлатып эртеден кечке ары-бери айдатып, уюлгутуп чан чыгарган. Аны көрүп турушкан казактардын жоокерлерине Ормондун колуна ар тараптан жоокерлер кошулуп жатат дедиртип жеткирген. Ошол эле жерлерге күн-түн от жактырган. Күндүзгүсүн суу бадалдарды жактыртып созолонтуп түтүнүн, түнкүсүн кургактарын жактырып жылтылдаган от чыгарт-

www.bizdin.kg

кан. Муну казактарга белдерди ашып, Ормонго келишкен жоокерлер жайгашып жатышат деп кабардаткан. Атактуу манасчы Сагымбайдын атасы Орозбак Ормон хандын сурнайчысы болгон. Аны сурнайын тарттырып, дүкүлдөтүп сүйлөтүп, сурнайдын үнү Кенесарыга угулганда Кенесары сестенип, жанындагы Сыпатайга «Мынау сыйыпча мөөрөгөн не» дегенде, Сыпатай: «Кыргыздын чабагы мен чарпышып жатчу един, жаяны энди келди» дейт. Күпүлдөп сурнай менен сүйлөп жаткан Орозбактын үнүн кыргыздын ханы Ормон баатырдын добушу деп жанындагылар дагы кошумчалайт.

Буларды көрүп угуп турган Кенесары сестенип, чочулап: «Бул Ормонуң сончалык үлкөн баатырба» дегенде Супатайдын бир жигити казандай болгон тебетейди Кенесарынып алдына коюп, кийген тебетейи ушул экен, анан Ормон алп эмей, ким алп дегенде Кенесары тебетейди кармалап ого бетер чочулайт. Ормон ал тебетейди атайын тиктирип, чалгынчылар аркылуу Сыпатайга жеткирип: «Ормондун кийген тебетейи ушул деп ханыңарга көрсөткүлө» деп суранган. Эл ооздорунда «Ормон окуу», «Ормон опуза» деген сөздөр 150— 170 жылдар бою айтылып келе жатат. Ормон хандын ишмердигинде окуу да, опуза да бар. Ормондун опузалары эл башкарганга сабак болсун дегендер аны «окуу» деп коюшат.

Хан болуп шайлангандан кийин Ормон элди башкаруу үчүн, жоону жеңиш үчүн, өзүнүн зоболосун бийиктетүү үчүн ар кандай ыкмаларды, амалкөйлүктү, элдин жүрөгүнүн үшүн алычуу жоруктарды жазаган. Ал ор каздырып, зындан курган. Ага анча-мынча уурулук жана башка күнөөлүүлөрдү салып, башкаларга зындандын өзүн, кээде анда күнөкөр болуп жаткандарды көргөзүп: «Жөн жүрбөсөң, меңин буйруктарымды, жарлыктарымды аткарбасаң ушул зынданга тирүүлөй чиритем» деп коркуткан. Чындыгында, орго көп киши салынган эмес. Ошол ордун жанына дар куруп: «Көрдүңөрбү мобул дарды, кокус ушуга асылып калба» деп да коркуткан. Көбүнчө башка уруулардын баатырлары дегендердин, манаптарынын жүрөгүнүн үшүн алган. Зындандан берээк үч-төрт кара алачык тиктирип койгон. Ага анча-мынча тартип бузгандарды 10, 20 күн эшикке чыгарбай камаган. Бир жолку мыктылардын жыйынында Төрөгелди баатырга ачууланып: «алып барып кара алачыкка камагыла» деп буйрук берип, үч күн Төрөгелдини кара алачыкка каматкан.

Төрөгелди ошол убактагы кыргыздын эң атактуу баатыры болгон. Мүлдө кыргыздын манаптары, баатырлары андан чочулаган, ага каяша айткандан коркушкан, аны менен колдорун төшүнө куушуруп, башын ийип саламдашкан. Анан ошолор Ормондун эки санын мыкчып күңгүрөнүп, Төрөгелди баатырды кара алачыкка тыккандан кийин, Ормон акырая карап, санын мыкчый баштаганда жүрөктөрү түшүп, Ормондун айтканын, буйругун жазбай аткарууга макул болушуп, ага жараметтенишип, кошомат кылып калган. Ормондун бул оюну Төрөгелди иниси менен макулдашып жасаган жасалма оюн эле. Же көл башындагы бугулардын билермандары Боромбай, Токсоба, Муратаалыга: «Мен Төрөгелди ач арстанды чынжырлап кармап турбаймынбы. Аны кое берсем силерди Илеге ыргыта сүрүп таштоочудан» деп аларды коркуткан. Саяктардын өздөрүнө билгизбей бугуларга: «Силердин Шапак уругуңар биздин саяк болот. Аларды кайрып алабыз» деген чатагын араң басып жүрбөймүнбү» деп бугуларды колуна алса, бугуларга билгизбей алар менен саяктарды коркуткан. Натыйжада экөө тең Ормонго жакын болууга аракеттенишкен.

Кененсарыны жеңгенден кийин Ормон хан Иледеги казактарды сурайм деп ал жакка барып 2 жыл туруп калган. Ал жердеги казактар адегенде биздин ханыбыз дешип урматташып, экинчи жылы казактын султандары Ормондун үстөмдүгүнө чыдабай, ага каршылык кылып, аны өлтүрүүгө ниеттенишкен. Ормон алардын жаман оюп түшүнүп, айла-амал издеген. Ошондогу казактарга жасаган опузасын Белек Солтонев төмөндөкүдөй жазат: «Казактар Ормонду талап алмай болгондо казактын баш көтөргөн жакшыларын чакыртып, алар келе электен мурун 50 — 60 жигитке селде ороп, ак кийгизип, кылыч байлатып мылтык асынтып кучмач ээр токутуп, бир нече атка чатыр, чайдос арттырып даярдап, бир жылгага жашырып коюп, казактын чакырылган баш кишилер келгенде алар келип, Ормондун айлынын жанына ак чатыр, көк чатыр тиге сала бир-эки селдечен кишисии Ормонго жибергенде, Ормондун жигиттери кирип, бул келген кишилери Кокон ханынын сарбоздору экен, арттан бир-эки күндөн сон бектери менен дагы аскери келет экен, сизге учурашып, ошолорду жайын айтууга уруксат сурап бир-эки кишиси келип турат дегенде, Ормон: «Ээ бул коконгдогон кокондукту мен чакырган жок элем го, аларсыз дагы мындагы казак, кыргыздын

иши толуп жатат, айтар сөзү болсо кийин айтаар», — деп тизесин мыкчып-мыкчып койгондо, казактын манаптары: «Баатыр, биз бул меймандарыбыздын союшун даярдап, эки-үч күндө келели», — деп Ормондон уруксат ала жөнөгөн. Айылдарына барышып, Ормон бизди оң кылмайды, Ко-кондун колу келиптирлеп, баары жапырт көчүп. Иленин жакасына түн бою малы менен үркүп кеткенде, Ормон кайтадан шашпастан жай көчүп жерине келген». («Кызыл кыргыз тарыхы» 1-китеп, 201-бет).

Кененсары, Норузбай Касымовдорду жеңгенден кийин Ормон хандын даңкы Орусия жана Кытай империяларынын ак сарайларында атала баштайт. Анын Кокон хандыгын тоотпостугу күчөйт. Кокон хандыгына ар кандай талаптарды коет. «Кокон хандыгынын «Ак бекеттеги» беги мени коноктомуш болуп, уу берип өлтүрүгө аракеттенди, аны бул жерден менин көзүм көрбөсүн, алып кет» дегенде, Кокон анысын алып кетип, ордуна башка киши жиберет. Жаңы келген бек үч төөгө жүктөлгөн башайы баркыт, намиркен өтүк, маазылар, килем-кечелерин, өрүк-мейиздерин тартуулап, Байсоорунга келип, Ормондун алдынан өтөт. Ормон Ниязбектин ашын бергенде Коконго «кырк казан, кырк бычак, эт туурап тамак кылганга кырк кыпчак берсин» деп Сазаны жөнөтөт. Кокон ханы аны да аткарат.

Кашкардан элчи, соодагерлер кыргыз жергесине келүүлөрүн катуу көзөмөлдөп, алардын келчү жолдоруна беш-алты жерден 40 — 50 жабдыктуу жигиттерди коюп, жигиттер аларды өлтүрөбүз дешип кубалап, Ормонго айдап келип турушкан. Ормон аларга жан тартымыш болуп, жигиттерге ачууланып, тентектикти койгула, булар соодасын, башка иштерин эркин жүргүзө берсин деп алардан көп пара алып турган.

Жаза берсе Ормон хан жөнүндө атадан балага айтылын калган окуялар абдан көп. Алардын бир нечесин мен бул жерде келтирейин. Ормон Соң-Көлгө келип, ал жайлоону жайлап жүрүшкөн курманкожо, кулжыгач саяктарына «Бул кереметтүү жайлоону менден жашырып жайлап жүргөн турбайсыңарбы» деп 100 жылкы алып, кийинки үч-төрт жыл Соң-Көлдү жайлап жүргөн. Бир жылы ак өргөөсүндө олтурганда эшикчи жигити: «Ханым, саяктардан өкүлдөр келиптир. Сиз менен сүйлөшөт элек дешет» дегенде, Ормон:

— Эмне, күйүп жаткан иши бар бекен алардын? Мен ойлонуп жатам. Башымды оорутпай келген жолдору менен

www.bizdin.kg

кете беришсин. Алар менен сүйлөшкөнгө чолоом жок. Эмне суроолору бар экен алардын? — деген.

— Ханым, алар «быйыл кыш оор болду. Мал өлүмдүү болуп, кыштан арык чыкты. Элде ачарчылык болуп арып-ачып калды. Мал семирип, айран, кымыз көбөйүп, жайлоого чыкканыбызда орозого туш болдук. Отуз күн орозо кармасак аягыбызды шилтей албай калчудайбыз», — дешип, сизден орозону жай чилдесиңе эмес кышка жакын айларга которуп берсе деп өтүнүп келиптир.

Ормон күңгүрөнүп:

— Бул саяктар макоо болуп калган го. Алла талаанын орозосун мен кантип өзгөртөм.

— Ханым, алар куру келишпептир, 40 байтал ала келишиптир, — дегенде, Ормон эки тизесин ушалап, каткырып:

— Анда айтып кой аларга: саяктар орозону азыр эмес, жетинин же бештин айында кармашысын. Хан уруксат берди, — деген экен.

Кырк байталды калтырып, саяктар кудуңдап жолго түшкөн.

Бир жылы Карабектин Жантайы Ормонду конокко чакырат. Баглан козулар, сүт эмген тайлар союлат. Жантай Ормонго жагынуу үчүн өзгөчө кастарлап меймандайт. Эт тартылат. Устукандар мүлжүлүп бүткөн соң адаттагыдай беш бармак келет. Ормон беш бармактан ооз тийип: «Бул эт тамактан кантип өтсүн», — деп эттин кесегирээк тууралганына нааразы болуп, колун табакка экинчи салбай атайын аны үчүн коюлган куш жаздыктарга башын коюп, кыйшайып жатып алат. Жантай Ормондун каарынан абдан корккон. Ормондор ата-бабасынан бери Тынайдын тукумдарын «жырык» дешип өздөрүнөн төмөн эсептеген. Атаке баатырдын оозу жырык болгон, ошондон аларды Эсенгулдун тукумдары «жырыктар» дешип кемсинтип текеберленишип келген. Анын үстүнө Ормон Жантайды жактырбай, кылдан кыйкым таап басынтууга устат болгон. Бул жолу тынайлар мейманга жакшылап эт туурап бергенди билишпейт деген сөздү Ормон ар жерде айта берерин сезген Жантай көзүндө огу болсо атып жиберчүүдөй эт тураган жигитти акырая карайт. Шордуу жигит хан кеткенден кийин Жантайдын катуу жазааларын сезип, тизелей олтура калып, Ормонго кайрылып:

— Ханым, казактын төөлөрү, бугу, саяктын жылкыла-

www.bizdin.kg

ры, чериктин кийиздери өткөн тамактан, ушул мен тууураган эт өтпөй калдыбы? — дегенде, Ормон каткырып күлүп:

Жок, иним. Тууураган этиң өтөт, жакшы эле туурапсын, — деп жаздыктан башын көтөрүп, табакка кол салат.

Жигиттин көкүрөгүн жарып ыргып кетчүлөй лүкүлдөп соккон жүрөгү ылдыйлайт. Жантай да Ормонду карап жылмаят. «Чериктердин кийизи» дегени, Ормон хан боз үйлөрүнүн үзүк, туурдуктарын, шырдак, ала кийиз, тердиктерди чериктин аялдарына жазаткан. Алар бул кол өнөрчүлүктө устат болушкан.

Ормон хан бузукулар тарабынан кара ниеттик менен өлтүрүлгөндөн кийин Кашкардан Турдакун деген соодагер Нарынга келип токтойт. Ал соодагер кыргыздарга бир нече жолу келип соода кылып кетип жүргөн. Бул жакка кездеме, көлөч-маасы, бычак, устара, өрүк, мейиз алып келип малга алмаштырган. Соодагерди Нарындагы Жакыпбек баштаган моңолдордун мыктылары жылуу тосуп алышып меймандашат. Дасторкон үстүндө аркы, беркини сурашып маектешкенде, Жакыпбек Ормон хандын өлгөнүн кабарлайт. Ошондо соодагер чочуп кетип: «Оо бачагардын жаны канча күндө чыгып бүттү экен» дептир. Ормон хандын Кашкар жактан соодагерлерди талап-тоноп, андан тышкары очойтуп бажы алганы алардын көкөйлөрүнө көк талкандай тийсе керек. Ал кезде Жакыпбек Ормонго кызмат кылып, Ормондун таламын талашкан адам болгон. Ошон үчүн Ормондун агасы Ырыскулбек ар кайсы элде жүрүшкөн моңолдорду чогултуп, эл кылууга уруксат берип, Нарын жана Атбашынын башындагы жерлерди бөлүп берген. Атбашы менен Нарында башында отуруктaшып калышкан моңолдор ошол Жакыпбек жыйнагандар. Кийин Үмөтаалы атасынын кунун кууп бугулар менен согушуп, анан ал жактан Нарынга ооп келип, тынымсейиттер менен согушканда Жакыпбек тынымсейит жагына ооп кетет.

Ормон хан эски ата салттардын негизинде, өзүнүн акылынан чыккан тартипти мамлекетте бекемдеген, элдин ынтымагын бекем сактап, уруулар арасындагы кагышууларды, уурулукту токтотуу боюнча мыйзам-заңдарды орноткон, жарлыктарын жарыя кылган. Албетте, мунун баары каты жок элде ооз жүзүндө болгон. Хан болуп, ай тамгалуу кызыл тебетейди кийгендеги Ормондун биринчи

www.bizdin.kg

сөзү: «Мал башы бузулбастан ууру жоголсун, кишенге ат салынбасын, кокус мал уурдалса, бир тогуз төлөнсүн, эрдин куну чаң тийбес 300 жылкы болсун» деп элге жарлык кылган. Балбай туткунга түшө электе аны Адыл, Алыбек, Намазбек, Жаманкарага кошуп чакырып: «Адыл экөөбүздү сарбагыш дейт, Алыбек сени саяк дейт, Балбай менен Намазбекти бугу дейт, Жаманкара сени солто дейт. Ушунун баары бир атанын балдары — Тагайдын уулубуз. Биз бири-бирибизди түшүнүшүбүз керек. Биз бир колдун беш манжасыбыз. Баарыбыз биригип баш кошпосок кайдан муштум болуп түйүлөбүз. Элдин биримдиги керек деп көптөгөн күнөөңөрдү кечип отурам. Эки жагыбыздан курчап эл турат. Эл ичинде ынтымак болсун» деген. Мындай сөздөрдү элге таасирдүү адамдарды топ-топ кылып чакырып алып көп айткан.

Ары-дейбиз, бери-дейбиз Ормон хан өз заманындагы кыраакы саясатчы, түптөлүмүш болуп келе жаткан мамлекеттин акылдуу, айлакер, амалдуу башчысы болгон. Өзү байпагы манат болуп байыган. Ал Эсенгулдан калган алтын, күмүш дүйнөлөрүн арбыткан. Урууларын териштирбей ал тегерегине ырчы, комузчу, акын, манасчыларды да жыйнаган. Бирок чоң уруу башчылары ага баш ийимиш болуп, жер-жерлеринде өздөрү билишип өз бийликтерин жүргүзө беришкен. Алардын көп иштери Ормонго жаккан эмес. Жыл өткөн сайын Ормондун жаасы катуулап, заардуу, каардуу ханга айлана баштайт. Мамлекетти күчкө салып башкарууга болбосун ал түшүнгөн эмес. Ормон мамлекетти куруунун ыраттуу ыкмаларын түзүүгө акылы жете алган эмес. Кыргызда бул боюнча тажрыйба да жок эле. Борбордоштурулган казына, турукту армия, салык төлөөнүн ыраattуу ыкмасы, жан-жөкөрлөрүнө маяна төлөө дегендер уюшулбаган. Билермандар кедей-кембагалдарды талап жеп турган. Патриархалдык жапайы турмушта мамлекет түзүү таптаза карангы, кылымдар бою күнкор болуп, башкалардын көзүн карап, ошолордун отун жагып, кулун чыгарып жүргөн элде мүмкүн эмес эле. Ошондуктан сөлөкөтү түптөлгөнсүп келаткан мамлекеттик башталыш Ормон хан өлгөндөн кийин бытырап, уруу урууга кайра бөлүнүп, ар бир уруу өз билгендерин жазап калган. Ормон өлгөндөн кийин кыргыз урууларынын Орусияга карап кетиши негизинен туура болгон.

## ОРМОН ХАНДЫН ӨЛҮМҮ

Ормон хандын өлүмү көп булактарда жазылып, айтылып жүрөт. Анча-мынча кыргыздын тарыхына кызыккандардын анын өлүмү жөнүндө маалыматтары бар. Ошондой болсо да мен Узун ээк Алыке (Алыке Молдо) айткан бир баянды коомчулукка жеткиргим келет. Бул баянды мага 1952-жылы Алыкенин өз оозунан угуп, Алыкенин кол жазмасын окуган анын үч аталаш тууганы Зулпукадыр Молдо айткан. Аны мен жазып алдым эле.

Алыке өз заманынын атактуу, сабаттуу, салабаттуу адамы. Карапайым эл арасында баркы өтө бийик болгон. Казак-кыргыздын санжыра-тарыхын изилдеп жазган, тилеке каршы ал кишинин кол жазмалары бизге жетпей калды. Эмесе Ормон хандын өлүмү жөнүндөгү Алыке Молдодон айтылып калган баян: Алыке Молдонун жазганы боюнча Ормон ханды көл башындагы бугу белек уруусунун колу менен казактын султаны Тезек төрө өлтүргөн. Алыке Молдо Ормон хандын өлтүрүлгөнүнө эки жыл толгондо 1856-жылы Чоң-Кеминде туулган. 1874— 1878-жылдары Алматы аймагындагы Сат деген казактын байынын катчысы болуп, андагы Верный шаарына Саттын тапшырмалары менен тез-тез каттап, ал шаардагы билимдүү орус, казак, татарлар менен таанышып, алар менен пикир алмашып жүргөн киши. Ормон хан өлтүрүлгөндө Алматы аймагындагы казак туугандар: “Көксөбүз эми сууду. Кенесары султандын куну алынды. Кыргыздын ханы Ормон өзүнүн букараларынын колунан мыкачылык менен өлтүрүлдү. Баракелде султан Тезек төрөгө! Анын айлакердигине даба жок турбайбы. Казактын бир тамчы канын жерге тамызбай, Ормон желмогузду”

Казак туугандардын Ормон ханга кекенип калгандарынын себеби, баягы эле Кенесары өзү баштаган казак менен кыргыздын согушу. Казактар катуу жеңилген. Кенесары, Норузбай баштаган 20 миң кол талкаланган. Ал экөө тең жана казактын ондогон баатырлары согуш майдандарында курман болушкан, же колго түшүп, өлүм жазасына тартылган. Кыргыздар да кыргынга учураган. Миңдеген жоокерлеринен, ондогон баатырларынан ажыраган. Бирок жеңиш кыргыздарда болгон. Ормон хан жеңиштин уюштуруучусу жана туусу болгон. Казактын улуу жүзү анын атын жакшы билген. Адатта ак карасына

карабай, жеңилген элде ачуу кек калат. Өч алууну эңсешет. Казак туугандар да бул кекчилдиктин туткунунан бошоно алган эмес. Кыргыздардан өч алуу алардын мыктыларынын жүрөктөрүн өйүгөн. Муну Ормон хан Илеге көчүп барып, казактарды сураганда даана түшүнгөн. Казактардан чочулап, ал жактан кайра Байсоорунга көчүп келген. Ал жерде көпкө калса өлүмгө учураарына анын көзү жеткен. Ормон хандан өч алууну Алматынын чыгышындагы албан, субан казактарын, толук кызай казактарынын бир бөлүгүн башкарган Тезек төрө өзгөчө көксөгөн. Тезек төрө Кенесары менен туушкан. Экөө тең Абылай хандын тукумдары. Ормон хан да казактардын кечирилгис ич күйдүлөрү бар экенин эсинен чыгарган эмес. Тезек төрөдөн дайым шектенген. Ошон үчүн Санташтан нары Каркырага казак менен кыргыздын чегин ажыратып кароол койгон. Ал кароол чекти кайтарууну көл башындагы бугу-белектерге жүктөгөн. Бугунун башкы манабы Боромбай кан кудасы болгондуктан ага ишенип, чекти кайтарып, казактарды тосуп берет деп үмүттөнгөн.

Чек араны үзгүлтүксүз көзөмөлдөтүп, ал жерге өзү да барып турган. Так ушул кездерде бугу менен сарбагыштын ысык ынтымагы ажырай баштайт. Буга себеп ордо ойну. «Айлыңызда зеригип жата бербей, бизге келип серүүндөп кетиңиз» деп Ормон хан Байсоорунга Боромбайды конокко чакырат. Ал убакта көлдүн күңгөйүн Шатыга чейин сарбагыштар ээлеген. Бирок эки бир тууган эл аралаш да олтура беришкен. Боромбай шаан-шөкөт менен 50-дөй жан-жөкөрүн ээрчитип, Байсоорунга Ормондукуна түшөт. Каадасы менен конок үлпөттөрү уюштурулат. Ат чабыш оюндары - болот. Куш салышат. Анан Ормон хан ордо уюштурат. Байге сайышып ордону сарбагыш, бугу эки бет болуп атышат. Байге жыйырма байтал. Биринчи оюнду сарбагыштар утуп алып, байгени алышат. Буга Ормон шерденип эмнегедир абдан кубанат. Ормон өмүрүндө көп алган, көп чапкан, көп дүйнө жыйнаган. Эмнегедир ошол 20 байталга магдырап, бугуларды кичине кордоп, дымактанып кетет. Боромбай: «Биздин ордочу кишибиз калып калыптыр. Уруксат берсеңиз ошону алдыралы» деп Ормондон суранат. Ормон макул болот. Ошондо алар Чыйбыл деген ордочусун алып келет. Чыйбыл түбү Адыгине. Анын туугандарынын тукумдары азыр Жети-Өгүздүн оозундагы

www.bizdin.kg

Жети-Өгүз токой чарбасынын кардонунда турушат. Болгону 7 — 8 түтүн эл.

Чыйбыл келгенде экинчи оюн башталат да, бугулар салып берет: Жандырмак оюнда сарбагыштын чертмекчиси Аюкенин бармагы жарылып, кан жерге таамп кетип жыдып калат. Аюкенин бармагы томпой кармаганга жарабай калат. Бирок оюн али көп. Сарбагыштар уттурабыз деп ойлошпойт. Жандырабыз деп турушат. Ичке Алыбек түшөт. Ал сарбагыш жагында. Алыбек чүкө чертип жатканда Ормондун жанында отурган Боромбай ага көзүн кысат. Алыбек жаза чертип жыдып калат. Ормон байкап калат. Бугулар уттурган байталдарын кайта алышат. Ызакор Ормон Алыбекке ачуусу келип, кекенип калат. Мына ушул ордодо Алыбек менен Ормондун ортосу сууй түшөт. Ормон өзүнүн айтылуу «кара келте» мылтыгын Алыбекке берген. Ал мылтыкты кайра берсин деп жигит чаптырганда мылтыкты бербей, адегенде ал мага Уулбаланы берсин деген. Уулбала деген казактын сулуу кызы кыргыздын ханына тийем деп келатканда Кетирекейдин Алыбеги кармап алып, өзү үйлөнүп алган. Бир айга жеткирбей ал кыз мени издеп келаткан деп Ормон Алыбектен алып алган. Иш чатагына айлана баштайт. «Лаппай таксыр» деп жүргөн Алыбектен тиги жоопту укканда Ормон Алыбекти жазалаш үчүн жигиттери менен Кочкордогу Алыбектин айлына бет алып жөнөйт.

Алыбек болсо Ормон хандын каарынан коркуп, көл башындагы Боромбайдын айлына көчүп барып баш калкалайт. Мына ошондон тартып, Кетирекейдин Алыбеги Ормон ханга айыгышкан каршы душман болуп калган. Ормон хан Алыбекти алып келип берсин деп Боромбайга жигит чаптырат. Боромбай: «Ителгиден качкан чил деле бир түп караганга жашынып жанын сактап калат турбайбы. Хан бизди бир түп караганча көрбөйт бекен» деп Алыбекти бербей коёт. Алыбек Боромбайга кызмат кылып калат. Ормон менен Боромбайдын өз ара достук, куда-сөөктүк мамилелери сууй баштайт. Бирок анда да, кийин да Ормон хандын тушунда бугу менен сарбагыштын ортосунда согуш болгон эмес. Бирок ич ара таарынычтар күчөй баштаган. Ормон хан Боромбайга кыжыры кайнап, кай жерден күнөө таап доо коердун амалын издейт. Ормон хан чек араны шылтоолоп көлдүн башын тез-тез кыдыра баштайт. Муну көрүп турган белек тукумдары катуу кооптонгон. Ормон хандын «опузаларын», «амалдарын» жакшы

билген Боромбай чочулап, Тезек төрө менен мамилесин жакшыртууга умтулат. Боромбайдыи абалы оордоп, анын айласы кетип турганын даана сезген кыраакы Тезек төрө белектин билермандары Мураталы, Зарыпбек, Боромбай, Качыбектерге, арык тукумунун мыкчыгери Токсобаларга жем ыргытып, өзүнө жакындатып, Ормон хандын көзүн тазалоонун амал жолун ошолор аркылуу издейт. Ормон ханга ачык согушка чыгууга Тезектин чамасы жок эле. Анын үстүнө ал Ормон хандын согуштук жөндөмдүүлүгүн, айлакерлигин, «жеңилбес» деген Кенесарыны талкалаганын, Ормондун казак, кыргыз арасында катмарланып тараган баатырдык даңкынан чочулап, даай алмак эмес. Казактардын улуу жүзүнүн эли да согуштардан тажап, тынч оокат өткөрүүгө ниеттерин бурушкан. Калмактар менен катуу согуштарда казактар катуу кырылганда Орусия надышачылыгы казактарды өзүнө каратып алган. Тезек төрө Орусия бийлигинин уруксатысыз кыргызга согуш жарыялай алмак эмес. Ошондуктан кыргыздарды бири-бири менен кырылыштырып, ханмын деген Ормонду жайлатып, кыргызга өзүнүн таасирин тараткысы келген. Ал убакта казактар Орусиянын букарасы болуп калган. Тезек төрөнүн амал ойлорун Орусия бийликтери да колдогон. Кыргыздарды басып алуу Орусия падышачылыгынын максаты эле. Тезек төрө бугулардын мыктыларын адегенде бирден-экиден кезек менен мейманга чакырып, сый көрсөтүп коноктоп: «Мен силер менен кудай алдында достошом. Ормон казактарды кырганда силер ал согушка катышкан жоксуңар. Колуңар да, абийириңер да биз үчүн таза. Калдайган казак журтунун силерге нааразычылыгы жок. Мен түбөлүккө силер мененмин. Отко да, чокко да силер менен чогуу барам. Силердин келечектеги тагдырыңарды ойлоп, жүрөгүм ооручу болду. Ормон хандын силерди көрөйүн деген көзү жок. Ал зулум силерди көлдүн сырты «Көйкапка» сүрүп, көлдүн башын өзү ээлегени жүрөт. Анын кишилери, өзү да ат тезегин суутпай жериңерди кайра-кайра тинтип, кыдырып жүрүшкөндөрүн көрүп жатпайсыңарбы. Ормон тирүү турса силер жериңерден, мал-мүлкүңөрдөн, сулуу кыздарынардан, шылуун жигиттериңерден ажырайсыңар. Касиеттүү бугу байбиченин урпактары тукум курут болуп каласыңарбы деп корком. Эптеп Ормондун көзүн тазалабасаңар силерге күн жок. Азыр ал силерге өчөшүп алды. Акыры түбүңөргө жетет. Анын эчтекеден кайра тартпасын менден жак-

www.bizdin.kg

шы билесиңер. Анын жасаган кыймылдарын мен да байкап жүрөм. Ал жаз-күздө айлар көлдүн башын кыдырып жүрбөйбү. Жөн эле кыдырган жок. Өзүнүн элин да араңарга кондуруп койду (ошол мезгилде Калыгул Бай уулу баштаган сарыбагыштардын надырбек уругу бугулардын арасына келип конушкан). Силердин жерди кыдырганда аны бөлгөнү 30 — 40 киши коштоп жолдоп жүргөнүн көрүп жатасыңар. Дөөлөткө магдыраган канкор силерди чымын ордуна көрбөй энөө жүрүп жатпайбы. Аны өзүңөр байкап жүрөсүңөр. Ушундан пайдаланып, аны күм-жам кылып койсоңор атадан балага айтылуучу эрдик жазайсыңар. Мен силер жактамын. Каным да, жаным да силер жакта. Коркпогула. Казак эли Орусиянын букарасы. Ал эбегейсиз күчтүү өлкө. Аскерлери жеңилип көргөн эмес. Мен ак падышанын генералдары, губернаторлору менен жакшы ымаладамын. Силерди Орусия бийлигинин төбөлдөрү менен достоштурам. Орусиянын букаралыгына өтөсүңөр. Бугудан кыргызга хан шайлайбыз. Ормондон силердин эмнеңер кем. Ал деле кыргыздын ханымын деп чиренип жүрбөйбү. Сарбагыштар согушабыз десе, Орус аскерлери силерди коргогондой кылабыз. Мен болсо дайым силер жактамын. Биз да куру кол эмеспиз. Жоокерчиликте казактын арстанга алдырбаган жигиттери аз эмес. Казак элинин мыктысы улуу жүз болсо, кара кыргыздагы мыкты уруу силер - бугуларсынар. Биздей болуп ак падышанын амирине өтөсүңөр. Буга мен жардамдашам. Анан силерге эр болсо башкалар даап көрсүн. Ормонду тезирээк жоготпосоңор, ал акыры силердин түбүңөргө жетет. Муну бөркүңөрдөй эле көргүлө. Ормонду мойсосоңор аны үчүн чуу деле болбойт. Ал жоголсо силердин жолуңар ачылат. Акылдуу туускандарсыңар, кайрат кылгыла. Ал силер жакка келгенде капысынан кол салып, жыга чапкыла. Анда өлбөй калса туткунга алып, ошол эле күнү өлтүрбөсөңөр кечигип каласыңар. Ким өлтүргөнү билинбей калсын. Элиңерден бир жинди табылаар, ошого өлтүртүп койгула» дей берген. Бугунун мыктылары Тезек султандын айткандарын ык көрүшсө да, андай ишке баруудан чочулашкан. Өзгөчө Боромбай менен Муратаалынын санаалары санга бөлүнүп, айлалары кеткен. Биринчиден, алар көп жылы Ормон менен карым катташта болушуп, бир дасторкондон чай ичишкендер. Экинчиден, Ормон хан Боромбайдын кан кудасы.

Алыбекти бербей койгондон бери Ормондун көзү түз эместиги, кийинки убакта жок жерден шылтоо таап тийишип, жекире баштаганы эстеринен эч качан кеткен эмес. Ормон хандын каарынан ал башынан эле корккон. Ормон эрегишкендерин эчтекеге карабай, тайманбай жазганбай жазаалары, өчөшкөн адамын аябагандыгы, дегеле беттешип сүйлөшкөндө анын сүрү, жекирүү, коркунучтуу ыкмалары Боромбайдын жүрөгүн дайым титиреткен.

Боромбай жаратылышында бошоң адам болгон. Бугунун бийлигинин башындагы биринчи киши болуп эсептелсе да, чыныгы бийликти Бирназар бийдин тондуу уулу Мураталы жүргүзчү. Ошол кысталыш мезгилде бугулардын бийлик аренасында Жылкайдардын уулу Тилекмат чыга келет. Так ошол Тилекмат XIX кылымдагы кыргыздардагы тарыхый трагедиянын идеологу болуп калат. Тилекмат Бирназар бийдин тонсуз уулу, башкача айтканда, кулу. Түбү Атбашыдагы черик уруусунан. Бирназар бий атбашылык чериктерден келип алат. Кызды Атбашыдан көлгө узатып жатканда бир жакын жеңеси кызга коoздолуп чырмалган чыгдан тартуулайт. Кыз: «Акем менен сүйлөшүп, чыгданыңардын ордуна жанакы Жылкайдар жигитиңерди бергиле, башка элге, башка жерге кетип баратам. Мага жөлөк-таяк болсун» деп Жылкайдарды чыгдандын ордуна сурап алып, көлгө өзү менен кошо ала келген. «Чыгданга келген Чыныбай», «Кул Чыныбай» деген сөздөр ошондон калган. Чыныбай Тилекматтын баласы, Жылкайдардын небереси. Кийин ал Каракол уездинин начальнигине орун басар болуп, буларды былк эттирбей башкарып, «Чыныбай баатыр» атанган. Жылкайдар Бийназар бийде кызмат кылып жүргөндө, бугулар калмактар менен кагылыша түшүп, Бирназардын жигиттери бир калмак кызды туткундап келишет. Бирназар аны Жылкайдарга алып берет. Ал катындан Тилекмат туулат. Тилекмат жаш кезинен эле зээндүү, чыйрак чыгат. Бара-бара ал «капилеттен сөз тапкан, караңгыда көз тапкан» чыгаан, көздөгөнүнө жетпей калбаган тырышчаак, элди тегерегине топтоп, аларды өзүнө ийиткен, эрки күчтүү азамат болуп өсүп чыгат. Тарыхта Тилекматтын тагдыры менен Баяке баатырдын тагдыры окшош. Тынай сарбагыштын мыктыларын:

«Баатыр Шабдан, Баяке, Мамбеталы, Дүр төртөө» дешип, ушул төрт инсанды жерге, сууга тийгизбей даңкташат. Бул элде Шабдандан кийинки баатыр Баяке бол-

гон. Ал өзү сарбагыш эмес. Уругу Кыпчак. Баяке да Жантай уулу Шабданга Жангарачтын Бали деген кызын алып бергенде, ал Жылкайдарга окшоп, сарбагышка Бали менен кошо келген.

Ал Жантайдын да, Шабдандын да атактарын чыгарган көкжал болгон. Шабдан менен үзөнгүлөш жүрүп, атактуу Пулатканды (Ысак молдо) Орусияга кармап берген. Шабдан менен кошо Скобелевдин армиясынын курамында болуп, Алайды Орусияга каратканга катышкан. Сөөгү Бейшекенин оозундагы көрүстөнгө, Жантайдын мүрзөсүнүн жанына коюлган. Баяке Тилекматтын уулу Чыныбай баатырдын замандашы. Тилекмат менен Баякенин өмүр жолдорунун аралыгы ашып кетсе 25 — 30 жыл.

Айлакер Тилекмат Бирназардын тондуу уулдарынан ар жерде төмөн салмактанаарын сезип, «тонсуз», «кул» деген аттан кутулууга умтулат. Аны үчүн ал тондуу уулдар таппаган акылды таап, тондуу уулдар иштей албаган иштерди аткарууга жанын үрөйт. Сезимтал Тилекмат Тезек төрөнүн саясатын ийне-жибине чейин түшүнөт. Боромбай менен Мураталынын жалтаңдап коркушканын да билет. Өзүнүн кезеги келгенин сезип, бугу менен Тезек төрөнүн ортосундагы элчиликти жүргүзөт. Санжырада ал «элчи Тилекмат» аталып калат. Өзүнүн зоболосунун бийиктешине Тезек төрө себепкер болооруна көзү жетип, аны менен тыкыс жакындашат, Тезектин көөнүнө жагат. Ал Тезек төрөгө тез-тез жолугуп, андан куру кол кайтпай, таңгак-таңгак килем, куржун-куржун өрүк-мейиз, ондогон күлүктөрдү алып келип, Төрөдөн белек деп Боромбайга, Мураталыга, Боромбайдын аталаш иниси Зарыпбекке, кыдык тукуму Самсалыга, арык тукуму Токсобага, Шералынын Качыбегине тартуулап турат.

Бугунун билермандарын акырындык менен Тезек төрөгө милдеттүүдөй абалга жеткирет. Аларды макулдатып, Тезекке бугунун алдаяр уруусунан Төрөтай деген кызды токолдукка алып берет. Бул жерде уламада айтылган бир кызык бар. Төрөтайды жөнөтөөрдө ал жеңелерине кыз болбой, ал белгисинин тешилип калгандыгын айтат. Чоңдорго бул сөз жеткенде, алардын ындыны өчө түшөт. Амалды дагы эле Тилекмат табат. Кыздыкын жибек жип менен жыртылай тиктирип, «шейшеби сөзсүз кызарат, коркпогула» деп чоңдорду сооротот. Бул боюнча атактуу Арстанбектин ырдаганы:

www.bizdin.kg

Замандан заман күн келсе,
Кимге бербейт кезекти,
Айлабыздын жогунан
Алдаярдан кыз берип,
Жезде кылдык Тезекти.

Тезек төрө көмүскө жол менен Боромбай менен Мураталыга: «Элиңерде Тилекматтан мыкты жигитиңер жок. Ал абдан акылман адам. Тилекмат аман болсо, анын акылына көнсөңөр, силер мүлдө кыргызды билесиңер. Бугунун намысына канын, жанын аябай туруп берүүчү жигит. Ал мага абдан жакты. Мен да анын акылы менен болоюн деп чечтим. Анын акылы менен болсок жеңиш бизде» деп аларды ынандыра баштайт. Арык, белек тукумдарында Тилекматтын аброю көкөлөгөндөн көкөлөйт. Бирок кыдыктын ошол кездеги чоң манабы Самсалы Тилекматтын куйткулугун байкап, ага көзү тескери болот. Муну сезген Тилекмат кыдыктарды белектерге жаман көрсөткөнгө жетишкен. Кыдык, белек бир атанын — Асанмырзанын — балдары болушса да, акырындык менен ымалалары ажырайт. Кийин Ормондун кунун кууган сарыбагыш-бугунун согушунда Төрөгелди баатыр кыдык, бапа, желдеңдерди чапканда, белек, арык тукумдары жардамга келбей коёт. Өзгөчө кыргынга кыдыктар дуушар болот. Самсалы абдан бай болгон. Ал мал-мүлкүн таштап, араң качып кутулат. Төрөгелди баатыр кыдыктардан 600 кишини өлтүрүп, 3000 кишини туткундап алат. Ошол кайгылуу согушта акын Арстанбек Төрөгелдиге кайрылып ырдаганы:

Жыгач болсо чабылар,
Кийиз болсо жабылаар,
Тирүү жүргөн кишилер,
Көп дүйнөгө кабылаар,
Бугуну дагы үч чапсаң да,
Эсенгулдун эр Ормон
Элине-кайдан табылаар.

Бул ырды угуп Төрөгелди баатыр Арстанбекке эки жүз кыдыкты туткундан бошотуп берген.

Тилекмат бугулардын мыктыларына: «Мен Тезек төрөнү биздин тордон чыккыс кылып бекемдедим. Ал ар дайым биз жакта болот. Орусияга букара болушубузга чоң көмөк болот. Алар орустар менен бир болуп калышкан. Күч оруста. Бир тууган жээни Чокан Орусиянын Ордо шаарын-

www.bizdin.kg

да, орустун падышасына таанымал, сөзү өтүмдүү, баркы бийик. Тезек төрө аркылуу Ак падышанын карамагына өтөбүз. Келечек бугунуку. Ормонду жок кылгандан коркпойлу. Ормон өлсө сарыбагыштан солто, саяк, черик, саруу, кушчу баары кетет. Алар гана эмес Карабектин Жантайы да кымыңдап сүйүнөт. Жалгыз Төрөгелди бизди чаап алабы? Бизге орустардын аскерлери, Тезек төрөнүн жоокерлери болушат. Ормон өлсө сарыбагыштар бизди эмес, биз аларды көлдөн кууп чыгабыз. Бугу байбиченин тукумдарынын айдыңы чыгып, зоболосу көтөрүлөт. Бугудан кыргызга хан болот. Ак сөөк хандын тукумдары болуп алабыз» деп буларга Тезек төрөнүн саясатын жүргүзгөн. Өзү Тезек төрө аркылуу барк, баасын көтөрүп, бугулардын биринчи мыкчегерлеринен болуп калган. Тилекматтын кеңеши менен Тезек төрө бугулардын мыктыларын тез-тез мейманга чакыруусун уланта берет. Албан, субан казактары малга абдан бай болушкан. Тезек төрө конокторуна, «баурдастарым» деп көшүлгөн жорголорду, калбыр өпкө, жез канат күлүктөрдү мингизип турган. Буга мыктылар ыраазы болушуп, Тезек төрөнүн сөздөрүнө муюп, анын каалагандары аткарылып калат. Тилекмат жалаң эле бугунун мыктыларын чүлүктөгөнгө токтолуп калбай, эшик ырчыларды, сөзмөр адамдарды жалдап, алдап, Ормон хандын оюу бузук, бугулардын жерлерине көз артып калды. Бугуларды көлдөн сүрүп чыгууга камынып жатат. Ормон барда элдин башына караңгы түн түшчүдөй болуп турат. Кудай бизди Ормондон куткарар күндү берер бекен дедиртип эл чогулган жерлерге ырдатып, жөө жомоктотуп апыртып айттырып, элдин калың катмарына Ормонду зулум, кара ниет кылып көрсөттүрүп, аны жек көргөзө берген. Үгүт деген кыйын нерсе. Ормонду, анын өңүн көрмөк турсун, атыи укпаган көрпенделер бирин-бири туурап, Ормонду жети баштуу желмогуздай жек көрүшүп, биздин жерлерибизди басып алганы жатат деп жамандай беришкен. Бир кызык нерсе, ал жактын эли бүгүн да ошол сөздөрдү айтышат. Анткени биринен бирине өтүп, ата-бабага айтылып калган да. Мына ушундай шартта Ормон хан адатынча отуздай киши менен 1854-жылы көл башына барып, Каркырадагы чек кароосуз калганын көрүп, келээр күнүн айтып, мени Шатыдан күтсүн деп Боромбайга жигит чаптырат. Боромбай дагы эмне болуп кетет деп калтырап коркот. Башында Тилекмат турган жан-жөкөрлөрү Ор-

www.bizdin.kg

монду жылас кылуунун оңтоюу эми келди дешип, мурда эле чектеп жүрүшкөн жоокер жигиттерди топтошуп, аларга аттардын жакшыларын мингизип, кылыч, айбалта, чокмор, найза менен куралдантышат. Ормон Каркырадан кайтып келатып Шатыга (Түп) жеткенде, бугулардын 300 — 400 атайын даярдалган жигиттери Боромбайдын улуу уулу Кылычтын кол башчылыгы менен Ормон хандын 30 — 40 кишиден турган тобуна кол салышат. Ормонду коштоп жүргөн жигиттер кашык каныбыз калгыча кармашабыз дешкенде, Ормон: «Силер качып кутулгула. Аттарыңар күлүк жеткирбес. Тигилер көп. Бөөдө зыян болуп каласыңар. Кармашкандан майнап чыкпайт. Буларга мен эле керекмин. Мен калайын. Мени өлтүрө алышпас. Бейкапар жүргөн ханды кармап алып өлтүргүдөй мен аларга эмне кылыпмын. Ата салтта да бул жок. Мен кан кудам Боромбайдын айлындамын. Менден кам санабагыла. Булардын, балким, таарынычтары бардыр, угайын»,— деп коштоп жүргөн жигиттерин качырып жиберип, жанына атчысы жана Көрөгөч деген тамакчысын калтырып, өзү аттан түшүп, дөңгө барып олтурган. Кылыч качкандарды кубалабай, жоокерлери менен Ормонду тегеректеп, өзү аттан ыргып түшүп, Ормондун намиркен өтүгүн, кымкап чепкенин, баркыт бешмантын чечип алган. Алдаяр тукумунан Нышандын уулу Мырза, ханды камчы менен салып жибергенде, Ормондун чекеси айрылып кеткен.

«Силердин оюңар жаман экен. Мени Өмүрзактыкына жеткиргиле. Ормон колго түштү деп Боромбайга айтып койгула», — деп башка үндөбөгөн. Кылыч Ормонду жигиттерине тапшырып коюп, сызган бойдон атасына кабарлоого жөнөгөн. Боромбай, Мураталы, Токсоба, Тилекмат, Алыбек жана башка бугулардын мыктылары чогулушуп, Жыргалаңдын боюнда кабар күтүп турушкан. Ормонду Өмүрзактыкына алып келгенде үйдө Ормондун Кызы Кулан гана болгон. Өмүрзак да жогорку топто кеңештин үстүндө болчу. Ормонду алып келген жигиттердин үч-төртөө Ормонду кайтарып калышып, калгандары кетип калышкан. Атчысы менен Көрөгөчтүн колу-бутун байлап, кермеге таңып таш-ташкан. Кеч бешимде бир киши үйгө келип, кайтарып турган жигиттерине көз кысып: «Мен ханга учурашып чыгайын» деп үйгө кирген. Ормон өргөдө жалгыз болчу. Кичине эс алып алайынчы дегенде Кулан атасынын башына жаздык коюп, кыйшайтып жаткырып, тамак үйгө кет-

кен. Кирген киши Ормонду өлтүрүүгө жиберилген айбан каракчы эле. Ал койнуна канжар катып алган. Канкор каракчы үйгө кирип келгенде Ормон баш көтөрөт. Жалдама канкор каракчы ай-буйга келбей ханды канжар менен уруп калат. Канжар табарсык өйдө матыра сайылат. Каракчы канжарды бурап-бурап туруп сууруп алып, ханым эми жакшы эс ал деп эшикке чыгып, атына минип сызган бойдон кетет. Ормон оор жарадар болуп, катуу кыйналат. Кан токтобой агат. Ошол айылда жашашкан Дөөлөт, Сокур, Сатыкул деген үч сарбагыш канын соруп турушат. Жылдыз толо Ормон о дүйнөгө кетет.

Ормон хандын өлүмү тарыхыбыздагы армандуу жана муңдуу өлүм, ошондой эле аны ошентип өлтүрүү жапайычылык, акылга сыйбаган айбанчылык. Ормон хан жырткыч бузукулардын тобунун чечими менен зөөкүрлүк менен өлтүрүлгөн. Бул өлүм тарыхыбыздын айбанчылыгыбызды көрсөткөн кара барагы. Бузукулар тобу сүйлөшкөндө Мураталы менен Боромбай Ормонду өлтүргөндөн кылчакташкан. Тилекмат, Токсоба өлтүрүүнү талап кылышкан. Өлтүрбөсөк өзүбүз өлөбүз деп өзгөчө Кетирекейдин Алыбеги тигилерди намыстандырган.

Бугулар ошол эле түнү ал жерден качып жөнөшкөн. Бул бузукулардын жашыруун ыймансыздык иш кылгандарыпын дагы бир далили. Тилекмат ошол эле түнү Тезек төрөнү сүйүнчүлөп чабарман жөнөтөт. Ормондун сөөгүн кара буурага жүктөп алып, Кулан Байсоорунга алып жөнөйт. Кулан менен кошо байлоодогу атчы менен тамакчы Көрөгөч, ошол жерде жашаган сарбагыштын Токо бутагына кирген абыла уругунан Дөөлөт, анан моңолдор Сулайман сөөктү узатып келишет. Сөөктү алып келгенден кийин Кулан атасынын жаны чыгаар алдындагы керээзин элине жеткирген. Ормон хандын өлөөр алдындагы керээзи:

1. «Төрөгелди Кокондон эсен-соо келсе, Көлдү үч айлансын.

Ормон хан Алай, Кара-Кулжа, Арстанбаб, Аксы жактагы адигине кыргыздары менен байланыш түзгүсү келген. Ал жактагылар да Ормондун кыймылын байкап турган. Эки жак тең биригүүгө ынтызар эле. Ошол иштер менен ал Төрөгелдини Алымбек даткага жиберген. Бирок Кокон хандыгы муну билип калып, Төрөгелдини жолдон Алымбекке жеткирбей кармап, зынданга салган. Ормон өлгөндө ал Кокондо ордо жаткан.

www.bizdin.kg

Ошондуктан Кулан:

Окемди Бокем сойгондо
Төкөм төмөнкү Кокон коргондо
Ажалдан калмак атакем
Жанында Төкөм болгондо,

— деп кошкон. Ормон хан өлтүрүлгөндө анын уулу Үмөтаалы Нарын жакта болучу. Бугу менен сарбагыштын ортосунда чатак болоору Ормондун тегерегиндегилердин түшүнө да кирген эмес.

2. «Адыл мырзаны көздөсүн».

Мырзаны бөлүп айтканына караганда, Ормонго канжар урган ошол алдаяр тукуму Нышандын уулу Мырза болуп жүрбөсүн деп да ойлойсуң.

3. «Бир кылжырбыз — ынтымакташалы, десе каршы болбогула. Мен кайра тирилбейм. Пенделер акыры өлүшөт. Элде бейпилдик болсун. Жарашалы деген тыянакка келишсеңер, элчиликти Шамен башкарсын». Шаман бий ошондо 18 — 20 дагы жигит экен.

4. «Жантайга кеңеш салбай эле койгула. Баарын бузуп таштоосу ыктымал».

5. «Кулан балам: «таш түшкөн жеринде оор» агаларың намызданып бербейбиз десе көнбө.

Ошентип кыргызды өзүнчө, ордолуу журт кылам деп дилгирген кыргыздын кыраакы ханы Ормон карасанатайлык менен ээрчиме бузукулардан 1854-жылы 64 жашка барганда өлтүрүлгөн. Узун ээк Алыкенин (Алыке Молдонун) жазганы кыскача ушундай. Хандын тезек төрөнүн тукуругу менен айдатма бузукулар тарабынан өлтүрүлгөнү тарыхый чындык. Сөөгү Чоң-Өрүктү менен Байсоорундун ортосунда коюлган. Аны билген азыр киши жок. Күмбөз салынган эмес. Анткени Ормондун өлгөнүнө бир жыл айлана электе бугу менен сарбагыштын жапайычылык согушу башталат. Эми Ормон ханды ким өлтүргөн кеп ушунда. Ушул чоң табышмак. Мен уккан Узун ээк Алыкенин кол жазмасында ал канкордун аты айтылбайт. Элде бүгүнкү күнгө чейин Ормонду өлтүргөн Балбай болуп жүрөт. Буга жүйөөлүү далилдер жок. Бирок тарыхчыларыбыз да ушул негизсиз версияны бекем кармап алышты. Мен көл башында он жыл иштедим. Балбай жөнүндө көп карыялардан баяндарды уктум. Ошолордун сөздөрүнүн логикасынан, кээ бир тарыхый болгон окуялардын негизинде Балбайдын

Ормон ханды мыкаачылык менен өлтүргөнүнө ишенүү өтө кыйын. Тарыхчылардын бир даары Ормонду Балбай аткарып жатып, колтукка сайып өлтүргөн деп жазышат. Экинчилери учурашам деп барып, табарсыкка сайып өлтүргөн дешет. Экөөндө тең айбанчалык мыкаачылык бар. Балбайдын мындай ишке барганына ынанбайм. Буга төмөнкүдөй жүйөөлөрүм бар:

1. Атасы өлтүрүлгөндө Кулан чыгаан кошокчу —акын экени билинген. Ормондун Сейилкан деген уулу да чоң акын болгон, бирок ага Ормон «ырдаба» деп тыюу салган. Анын жамактары ырдалбай, жазылбай калган, демек тукумдарында «чымын» болгон. Кулandын акындыгы Ормон өлүп калып, кошок аркылуу билинген. Кулandын кошогунда Кулан атасынын өлүмүнө байланышкан адамдардын аттарынын баары айтылган. Аларда Балбайдын аты аталбайт. Анан кайнатасын аянбай кошкон. Эгерде Балбай кириштер болсо, аны кошпой коймок беле.

2. Ормон хандын өлүмүнүн изи суй электе Хандын кунун кууп согуш жүрүп жатканда Чокан Валиханов, Семенов-Тян-Шанскийлер Ысык-Көлдө болушуп, бул окуяларды бир топ изилдешкен. Алар Ормон ханды зулум көрсөтүшүп, бугулардан өлгөнүн далилдешет, бирок Балбай өлтүрдү деген бир сөз жок. Эгерде Балбай өлтүрсө аны жазышат эле го. Ормондун өлүмү алардын башкы темасы болгон.

3. Ормон хандын өлөөр алдындагы керээзинде Балбай сайган болсо айтат эле го. Мырзаны айтып жаткан, Жантайга наразычылыгын билдирген, жаш жигит Шаменди эстеген, канжар сайган Балбайды унутуп калмак беле. Ал Балбай баатырды жакшы таануучу.

4. Ормон хан 64 жашында өлтүрүлгөн. Балбай анда 60 жашта болучу. Муну көп булактар далилдейт. Анан пайгамбар жашын чапчып калган карыя баатыр тымызын, бычак сайып өлтүрөбү? Бул кыргыздын ата салтында жок көрүнүш. Айбанчалыш абышкалар андайга барса бараар, турмушта баары болот. Балбай баатыр андай акылы тайкы, зөөкүр адам эмес. Ал ата-салтты, үрп-адатты жакшы билген, өз абийирин бийик сактаган кыргыздын даңктуу баатыры. Анан ошол адам куру шылтоону жамынып барып, туткундалган ханга тымызын, билгизбей бычак салабы?.. Балбай жөнүндөгү мурастарга кайрылсак, ал киши андай кара, булганч иштерге барчу адам эмес. Кээ бир Балбайдын жердештери Ормонду биздин бабаларыбыз Бал-

www.bizdin.kg

бай өлтүргөн деп мактанып жүрүшөт. Ошол булганч өлүмгө мактанып, Балбайды канкор мыкаачы кылыш, ал баатырды маскаралаш эмеспи. Мыкаачы, канкор, киши өлтүргүч менен башында мээси бар адам кантип сыймыктансын. Муну байкап калган кээ бир интеллигенттери: «Жо-ок, Ормонду Балбай жекече сайышта сайып өлтүргөн» дешип суу кечпеген калптарды жайылтышты. Балбай менен Ормон эч убакта жекеме-жеке сайышкан эмес. Жекеме-жеке сайышта салгылашуулардын алдында жоолашкан жактар бетме-бет тирешип туруп, баатырларын жекече сайышка чыгарышкан. Бугу менен сарбагыш Ормон хандын убагында согушкан эмес. Согушкан күндө дагы уруулар 64 жаштагы ханын, же 60 жаштагы баатырын сайыштырабы? сайышка жаш баатырлар түшкөн. Ормон 30 жашка чейин сайышка түшүп, жеңишке ээ болгон учурлары болгон. Андан кийин сайышка түшкөн эмес. Анткени сарбагыштын башкы манабы болуп калган. Аларды эр сайышка салбайт. Ал эми хан болгондо, сайышка түшмөк түгүл Кенесары менен болгон улуу согушта жоокерлердин салгылашуусунда да катышкан эмес. Ал ордодо согуштун жалпы жүрүшүнө жетекчилик кылган. Эл дагы ханын согушка жумшабайт. Балбай баатыр да кырк жашка чейин сайышка түшүп жүргөн. Кийин түшкөн эмес. Жигиттерине сөзү, акылы менен жетекчилик кылган. Ал киши элүүдөн өткөндөн кийин оорукчал болуп калган. Анан эле алтымыш жаштагы Балбай, алтымыш төрт жаштагы, болгондо да, кыргыздын ханы менен сайышып өлтүрүп таштайбы. Кудайды карап урууучулуктун уусуна чыланышсачы.

5. Балбай баатыр өмүрүндө бир нече жолу душмандын колуна түшүп, туткун болгон. Кочкор, Жумгалдагы курманкожо, кулжыгач саяктарына барып, жылкы тийип, колго түшүп калат. Ошондо анын бир кулагын бир өлөсөлү эле кемпир шыпыра кесип таштаган. Ошондо «колго түшкөн түйгүндүн көзүн, таранчы эле чокуп коёт турбайбы» деп арман кылып ырдаган, өзү жамактап ыр чыгарган да адам болгон. Анан туткундалган 64 жаштагы карыя ханды тымызын, байкатпай өлтүрүп коёбу.

6. Белек тукумдарын он ата белек дешет. Анткени Белектин эки аялынан он бала болгон. Биринчи аялынын аты Жеке, аны Салмаке деп да аташат. Андан төрт бала: Тогузбай, Элчибий, Кожом, Шүкүр. Бир аялынын аты

Жаркын, андан алты бала: Токой, Токоч, Толубай, Саты, Алдаяр, Алдаш (Андаш). «Алдаяр атын мактайт, Андаш катынын мактайт» деген лакап ошолордун жоруктарынан чыккан. Алдаштан Бирназар, Меңмурат. Боромбай — Меңмурат, Мураталы — Бирназар. Ормон хандын тушунда белекти ошолор бийлеген. Алардын таасири бугунун башка бутактарына: арык тукуму, кыдык, бапа, желдеңдерге чоң болчу. Балбай Токой уулунан. Токой уулу бийликке кире алышпаган. Балбай баатыр жаш кезинен эле каратаман элге жакын болуп, алардын кызыкчылыгын көздөгөн жигит болуп чыгат. Адатта андайлар манаптарга жакпайт эмеспи. Ал Боромбай, Мураталылардын кылык-жоруктарын жактыруучу эмес. Аларга каршы болгон. Алар да Балбайды бийлик жактан четтетип келишкен. Бирок белектерге кыйынчылык келгенде Балбай баатыр тууган ичиндеги таарынычтарын унутуп, жалпы белектин намысын коргогон. Адилет баатыр болгон. Мураталы, Боромбай, Зарыпбектер Балбайдын кедей-кембагалдардын арасында баркы бийиктегенине ичтери тарыган. Балбайды кийин орустарга Боромбайдын агасынын баласы Зарыпбек менен өзүнүн баласы Өмүрзак жамандап карматып беришкен. Балбай алардын жаман оюн билип, Текеске көчүп баратканда Өмүрзактын жигиттери орус аскелерине жол көрсөтүп олтуруп кууп жеткиртken. Мына ушундай себептерден Боромбай менен Мураталынын, же «кул» Тилекматтын, же «качкын» Алыбектердин тукурууларына алданып, жүзү кара жаналгыч болуп калабы.

7. «Ормон» хан Балбайды орго салган. Ага Балбай кекенип жүргөн. Ормон колго түшкөндө «Кудай эми берди» деп Боромбайга кеңешпей келип, аткарып жатып найза урган» деген сөз да бар. Санжыра-тарыхты териштирип олтурсаң Ормон хан Балбай баатырды жактырып, аны жогору баалаган экен. Байсоорундагы бир чоң жыйында Ормон хан: «Кудай Талаам мени ага-иниден кем кылган жок. «Ниязбектин сегиз бек, телегейи тегиз бек» делинип, бир туугандарым сегиз жерди бийлеп турат. Ошондой болсо да Ажыбек агам, Балбай иним болуп калышса гана» деген. Ажыбек черик уруусунун баатыры Ормондон алты жаш улуу экен, Балбай баатыр бугу-белектен чыккан. Ормондон үч жаш кичүү болгон. Балбай баатырдын орго салынганы мындай. Ал жылкы тийгени барып, курманкожо, кулжыгач саяктардын колуна түшүп, туткун болуп

www.bizdin.kg

калат. Саяктар: «кудай берди, бугудан 100 тогуз алабыз» дешип кудуңдап сүйүнүшөт. Алар Балбай баатырды туткунда сегиз ай кармашат. Бугулардан кабар жок. Муну сурап келген киши жок, теги жок неме көрүнбөйбү өлтүрүп салалы дешет. Ормон хандын уруксаты жок аны өлтүрүшсө, өздөрү кун төлөп калаарын алар билишкен. Себеби Ормон хан өзүнөн уруксатсыз киши өлтүрүлсө катуу жазалаган. Бул боюнча көп жарлыктарды жарыялаган. Өлүм жазасына тартууну Ормон хан гана чечкен. Саяктар Ормон ханга келишип, «Балбайды бир жылга жакын багып жатабыз. бугулар аны сурап коюшкан жок. Өзүңүз билесиз, ал бизге көп катылган. Көп жолу жылкыбызды чапкан. Аны мерт кылып коёлу деп сизден макулдук сурап келдик» дешкенде Ормон хан: «Аны мага алып келгиле. Мен өзүм жазалайын» деген. Саяктар хан дарга асмай болду бул чунакты, дешип Ормонго алып келет. Ормон хан баатырды орго салат. Саяктар анын өлүмүн күтүшкөн. Балбай ордо бир жыл жатат. Балбайды жазалабай коюуга мүмкүн эмес болучу. Анда саяктардан Ормон хан чыгып калмак. Түндүк кыргыз урууларында саяктар күчтүү уруулардын бири болгон. Ал заманда бул уруудан Качыке бий, Медет датка, Чыны бий деген билермандары мүлдө кыргызга барктуу болушкан. XVIII кылымдагы калмак, казактар менен чабышууларда жалпы кыргызга саяк Садыр бий жетекчилик кылган. Садыр баатырга Эсенгул бий, Жайыл бий, Атаке бийлер баш ийген. Садыр бий жоодон өлгөндөн кийин гана кыргыздардагы бийлик Эсенгулга тийген. Садыр бийдин убагында Эсенгул бий экинчи баатыр болучу. Саяктар менен мамилесин Ормон хан бузгусу келген эмес. Балбай ордо жатып, оорукчал болуп калганда Ормон өзү Бирназар бийдин тукумдарынан болгон Сырдыбайга киши чаптырып, «эптеп ырымы кылып, Балбайды алып кеткиле» деп кабардаган. Сырдыбайдын тукумдары азыр Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн Ак Кочкор деген айлында турушат, 70 — 80 түтүн эл. Сырдыбай: «өзүм барсам Мураталы, Боромбайларга жек көрүндү болом» деп сүйлөшүп жатып, кыдык уруусунан Чыңгыш деген кишини жиберген. Бул жөнүндө белек Солтоноевдин жазганы: «Акыры Ормонго кыдык уругу бугунун ичиндеги бир тамыры, Чыңгыш күлүк кара ат жетелеп келгенде, Ормон Балбайды чыгармакчы болуп, андан: «Чунагым, атка чапсаң, ченеп чабарсың, эми тынч жүрөсүңбү?» — дегенде, Балбай: «Эл тынч жүрсө мен тынч

www.bizdin.kg

жүрөмүн, эгерде эл тынч жүрбөсө, алдын торой чаап жүрөрмүн», — деген. Ормон бир сыйра кийимнн берип, жөнөтүи жиберген» («Кызыл кыргыз тарыхы» 1 китеп, 199-бет).

Бир жыл ордо жатыш оной эмес. Балбайдын Ормонго, балким ичи сууп калгандыр. Ошондой болсо да Балбай Ормон ханды ууру иттей тымызын келип өлтүргөнгө бара турган киши эмес. Ал калмактар, казактар, кыргыз уруулары менен болгон кагылыштарга көп катышкан. Ошол салгылашууларда: «Жашырынып келишкен чөөлөр камалып калган арстанды жеп коюшат. Эр жигит болсоңор ачыкка чыгып кармашалы» деп өзү боз айгырды кээде жайдак, кээде ээр токумчан минип, жоого ачыкка чыгып кармашкан.

Ошондуктан колго түшүп, туткун болуп, жалгыз калган Ормонду булганыч жол менен өлтүрүүгө Балбай баатырдын колу барбайт эле. Бул менин оюм. Балким бул туура эмес дегендер болоор. Тарыхчылар дагы тактап көрүшсө. Мен Балбай баатырдын Бруттай жүзү кара болуп калышын каалабайм. (Брут Рим империясынын императору, дүйнөлүк тарыхтагы полководецтердин бири Юлий Цезарды сенатка келатканда капысынан канжар салып өлтүргөн шүмшүк). Брут мына эки миң жылдан ашуун жүзүкаралыкгын үлгүсү болуп тарыхта, саясий жана көркөм адабиятта жазылып келе жатпайбы. Балбай, менимче, Брут эмес.

# САДЫК СУЛТАНДЫН САРЫ ӨЗӨН ЧҮЙГӨ КЕЛИШИ

**Мырзабек Касымалиев**
**Журналист**

1847-жылы кеч күздө Аблай хандын небереси Кене хан кайтыш болгондо уулу Садык он жашта эле. Атадан эрте жетим калган Садык Кенесары жердеген Чу жана Каратоодо өсүп, кийинчерээк Түркстан калаасына көчүп барган. Калаадагы айыл молдосунан арабча окуган, бала күнүнөн тартып мылтык атып, жаа тартканга үйрөнүп, согуш ишине машыккан. Жыйырма жашынан баштап саясый иштерге аралаша баштаган.

Садык султан 19-кылымдын алтымышынчы, жетимишинчи жылдары Россия империясынын колониялык баскынчы генералдары Колпаковский, Черняев жана Кауфмандын Жетису менен Орто-Азия жерин басып алуу саясатыиа каршы чыккан казак, кыргыз, өзбек, түркмөн элдеринин улуттук козголоңдорун жетектеген. Ал Узунагач, Сөөк, Чимкент, Ташкент, Жизак, Букара, Шардара, Казалы, Самарканд, Ургенч шаарларындагы азаттык согуштарында бир нече ирет жеңиштерге жетишкен.

Бирок орус аскерлерииин техникалык куралдуу күчтөрү артыкчылык кылгандыктан түрк элдеринин көтөрүшчүлөрү улам жеңилишке учурап олтурган.

Жогорудагы аталган согуштарга катышкан орус офицерлеринин жазгандарына караганда, Садык Кенесары уулу, согуш өнөрүн жакшы өздөштүргөн, айлакер, сөзгө чечен адам болгон. Анын аты казак тарыхында өтө жогору бааланат.

Алдын ала өз ара макулдашылгандан кийин казактар тогуз бээ, кырк чаар байтал, бир сулуу кыз тартуулап, 1884-жылдын күз айларында Тынайдын манабы Сооронбай Кудаяр уулунун айылына келген. Көптөгөн боз үйлөр тигилип, салт боюнча кыргыз-казак акындары ыр менен тосуп алышкан.

1770-жылы башталган Көкжал Барактын, 1775-жылкы Аблай хандын согушун, Кене хандын эки жолку жортуулун, кээде жарашып, кээде урушуп келген тээ алмуздактан берки киндиктеш эки бир тууган элдин көргөн азап-тозогун миңдеген эр азаматтардын кыргынга учураганын айтып келишип, аягында гана сөздөрү оңолгон.

www.bizdin.kg

Омбудагы орустун губернаторуна кыргыздын элчиси катары бир пече жолу барган, казак-кыргыздын ачуу-тат-хуу күндөрүндө жалтанбай аралай чаап, жүйөөлүү сөздөрүн тартынбай сүйлөгөндүгү менен эки элге тең бирдей барк-туу болгон, ары жашы жагынан улуу Калыгул өзүнүн калыс таамай айткан сөздөрү менен отуруштун данакери болуп турган. Кубат уулу Калыгул сөзгө чечен, улгайса да акылы тунук, токтоо, кайраттуу киши болгон. Ал кылым карытып барып, 1899-жылы Шамшы өзөнүнүн боюнда кай-тыш болгон.

Садык султан: «Калакемден кийин айтар сөз калбады, түгөлдөп айтты гой энди. Мен сиздерге чабышканы келге-ним жок, табышканы келдим, силер менин туушканымсы-ңар, жан ачуу мезгилинде акемди өлтүрдүңөр деп күнөө коёр акым жок. Жалгыз тилегим бар, арбак ыраазы болбо-со, урпактарына жакшылык жок, атамдын сөөгүн бериңиз-дер, алпарып ата-бабаларына кошоюн, алтын шакегин бер-гиле колума салайын, сарыкашка ээр токумун бергиле, ас-тыма минейин, болгон буюм-терими ушул эмеспи» деди.

Садык Султандын жүйөөлүү сөзүнө ыраазы болгон, ансыз дагы чабыштан тажап, ынтымакта бололу деген Тынайдын билермандары акылдашып туруп, алтын шаке-ги менен ээр токумун карматышып, хандын башы жок сөөгүн беришкенден айбыгышып, коюлган жери Шамшы менен Кызылсуунун ортосунда жайгашкан Онбиржылгада экен, көмгөн киши өлүп калып таппай койдук деген шыл-тоону айтышкан.

«Кыргыз агайын-туугандар, экинчи өтүнүчүбүз, эки-үч жылдан бери Балкаш чөлкөмүндө өтө катуу кургакчылык болуп, эгин алалбай, малыбыз кырылып, элибиз катуу ачарчылыкка дуушар болууда, убактылуу болсо дагы Чүй суусунун түндүк тарабын берип туруңуздар «Кенже ты-най» бололу» деп макулдаттырып, Сооронбай Кудаяр уулу-нун мөөрүн бастырып алган.

Аттигиңай, деп Садык төө тери менен каптаган сары-кашка ээрдин көпчүгүн канжар менен жара тилгенде ичи-нен жалтылдаган кызыл куйма алтындар чубуруп түшкөн.

«Атамды өлтүргөндү билсеңер дагы, алтынын алганын билбептирсиңер, эчтеме эмес, осы дагы буюрган насип гой» деп калтасына салып алган.

Кезинде Ормон хан казактын көп жылдык тынымсыз чабуулунан толук кутулгандан кийин чек арасын кеңейтүү

максатында 1850-51-жылдары кар басып калган кыштын кыраан чилдесинде жылуу күңгөйгө, жайкысын Каркырага конгон 600 түтүн элин Ысык-Көлдүн «Челек» ашуусу менен Иле багытына түшүргөн. Казактар Ормонду хан катары ызааттап көчүрүп алышып, өрлүккө тогуздап бээ, согумуна короологон кой берип турган. Ормон хан көчүп баргандан кийин казак-кыргыздын арасындагы уурулук, жылкы тийиш, өз ара чабыш такыр токтогон. 1854-жылы Ормон Ниязбек уулу кайтыш болгонго чейин ал жерлерди уруксатсыз эч ким жайлабай турган.

Олуя-Ата, Меркени ата-бабабыздын конушу деп эсептеген солто, саруу, кушчунун эл баштыктарына силер дагы Ормон хандын чек ара боюнча стратегиясын колдоп, Талас суусунун күн батышындагы Каратоонун этеги менен Балкашты көздөй көчкүлө дегенде, биз дагы эли-журтубуз менен акылдашалы, ай ким билет, жайкысын мээ кайнаткан чөлдүү ысыкка, кышкысын айдарым суукка элибизди кантип көндүрөөр экенбиз деп, так кесе жооп айтышкан эмес.

Ошол мезгилдеги бирден кийинки билермандары аталган Жангарач, Жантай, Ажыбек датка (уламышта Ажыбекти казактан асырап алган деген кеп бар), Боромбайлар бири казакты, бири коконду, бири өмүрү көрбөгөн Кытай менен Орусияны мактап-көздөп жатып, миңдеген жылдар бою кыргыздын тарыхый тагдырын кесип, башын бириктирбеген «уруулук» деңгээлинен чыга алышпай, ондогон кылымдарда зорго жаралган кыргыз хандыгын трагедиялуу жыйынтыкка кириптер кылышкан.

www.bizdin.kg

## МАЗМУНУ — ОГЛАВЛЕНИЕ

www.bizdin.kg

Обзор архивных и других исторических документов XIX в. по истории кыргызского народа (в эпоху Ормон хана).....................3

**УЧЕНЫЕ ОБ ОРМОН ХАНЕ И ЕГО ВРЕМЕНИ** ................................20

С. Абрамзон. У истоков манапства ...........................................20
**А. Н. Бернштам.** 06 Ормон-ханс и Иване Грозном ....................27
**Б. Джамгерчинов.** Киргизы в эпоху Ормон-хана ........................31

**АРХИВНЫЕ МАТЕРИАЛЫ ОБ ОРМОН ХАНЕ** ................................63

О тайном агенте генерал-губернатора Западной Сибири генерал-майора Гасфорда среди Дикокаменных Киргиз ...........63
**В. Мокрыннн. В. Плоских.** О провозглашении хана Кыргызов ................................................ . ....................................64
Письмо Боромбая Бекмурат уулу генерал-губернатору Западной Сибири........................................................................65
**Б. Солтоноев.** Ормон хан жаздырган «Жооп-наме» жөнүндө...65
Архивный материал № 182.........................................................66
Архивный материал № 187.........................................................67
Архивный материал № 188.............................. .........................67
Перевод с письма от Кара Кыргызского главного манапа Урмана Ниязбекова ...........................................................................68
Почтснному манапу Урману Ниязбекову от Пограничного начальника .......................................................................................69
Уведомительное письмо манапа племени сарыбагыш Джантая Карабекова генерал-губернатору Западной Сибири П. Д. Горчакову о желании принять покравительство России ............................................................................................70
Свъдешя о дикокаменных киргизахь:.........................................74
Политическое состояние орды ..................................................74
Разделеше и Уиравлегне ............................................................75
Число жителей .............................................................................75
Границы .........................................................................................75

www.bizdin.kg

Приставу при киргизах Большой орды гос. канитану Персмышльскому ........ 76
Приставу при киргизах Большой орды гос. майору Перемышльскому ........ 77
Манапу Дикокаменной Орды Урману Ниязбскову ........ 79
Г. подполковнику Пстрову ........ 80
Г. подполковнику Петрову ........ 80
Приставу ири киргизах Большой Орды г. м-ру Перемышльскому ........ 81
Начальнику нашему приставу ........ 81
Г. гснерал-губернатору Зап. Сибири ........ 82
Приставу при киргизах Большой Орды г. м-ру Перемышльскому ........ 82
Список с предписания командира отдельного сибирского корпуса начальнику Копальского военного отряда от 3 июня ........ 83
Манапу Дикокаменпой Орды Урману Ниязбекову ........ 84
Манапу дикокаменных киргиз Урману Ниязбекову ........ 85
Из прошения сарыбагышских манагюв Ормона Ниязбекова и Умсталы Ормонова Императору Николаю I ........ 85
Письмо Зап. Сибирского генсрал-губернатора Г. X. Гасфорда в азиатский депаргамент Министерства иностранных дел ........ 88
Архивный материал № 78 ........ 90
Архивный матермал № 79 ........ 91
Архивный материал № 80 ........ 92
Архивный материал № 81 ........ 94
Архивный материал № 73 ........ 96
Архивпый материал № 80 ........ 97
Из дневнйка Ч. Валиханова на Иссык-Куль в 1856 г. (№ 98)..98
Высокостепенному управителю киргиз Болыной Орды и дико каменных Богу, приставу г. подполковнику Перемышльскому наше предъявительное прошение от манапов рода Богу ........ **99**
Архивный материал № **103** ........ **101**
Архивной материал № **42** ........ **102**
П. **Г1.** Семенов-Тян-Шанский о гибели Ормон-хана ........ **104**

**СОВРЕМЕННЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ И СТАТЬИ ОБ ОРМОН ХАНЕ ........ 106**

**Д. Сапаралиев.** Мир, испытанный временем ........ **106**
**А. Беделбаев.** Ормон хан — **ез** доорунун чыгаан инсаны ........ **109**
**Ж. Токтоналиев. I.** Өткөн кылымдан кабар ........ **119**
**II.** Ормон хандын мамлскеттик ишмердиги ........ **123**

www.bizdin.kg

**Өмүрбеков.** Ормон хандын мамлекеттик ишмердиги.......... 129
(,]. Кадыров. Ормон хандын саясаты ..................................... 135
**щ, Бемшеналиев.** Ормон хан жана кыргыздын кийинки «Хандары» .......................................................................... 139
**д_ Жакшылыков.** Ормон хан жонүндө ой толгоо ................. 149
**Акматалиев.** Ормон хандын өлүмү жөнүндо Алыкеден калган оаян .......................................................................... 162
Ормон-хандын өлүмү ........................ ........ ............................185
**Касымалиев.** Садык султандын Сары Өзөн Чүйгө келиши ..........................................................................................202

www.bizdin.kg

ОРМОН ХАН В НАУЧНЫХ ТРУДАХ
и АРХИВНЫХ МАТЕРИАЛАХ
Сборник материалов
На кыргызском и русском языках
Дополненное 2 ое переиздание
Бишкек ш., «Кыргызстан» басма үйү
ОРМОН ХАН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРДЕ
ЖАНА АРХИВДИК МАТЕРИАЛДАРДА
Түзгөн Ж. Токтоналиев
Редактору М. Төлөмүшев
Сүрөт редактору К. Коёналиев
Техникалык редактору С. Нурмиева
Корректорлору: Н. Абдиева, Э. Маматкожоева
Компьютердик калыпка салган Р. Муканбетова
ИБ № 5566
Терүүгө 25. 02. 02 берилди. Басууга 30. 09. 02 кол коюлду.
Газет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 '/32. 6,5 физ басма
табак. 10,92 шарттуу басма табак. 9,7 учёттук басма табак.
Заказ № 1533. Нускасы 500. Келишим баада сатылат.
«Акыл» акционердик коому — «Кыргызстан» басма үйү,
720361, ГСП, Бишкек ш., Совет көчөсү, 170.